Скырг
Т 87



Мураталы Турдубаев

# ЧЕРТИЛБЕЙ КАЛГАН КОМУЗ

аб.
С кырг
Т 87

Мураталы Турдубаев

# ЧЕРТИЛБЕЙ КАЛГАН КОМУЗ

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487885

Бишкек – 2024

УДК 821.512.154–3
ББК 84 (5Кир)–44
Т 87

*Китептин демөөрчүсү коомдук ишмер Жогорку Кенештин депутаты, соопчулуктун сап башында жүргөн жердешибиз Данияр Төлөнов.*

**Турдубаев, Мураталы**
Т87 Чертилбей калган комуз. – Б., Кырсекон, 2024. – 200 б.

ISBN 978—9967—9571—5—2

Китепке жазуучу, журналист Мураталы Турдубаевдин мурда жарыяланбаган аңгеме, ырлары, "Уламышка айланган чындык" аттуу баяндары жана "Ала дөбөттүн сүйүүсү" аттуу романдан үзүндү кирди.

УДК 821.512.154–3
ББК 84 (5Кир)–44

ISBN 978—9967—9571—5—2 © Турдубаев М., 2024



Бүгүн бай кедейди тааныбай турган оош-кыйыш заманда Кара-Суудан чыккан чыгаан депутат иним Данияр Төлөнов китебиме жакындан жардам колун сунуп демөөрчүлүк кылгандыгы үчүн терең ыраазычылык билдирем.



Албетте иним Осмон Сурапбаев бийдин кошкон салымын да айта кетишим керек. Эки инилериме Алла Таалам ден соолук берип, балдарынын урмат-сыйын көрсүн. Тилеген ой максаттарына жеткирсин.

## ЭҢ ЗОР СҮЙҮҮ МЕКЕНИҢ

Жаш кезимден намысымды сатпадым,
Жаңылдым деп арам жерди баспадым.
Жардылансам жардыландым а бирок,
Жашабадым кулу болуп акчанын.

Кыйынмын деп төш какпадым дегеле,
Калсам калдым турмушумда жемеге.
Күлчү кезде күлө албадым а бирок,
Күнкор болуп мөгдөбөдүм эч кимге.

Аздектелип берилген бул аймандай,
Айтчу сөзүм айтып келдим тайманбай.
Аруулукту ким кирдетсе а бирок,
Ачып кетчү мүнөзүм бар айрандай.

Күнду күндөп эмгек өтөп бериле,
Ыр сап издеп, жата албадым серүүгө.
Какайганга какайсам да а бирок,
Кулдук уруп келем дайым элиме.

Эл аралап көрдүм жердин эченин,
Элиме деп жакшы ыр издеп келемин.
Элиң үчүн эч нерсеге алмашкыс,
Эң зор сүйүү кыргыз Ата-Мекениң!

## МЕНИН ЖЕРИМ

Шыңгыр-шыңгыр булак ойноп музыка,
Кулагым да көп сүйүнөт муну укса.
Ала-Тоодон алыс кетсем аз күнгө,
Жер сагынып мен боломун көп куса.

Күнгө жакын, Айга жакын бул аймак,
Жайлоосунда күтүрөтүп жылкы айдайт.
Саба бышып, кымыз сунса жеңеси,
Ал суусундук мүрөк даам, бал каймак.

Көз алдында даркан талаа бул турган,
Дыйкан баба жери менен кулпурган.
Жерден өскөн сан байлыктын бардыгын,
Көп токойлуу кыргыз жерин бар кылган.

Менин жерим, жүрөк каным мекеним,
Билем сенин эң бир ыйык экениң.
Таза абадан акыркы дем алганча,
Бир өзүңдү медер кылып өтөмүн.

*Бишкек шаары*
*2003-ж. 7-октябрь.*





## УЛУУ ТООЛОР

Ар дайым көргүм келип тоолук калкты,
Негедир көп сагынам тоолор жакты.
Тигилип мөлтүр көздүү булагына,
Өзүңдү бийик жерден көргөн жакшы.

Тоолорго жыл айланбай келем жетип,
Тоолуктар тосуп алат урмат этип.
Төмөндөн булут көрүп каалгыган,
Каламын өзүмдү өзүм бийик сезип.

Тоолуктар эмгегинен көгөрүшкөн,
Тоолуктар зор бакытка бөлөнүшкөн.
Бүркүттөй бийиктикте өмүр сүрөт,
Анткени бийик жерде төрөлүшкөн.

Тоолордун мээримине бөлөнгөнмүн,
Жыгылсам тоолорума жөлөнгөмүн.
Жетсем дейм бийиктикке ошондуктан,
Себеби мен тоолук болуп төрөлгөмүн.

## АЙЛЫМДЫ САГЫНДЫМ

Көөдөндөгү сагынычта өлчөм жок,
Жыл өткөрбөй айлыма келем көп.
Калаа жактан талаа жакка аттандым,
Туулган жер, айлымды көрсөм деп.

Кандай ысык өскөн жердин көк бели,
Ортолуктан жатса дагы четтеги.
Бир жыл болду бүтүргөмүн мектепти,
Бир жыл толду студент болуп кеткеним.

Жол үстүндө ар нерсени ойлонуп,
Балалыгым эске түштү толгонуп.
Кирип бардым канат каккан айлыма,
Кубанычтын жылуу илеби бойду алып.

Мезгилсиз күн калды артта келдим мен,
Күтө-күтө көз талдырып эриккен.
Кучак жайып тосуп алды эшиктен,
Келдиңби деп суу тегеретип башымдан.

Көп өзгөрүү болгон экен,
Көз салсам маңдайдагы айылга.
Мен кетерде кичинекей күчүгүм,
Айланыптыр бүгүн көрсөм көкжалга.

## АТА-ЭНЕНИ СЫЙЛАЙЛЫ

Аталар аска тоо кебелбеген,
Апалар чексиз мухит түбү терең.
Кылымда ата-энедей кымбат жан жок,
Кызматы алтын менен ченелбеген.

Улуттук наркыбызды тебелеген,
Энесин эне ордуна теңебеген.





Кээ бир жаштар көчө таптап тайрандашып,
Ата-энеден акча сурап келе деген.

Баарынан эне ыйык, эне кымбат,
Парзыбыз кызматына тике турмак.
Өлгөндө өкүргөндө эмне пайда
Көзү барда жүрөлү терең сыйлап.

## АТА-ЭНЕМ МЕНИН ЖҮРӨГҮМ

Ата-энем менин тирегим,
Алар деп согот жүрөгүм.
Ардактап карап бапестеп,
Бактылуу болуп жүрөмүн.

Эң кымбат менин сүйөрүм,
Ата-энем мага күйөөрүм.
Эч качан издеп табылбас,
Аска зоо, мөңгү мүрөгүм.

Кубансам кубат берерим,
Кирпигим карап сезерим.
Айланып кетем атыңдан,
Таянар тоом, медерим.

Талпынсам бийик учарым,
Талбастан жайып кучагын.
Таркабайт бир аз көрбөсөм,
Ата-энем менин тумарым.

## КЕЧИР АПА!

Кечир мени, апакебай кечирчи,
Жаштык кылып, уулуң күнөө кетирди.
Сот залында ыйлап турдуң буркурап,
Угуп алып мага берген өкүмдү.

Кечир мени, апакебай суранам,
Он беш жылга узап барат бир балаң.
Актабаган ак сүтүңдү апаке,
Акылы жок менде күнөө, мен жаман.

Кечир мени, апакебай ыйлаба,
Мени эстеп, жан дүйнөңдү кыйнаба.
Унут апа, унут мендей уулуңду,
Эми мени көралбайсың кыйлага.

Кечир мени апакебай сагынба,
Чөмүлбөчү оттой ысык жалынга.
Суранамын, жаратканга жалынып,
Кайтсам деймин Апам тирүү барында.





## ЖАШТЫК

Жадырап көңүлдөр гүлдөгөн,
Жаштык сен – өмүрдүн жазысың.
Адамдын кумары эч канбас,
Оо, жаштык – сулуунун назысың.

Бир арман, кош айтпай акырын,
Барасың колумдан суурулуп.
Кайра сен келбейсиң! Ойлосом,
Кичирем, заманам куурулуп.

Деңиздей толкунуң бөксөрбөй,
Неге сен түбөлүк турбайсың?
Дайрадай тоолордон агылган,
Кайдадыр шашылыш узайсың.

## ДОСКО

Куйтулук кылбай жүргүн,
Дос болсоң эгер эски.
Калп чыккан кыт-кыт күлкүң,
Жаныма тийип кетти...

Көзүңдөн көрүп турам,
Жек көрүүңдү.
Сөзүңдөн сезип турам,
Достуктан өчкөнүңдү.
Жакшы ырым окуп алып,
Өңүң не өзгөрүлдү?

Мен баарын билип турам,
Канчалык кууланбагын –
Сезилет сөзүң улам,
Ачуурак уудан дагын.

Жооп бер тике карап, кана сүйлө!
Моцартты издеп жүргөн бул дүйнөдө
Сен кокус Сальери болуп жүрбө?!

## КЫШКЫ АЙ

Нур колдорун сунуп алып адаттан,
Тоону-түздү улам көрүп кармалап.
Жаш баладай түн ичинде адашкан,
Булуттардын арасында Ай барат.

Кепшеп жатат сары ала уй чоң курсак,
Ат акырдан бедени жейт күтүрөп.
Өз короосун Айдан көрүп чоочуркап,
Көктү карап улуп-уңшуп ит үрөт.

Табалбастан кирип келчү эшикти,
Терезеден ар бир үйдү Ай карайт.
Муздап калган колу менен эшикти,
Түнү бою ачалбастан кармалайт.





## КӨЗДҮҮ АДАМ КЕРЕМЕТ

Асманда күн бар дешет,
Бирок мен көрө албадым.
Ал неге окшоп кетет,
Биле албадым, биле албадым.
Күндү мен ойлоюн дейм,
Сүйгөнүм сага окшотуп.
А бирок сенин дагы,
Өңүңдү көрбөгөнмүн.

Төрөлүп бул өмүргө,
Келипмин сокур болуп.
Өтүүдө өлбөгөн күн,
Кишилер айтып калат
мага кээде кызыктуу кеп,
Көп түстүү гүлдөр бар
алар жерде.
Жайкалып өсөт деп,
Мен болсо түс нелигин
Билбейм такыр
түстөр кандай болоорун.
Же тагдыр койбойт
аны аян кылып.

Мен көрчү жалгыз түс бар
дүйнөдө азыр,
Ал түсүм караңгылык.
Укканмын жалбыракты,
Жашыл деп бирөөлөрдөн.

А жашыл кандай болот?
Адамдын жүзүн көрбөй.
Адамдар кандайсыңар?
Жашаймын дос-жар кылып
мен силерди.
Билбеймин үрөй уччу кейпиңерди,
Угамын назик үнүн сүйгөнүмдүн.
Оо, тагдыр берчи уруксат,
Көрөйүн өңүн анын.
Бир гана ирет карап!

## СОКУРДУН ЫРЫ

### (Автобиография)

Же өлбөдүм, же көрбөдүм жарыкты,
Билбей келем кимге коём айыпты.
Жаратканым эки көздү бербеген,
Пенде кылып жаратканың аныкпы.

Же күндүз, же түн экени билинбей,
Өмүр өтөт, үмүт менен теңелбей,
Баары мага бирдей болуп сезилет,
Үнүн угуп, өңүн көрүп сүйүнбөй.

Капкараңгы көрүнбөгөн айлана,
Жерди таптап басам алсыз жай гана.
Эки-үч кадам шилтеп коюп тынамын,
Көрбөй жүргөн эки көзгө арлана.





Салкын соккон жели сылап бетимден,
Мендей адам болбосо дейм өкүнгөн.
Алты саным аман болуп жаралсам,
Ойноор элем, козу-улактай секирген.

## ТҮШҮМӨ КИРЕРИҢЕ ИШЕНЕМИН

Кош болгун Ысык-Көлүм, кара көзүм,
Мен сени сүйүп калдым түбөлүккө.
Буюрса көп келермин сага өзүм,
Өз эркиң: мейли күткүн, мейли күтпө.

Мен сени эстеп эми жүрө берем,
Эстейсиңби өзүң билгин, а мен болсо
Келалбай калсам кокус жумуш менен,
Сен мага суранамын капа болбо.

Тоолоруң обочороок жерде басып,
Жетелеп чоңураагы кичирээгин.
Шарпылдап кадимкидей толкун чачып.
Түшүмө кирериңе ишенемин.

## МАХАБАТ САПТАРЫ

Эстедим айлуу түнү сени күткөн,
Кыналып чачын сылап беттен өпкөм.
Жымындап бакыт каалайм деген өндүү,
Жылдыздар көз ымдашкан бизге көктөн.

* * *

Сен мага сүйлөгөндө күлүп сүйлө,
Кыялданып караганда күлүмсүрө.
Тереңдеп акыл тунуп, ойлор уюп,
Куштармын ошол сенин күлүшүңө,

Өзүмдү мен сага билдире алсам,
Өзөктөн от тутантып сүйдүрө алсам.
Ошол бир жылмаюуңду эске сактап,
Өзүңдү өмүр бою күлдүрө алсам.

* * *

Сүйүүнү таттуу дешет балы барбы,
Сүйүүнү күчтүү дешет алы барбы.
Эгер мен сүйүүдөн жабыркасам,
Жүрөктү айыктырар табы барбы.

* * *

Алгачкы тун сүйүүсүн унута албай,
Бак ичинде уктабастан сүтак сайрайт,
Ак сүйүүсүн зейнеби уксун дейби,
Байкуш сүтак неге боздоп тыным албайт?..





* * *

Бет маңдай келип кээде кезигебиз,
Көздөрүң баягыдай бал-бал этет.
Тартылып бала кездер көз алдыма,
Жүрөгүм кээ бир кезде тыз-тыз этет.

Көрк берип сенин айдай ажарыңа,
Жылмаюуң кандай сүйкүм, кандай сулуу.
Мен ушул эриниңден учурунда,
Эч канбай кумарым, канча сүйдүм.

Эх чиркин!
Эстен кеткис ошол күндөр,
Бир ирмем кайрылсачы!

## САГА

Өзүңдөй болуп күлүңдөп,
От жанат тоодон үлүңдөп.
Ал тоодон арнап сага мен,
Тере албай калган гүлүм көп.

Сергитип жайдын күнү көп,
Тоо суусу агат күрүлдөп.
Ал суудан сага кочуштап,
Ичирбей калган күнүм көп.

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ



Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487885

Көп карайм тоону сагынып,
Кетчүдөй болуп жарылып.
Тоо турат сүрдүү, келбеттүү,
Үстүнө асман жамынып.

Асманы тиреп карааны,
Азгырат тоонун абасы.
Гүл терип, суусун ичкени,
Жүрчү эми бирге баралы.

## СЕНИ СҮЙҮҮ

Сени сүйүү мага – бакыт,
Коркпойм бардык азаптан.
Сени сүйүү мага – кубат,
Күндө кайра жашарткан.

Сени сүйүү мага – шаттык,
Коркпойм эч бир күйүүдөн,
Сени сүйүү мага – маяк,
Ажырабайм үмүттөн.

Сени сүйүү мага – байлык,
Коркута албайт жардылык,
Сени сүйүү мага – майрам,
Кубанчым сага артылып.
Сени сүйүү азаптануу,
Уйкусуз таң атырып.
Сени сүйүү мага – жашоо,
Кумарланам тартылып.





Сени сүйүү – жашылдануу,
Гүлүн ачуу жашарып,
Сени сүйүү – асылдануу,
Арууланув тазарып.

## СЕЗИМ КҮЧҮ

Жакшы көрөм элден бөлөк башкача,
Тартып турат сүйүү оту таптаза.
Сүйкүм элес ээлеп алып жүрөктү,
Кымбат тура, сезим күчү пакиза.

Мүшкүл экен, баш айлантып оорумай,
Калем сапты колго алдым эркем ай.
Барбы сезим чын-төгүнүн айтчы сен,
Сынап мени өмүр бою кыйнабай.

Куса болуп өңдөн азып сагынам,
Кубанамын, элесиңдин табынан.
Ээлеп алган баардык тунук сезимим,
Элиргендей жүрөк булкуйт кабынан.

Сени сүйөм, чындыгында сүйөмүн,
Болгум келет өмүрлүк жар түгөйүң.
Кайда жүрсөм ала жүргөн сүрөтүн.
Карап - сылап, жазып куса жүрөмүн.

## ЭКӨӨ

Бири аял, бири эркек,
Талаага экөө келди.
Гүл териштти,
Кубалашып ойноштту
Убакыт өткөндүгүн сезишпеди.
Акыркы нурун чачып
Күн өлүп калды батыш жакта.

- Кетели, - деди аял.
- Түнөйлү, - деди эркек.
Сөз бүттү ушу менен,
Калышты түнөгөнү...

Мемиреп түнкү талаа уктап калды,
А бирок эркек аял уктабады.
Аялдын көк караган көздөрүнө,
Жылдыздар конуп алды жыбырашып...
Эки ысык дене жатты
жер үстүндө кучакташып...

Сүрүлүп караңгылык,
Таң атып сүттөй аппак.
Талаага жарык кирди,
Турушуп эркек аял,
Булакка муздак сууга жуунушту.

Бирине бири жылмайышты,
Ыпысык ошолордун сүйүүсүнөн,





талаанын бир четинде.
Көп өтпөй бул өмүргө кызыл эт күн төрөлдү...
Күнөөсүз наристедей
Уланды жашоо кайра...

## КОШ ДЕЙ АЛБАЙ

Кош дей албай колум сундум аргасыз,
Тыз деп жүрөк турду карап айласыз.
Сыр билгизбей араң гана жылмайгам,
Эстейм бирок, азыр билбейм кайдасың.

Өз сүйгөнүн тапкандыр деп өзүмчө,
Сыр билгизбей
Бараттым эл көзүнчө.

Аттиң арман чечкиндүүлүк кылбапмын,
Келген бактым колдон кетти ошондо.
Түндөр болуп нечен нечен таңдар атсын,
Арабызда жакшы сезим сүйүү калсын,
Махабаттан тоодой бийик сүйүү татып,
Биз жолуксак өмүрүбүз кайда шашсын.

## ТУН СҮЙҮҮНҮ ЭСКЕРҮҮ

Ай жылдар күлүктөрдөй арыш керет,
Жаштыктын ала качып миң элесин.
Жүрөккө кыттай сиңип калгансыңбы,
Бир гана унутулбай сен келесиң.

Мен сени унуталбай жүргөн сыңар,
Перизат сен да мени эстейсиңби.
Сүйүүнүн бешигинде биз термелчү,
Сагынып ал күндөрдү эңсейсиңби?

Оо биздин бала сүйүү кездешүүлөр,
Айылдын кутуу, бейпил кечиндеги.
Сыр кошуп биздин ширин шыбырларга,
Теректер шуудурачуу эсиңдеби?

Тун сүйүү махабаттын аруусубу?
Кап, аттиң, өттү-кетти келбейт эми...
Билсем да ал кездердин кайрылбасын,
Жүрөгүм теңин издеп дегдейт сени.

## ӨМҮР ДАЙРА

Секунддар алга жылып барган сайын,
Сезбейбиз өмүр өтүп баратканын.
Бул жашоого ыраазымын сабыр кылам,
Бакубат ыйман берсин жаратканым.

Өтсө күн өкүнгөндө эмне пайда,
Жаштык кез токтобой өмүр дайра.
Таштайын кадамды үмүт менен,
Артыңа кайта албайсын эми кайра.

Алдыда канча жашоо калса дагы,
Аллахым берген өмүр канаат кылам.





Суранам бир өзүңдөн кабыл болсун,
Заманга тынчтык тилеп азыр турам.

## КАЛП АТАКТАН САКТАГЫН

Турмушумда нелер гана өтпөдү,
Эңсебедим жылдыздарды көктөгү.
Өмүрдөгү эртең бөлөк куйруктан,
Артык көрдүм бүгүн жечү өпкөнү.

Жулунбадым, жутунбадым башкадай,
Өз баркымды түшүрбөдүм акчадай.
Ачылууга шашылбадым эч качан,
Арал болдум алтынга эмес ташка бай.

Өз мүнөзүм өзүмө абдан жарашат,
Азга ыраазы, көпкө кылам парасат.
А биреөлөр өпкөнү жеп бүгүнкү,
Куйрукту да тамшанышып карашат.

Күндөр өтөт, өмүр өтөт, жыл өтөт.
Чындык келип адилет үчүн күрөшөт.
Алтын делген нерсе ошондо таш чыгып,
Таштар жумшап алтын болуп күн өтөт...

Айтсам азыр дагы өзүм жөнүндө,
Аткаруучу көп максат бар көңүлдө.
Өмүр бою калп атакка бөлөнгөн,
Адамдарга боорум ооруйт өмүрдө.

Оо Теңирим сенден сурайм бүлөнүп,
Тагдыр мага калган кезде түнөрүп.
Ажалыңдан сактабасаң сактаба,
Бирок сакта калп атактан түбөлүк.

**МЕН ЖӨНҮНДӨ**

Мен жөнүндө ушак айың тараса,
Анткор адам чындык кебим деп турса,
Не кылмакмын Теңир берер жазасын,
Мен ишенем жалгыз гана Кудайга.

Мен жөнүндө мени абдан мактаса,
Мансап үчүн калп күлүп алдаса,
Не демекмин ыйман берсин сага деп,
Терс бурулуп кете берем андайда.

Эл көзүнчө болбой мага жалбарса,
Уялбастан көз жаш төгүп аарчыса,
Не демекмин абийир соту өзүндө,
Ушул менин айтаар кебим аларга.

**НЕБЕРЕМЕ**

Аялуу көзүмдөгү карегимсиң,
Алдыда өмүр улар данегимсиң.
Тарыхта сен аркылуу мени табар
Сен менин өчпөй турган дарегимсиң.





Ысмымды уралаган желегимсиң,
Ыроолоп кудай берген белегимсиң.
Сен чоңоюп, мен улгайып калган кезде
Ата деп мандай сылар жөлөгүмсүң.

**ДОСТОРУМ БАР...**

***(Бирөөгө чын, кээ бирөөгө тамаша)***

Досторум бар таттуу кебин аябай,
Тост көтөрүп каалоо айтат кыйналбай.
Айды алып, Күндү кармайм дейт алар,
Жерде туруп асманда учкан куштардай.

Досторум бар арасында ушундай,
(Силерде да достор барбы ушундай?)
Кечиргиле койгулачы унчукпай.
Кой аксагы менен миң деген сымал.
Аман болуп, жүрүшсүнчү оорубай.

* * *

Күндүз кечке көрүп туруп
Адамдардын кандай күнөө жасаганын
Кечке жуук батып кетет
Тоолор менен талаага
Уялгандан чыдабай
Күндүн бети кызарып.

Түнү бою дагы көрүп
Уят ишин алардын
Дагы эмненин чыгамын деп үстүнөн
Таң атканда иштебестен
Баш кылтайтып эң алгач
Анан араң-араң чыгып келет ааламга.

Оо, адамдар, абайла!
Күн бир күнү чыкпай коюп жүрбөсүн!

* * *

О досум
мүрзө деген үйүм ушул,
Боз топурак томпойгон,
Чөп-чар басып,
турат бир тикенек койкойгон.

Тирүү кезде ойлор элем
күнөө сообу канча экен деп өлчөнгөн.
Ошондуктан эсиңе тут,
Мухаммеддин үмөттөрү.
Күнөөлөбө жазыгы жок бирөөлөрдү,

Жалбарынгын Кудайга
Азайтып ал намаз окуп күнөөлөрдү.
Ар пендеге Кудай берген жаш өлчөлүү,
Парзыңды аткар кулчулук кыл Кудайга.





## САГЫНУУ

Тигилип сүрөтүңө дубалдагы,
Кармалайм сен куюнчу атырыңды.
Дайыма алыс чыкпай бирге жүрсөң,
А балким, сезбес белем кадырыңды.

Кыянат кылып мага ар бир мүнөт,
Жыл болот өтпөй күндүн эрте-кечи.
Жол карап, саргайбайын сагынычтан,
Кечикпестен, төркүнүңдөн эрте келчи.

## КЫРГЫЗ КАЙДА

Байдыкендин ыр сабында;
Айтылат,
- Чыңгыз кайда?
Чыңгызды эмес,
Сураган киши барбы
- Кыргыз кайда?

Кыргыз кайда?
Кайда болмок,
Жумуш издеп
Россияда, Алматыда,
Калгандары
Бак көгөртүп,
Көчө шыпырып,
Астанада.

- Чоңдор кайда?
- Кайда болмок,
Бири эмес экөө качып.
Чет жакада.
Калган кыргыз соода кылып
Араба түртүп
Ош базарда.

- Кыргыз кайда?
- Кайда болмок,
"Жаш жарыш" деп
Иштеп жүрөт талаада.
Калгандары чапкылашып,
Айыл менен калаада.

- Чоңдор кайда?
Кайда болмок,
Уулун үйлөп Америкада.
Калгандары кумга оонап,
Көлгө түшүп эс алууда.

- Чоңдор кайда?
- Кайда болмок,
Той тойлошуп
Той жакта.
Калгандары бак-бак этип,
Кафе менен ресторанда.





- Кыргыз кайда?
- Кайда болмок,
Жумуш издеп,
Шашып кеткен талаага.
Үмүт менен күдөр үзбөй,
Турат күтүп кул базарда.

Боордошум,
Боордошум.
Дал ушундай,
Кыргызстанда,
Кыргыздарда.

*Астана калаасы, 2008-жыл 13-июнь*

## ПАРАКОРЛОР

Кай жерге барбасаңыз да пара керек,
«Параңыз» жеңилдикти ала келет.
Көргөндө кызыл, жашыл, көк кагазды,
Паракоруң сол чөнтөккө сала берет.

Жумушка орношууга «блат» керек,
Блатты алуу үчүн брат керек.
Братыңа бара бербей, пара берсең
Каалаган кызматыңды өзү берет...

* * *

Ыр жазам деп, келип мында жашадым.
Ыр жаза албай бирок кыйнап жанымды.

Көл жээгинде бойлоп ойлуу басамын,
Сагынып кыздарымды, жарымды.

Уйгу-туйгу ички дүйнөм ар дайым,
Жалгыз калды, калем сабым мелтиреп.
Тахмина, Асель, Айдай алтын кыздарым,
Көз алдыма келе берет берилеп.

Кыз-келиндер жүрөт - чүрөк супсулуу,
Көңүл супсак эмнегедир турам суз.
Эстей берип кыздарымды, жарымды,
Ыр жазалбайт экенмин мен аларсыз.

Алар менин учуп жүрчү канатым,
Бүтүн экем силер менин жанымда.
Менин күчүм жана менин талантым,
Балдарымда жана менин жарымда.

## ЫЙЛАП ЧЫКТЫ КАЛЕМ САБЫМ

Таң атканча уктабастан толкундап,
Күр-шар этип туйлап чыктың тынбастан.
Колумдагы бүт денеси солкулдап,
Ыйлап чыкты калем сабым ыр жазган.

Сүйүп калып күмүш чачтуу кызды анык,
Толкунданган жүрөккө окшоп мендеги.
Сен эмнеге тынчтандың мынчалык,
Ысык-Көлүм сырдашалы кел бери.





Тагдырыңа эч наараазы болбогун,
Арманың жок аны өзүң да билесиң.
Бүт аялзат сага бери колдорун,
Кучактатат эң бир назик денесин.

Мага эрибес жаш жүрөгү сага эрип,
Келип турат күмүш чачтуу кыз саган.
Аны белден бекем кысып имерип,
Сен кучактап жүргөнүңдү кызганам.

Колумдагы бүт денеси солкулдап,
Ыйлап чыкты калем сабым түн бою.
Күмүш чачтын жаш жүрөгү толкундап,
Билбей жүрөм сендеби же менде ою?

*Астана шаарынын 10 жылдыгына карата*

## АСТАНА

Кышы катаал, жайы ысык Астана,
Ажайып шаар, көчөлөр кең таптаза.
Көк тиреген имараттар тургузуп,
Салым кошуп иштегенбиз аз гана.

Өлкө башчы чындап сүйүп бериле,
Жаңы шаар салып берди элине.
Суусап жаткан ээн чөлдөр гүлгө айланды,
Мына Астана, көрөм десең келгиле.

Күндөн күнгө жашарасың Астана,
Көрктөнөсүң үлгү болуп башкага.
Көк желегиң желбиресе чакыргансыйт,
Кенен өлкөм умтулгун деп алдыга.

## КӨЛ БОЮНДА

Өзүңдөй таза тунук ойлор ойлоп,
Телмирип толкунуңду тиктей берем.
Сага арнап ыр жазсам деп жээк бойлоп,
Таң менен кошо ойгонуп күндө келем.

Энедей мээрим төгүп кучак жайып,
Ысык-Көл мелмилдейсиң ойго салып.
Балыкчы өңдүү ой торун жайып коюп,
Олтурамын жээгинде толкунданып.

Жүгүрүп майда толкун жээкке келет,
Келет да бир шарт этип кайра кетет.
Ийгилик каалайм сага деген өңдүү,
Иретсиз ойлорумду жеңилдетет.

## СЕНСИҢ МЕНИН САГЫНАРЫМ

Ак таңым, аппак таңым, жарык таңым,
Сен болуп менин күткөн, сагынганым.
Телмирип өзүң жакты тиктей берип,
Көзүмөн өтүп барат жашыл жалын.





Сен болуп кайталангыс жаштык кезим,
Сен болуп жүрөктөгү учкул сезим.
Умтулуп бара жатам өзүң жакка,
Аралап кыштын түнүн, жайдын кечин.

Сен десе күүгө келип жүрөк кылы,
Билбеймин жолуккамын кайсы жылы.
Жарыкты алып кетип өзүң менен,
Таштапсың мага түнкү караңгыны.

Сымбатың суктандырып мынча көркөм,
Сендеги сулуулукка жетпейт өлчөм.
Жашасын түбөлүккө карегимде,
Сен жашап өмүр сүргөн жарык өлкөң.

Ак таңым, аппак таңым, жарык таңым,
Сен болуп менин күткөн, сагынганым.
Телмирип өзүң жакты тиктей берип,
Көзүмөн өчүп барат жашыл жалын

## КӨЛ ЭТЮДУ

Толкундар толкундарды улам коштоп,
Жээкке чыга түшүп кайра токтоп,
Бир жолдо ары-бери каттай берет,
Бөлмөдө тынбай баскан адамга окшоп.

Күн бүркөө... Булут ыйлайт көзүн жаштап,
Жел согот боз туманды тоого баштап.

Байкуш көл онтойт, туйлайт катуу ооруган,
Баладай төшөгүндө чабалактап.

* * *

Айлана ап-аппак кар. Түн жарымы,
Көрүнбөйт көз сүртөөргө күн жарыгы.
Калтырап хандан корккон күнөөкөрдөй,
Аязга башын ийет бүт бардыгы.

Билбеймин кандай сыйкыр муну түртөт,
Табият бетке муздак шамал бүркөт.
Жылт коюп жыт искеген кайберендей,
Түнөргөн туңгуюктан жылдыз үркөт.

Көңүлү калгандай суук кыштан,
Жапжалгыз сапар тартып сызып учкан.
Ай барат жаздын түнүн күтүп жүрүп,
Саргарып кеткен өңү сагынычтан.

## ӨМҮРДҮ ТАЗА ЖАШАП ӨТҮҮ КЕРЕК

Турамын Ысык-Көлдүн жээгинде
Күздөгү салкын сууга киринбестен.
Агарат ата сакал ээгимде
Кетиптир мезгил өтүп билинбестен.

Кечээ эле бала элем ээ, чуркап жүргөн -
Карасам үйлөнүпмүн көлдүк кызга.





Толкундун өмүрүндөй жээкте өлгөн
Бала чак ушунчалык неге кыска?

Бир күнү жигиттик да кетет таштап,
Уттуруп чал болоорбуз убакытка.
Не пайда ыйлаганда көздү жаштап,
Кош айтат мага бир күн карылык да.

Бул өмүр толкундардын өмүрүндөй
Жээкке келип-кетип турган улам:
Кызыгып-кайгырып да кабак түйбөй
Толкундун өлгөнүнө карап турам.

Кайгырбайм толкун сымак мен да соолуп,
бир күнү калаарыма.
Андан көрөк
Толкунду түзүп турган суудай болуп
Өмүрдү таза жашап өтүү керек.

* * *

Кыз элең жаз жыттанган кызыл гүлдөй
Мекендеп өсүп чыккан жашыл тоону.
Бакытка кезикпедим ошол түндөй,
Экөөбүз чогуу өткөргөн ошондогу.

Ал түнү шайыр элең жароокерим,
Зор маани жазып кеткен сөздөрүңө.
Андагы топ жылдыздын бүгүн көбүн,
Жашырып сактап келем көздөрүмө.

Сагыныч дайым мени көп басынткан,
Көп болду ошол түндөн кайтканыма.
Көзүңдү элестетчү нур чачылткан,
Жылдыздар бажырайсын асманыма.

Жоготуп ийип сени өмүрүмдө,
Издеймин унутулгус элесинди.
Сүйгөнүм жаздын сулуу түндөрүндө,
Жылдыздай жылт деп учуп келесиңби?

Кусалуу өтүп жатат күндүн баары,
Жаштыктын, жалгыздыктын санаасына.
Алтыным жаздын түнү жолугалы,
Экөөбүз жылдыздардын арасына.

* * *

Алоолонуп жалбырттайсың алыс жактан,
Сенсиз мен бир байкушмун кайгы баскан.
Көзүмө нурун чачкан кызыл отум,
Көзүмө батып турат жарык асман.

Жаштыкта эңсеп жүргөн өзүң элең
Сен мага ушунчалык кымбат белең?
Мен сага жетсем болду өмүрүмдө
Мейличи жалыныңа күйсүн денем.

Караның көздөрүмө кандай дары,
Сен менен жашаган күн таттуу баары.
Макулмун ошол күнгө жеткениме,
Ал күнүм азаптуу күн болсо дагы.





## ЗАМАНА

Муну мындай таштайлы,
Заманадан баштайлы.
Көңүлү ак адамды
Караладың замана,
Жүрөгүнө так салып,
Жараладың замана.
Актап аны алууга
Жарабадың замана,

Элди алдаган шылуундар,
Күлүп өткөн замана,
Эли менен бир болгон,
Күйүп өткөн замана.

Эбин таап жашаган,
Ырдап өткөн замана.
Алдай албай ак жүрөк,
Ыйлап өткөн замана.

Акчасы бар байларың,
Бактылуу болгон замана.
Сокур тыйын сом үчүн,
Талкуу болгон замана,

Тыйыны жок кедейдин,
Шордуу болгон замана,
Кандай заман болот деп,
Коркуу болгон замана.

Жумуш таап берем деп,
Сойку болгон замана.

Заңгыраган үй куруп,
Кул жалдаган замана
Жарды менен жалчыга,
Карабаган замана.
Андан жаман болгун деп,
Табалаган замана.

Кийимин карап жигиттер,
Кыз жандаган замана.
Напси кетип чалдардан,
Кыз тандаган замана.

Өз баласын ата-эне
Башкарбаган замана.
Уят кетип, ар кетип,
Ата-энесин балдары,
Карылардын үйүнө,
Таштап койгон замана.

Оорун көрүп турмуштун,
Такшалбаган замана.
Балдарынан кагуу жеп,
Көңүл калган замана.
Багылбай калып көчөдө,
Селсаяк болгон замана.





Ата-эненин байлыгын
Чачып өткөн замана.
Бекер оокат көп дүйнө,
Жигит көпкөн замана.

Эзелтен кыргыз сактаган,
Салт бузулду замана.
Батышты туурап кыздарың,
Тилин унуткан замана.

Акчасы көп деп кытайга
Турмушка чыгып кыздарың
Жигит чанган заманга.
Дос болом деп чет менен,
Тил бузулду замана.

Маңыроо момун кыргызың,
Гастарбай кылган замана.
Карысы да, жашы да,
Соода кылып көчөдө,
Кызыл кулак замана.

Кандай заман болот деп,
Тобо кылган замана.

## ӨЗ ЖЕРИҢДИН ТАРЫХЫН БИЛЕСИҢБИ?

Мурдагы аталышы КУРЧАП – деген аты орустардын тили менен КУРШАП болуп калган деп айтылат.

Айланасы адыр тоо менен курчалып малга тоюту мол ортосунан шар суу каналы өткөн кооз жерди хандын көзү башка айылдагы күлүккө түшүп азыркы Куршапты алмашып жиберет.

### ТӨӨЧҮ

Курчапта байдын көп төөлөрү багылчу экен. Катуу оору келип, төөлөр кырылып баштаганда бир акылмандын кеңеши боюнча азыркы бийик адырлуу жер Төөчүгө төөлөрдү айдап барып сактап калган дейт. Ошентип бийик адырлуу жер төөлөргө ылайык болгондуктан төө бакан кишинин атына Төөчү аталып калган дешет.

### ПОЛОТХАНДЫН ҮҢКҮРҮ

Полот ханды эл сүйүп орус баскынчыларынан коргоп калуу максатында кийин ушундай аталган үңкүргө жашырат.

Айтылган үңкүр Кара-Суу районуна караштуу Кызыл-Суу дарыясынын баш жагында. Айыл менен дарыя аты азыр деле Кызыл-Суу деп аталат.

Дагы бир кызыктуу маалымат. Кара дарыя менен Куршап дарыясынын кошулган жеринде чоң шаар болгон деген да кеп бар. Муну изилдөөчүлөр айтар.








Кыргыздын акыркы ханы ПОЛОТХАНдын
180 жылдыгында.
Илимий конференциядан кийинки көз ирмем.

2024-жыл, октябрь айы.

## УЛАМЫШКА АЙЛАНГАН ЧЫНДЫК

Карымбай байдын байлыгы тамтыгы чыккан жердин аянты 200 га ашык. Ал жердин аты Топор. Ал эми Карымбай байды жер жуткан чуңкур ошонун эле жанында Үч каптал айлы деп аталат.



Сүрөттө: Карымбай байды жер жуткан чуңкур.





Мен Өзгөн районуна караштуу Кара тарых айлында төрөлүп бала чагым шартка байланыштуу Куршап, Мырза арык, Жаңы арык айылдарында өттү. Бала кезде тагыраак айтканда 60-жылдардын башында ыраматылык авам сүрөттө көрүнүп турган Топор айлына эжелерибиздин үйүнө келип конуп калганыбызда ушул сары таштардын үстүндө секирип ойночу элем. Бирок анда мобуреки таштар рельефный формада жатчу. Ал таштар оттоп жаткан жылкылардай жаткан элеси миң сан эле. Азыр ойлосом короо-короо жылкыларынын элеси экен. Ал эмес, Карымбай байдын тоқолу бешикте бала эмизип отурган эне сыяктуу элеси да көз алдымда.

Урматтуу окурманым легендага айланган чындыкты аздыр көптүр ырга менен сүрөттөгөнгө аракет кылдым

Карымбай байды жер жуткан чуңкурдун жазылыгы (эни) 50–55 см, терендиги 10 метрден жогору. Ичи көңдөй караңгы сүрдүү, коркунучтуу таш таштасаң үн угулбайт. Жар көчүп чет жакалары топурак толуп калган. Анын жанында он метр жерде сүрөттөн көрүнүп тургандай таштын бети жылмакай түсү агыш, узундугу бир метр, эни 50–60 см, таштын калыңдыгы 10–15 см төшөктөй жыйылып турган таштарды көрүүгө болот.

Ал эми Топор деген жердеги сары баалуу таштар бир ууч фирмалардын кызыкчылыгына кызмат кылып жаткандай.

Эгерде чуңкур топуракка толуп жабылып калбаса археологиялык изилдөөлөр болор.



Төшөктөй жыйылган Карымбай байдын таштары.







Сүрөттө: Биз барган учурда 2016-жылы 33 фирма иштеп жаткан экен.

Кудай берген байлыкты сактап кала албаганыбыз өкүнүчтүү.

## КАРЫМБАЙ БАЙ ТУУРАЛУУ УЛАМЫШ

Апаке мага жомок айтып бергин:
Айтайын айланайын бери келгин.
Жайылган кой сыңары жатат таштар,
Тарыхын билесиңби ошол жердин.

Жок апа билбейт экем көрүп жүрөм:
- Төшөктөр ташка айланган сансыз күрөң.
Жана да үңкүр турат түбү жоктой,
Тыңшасаң аваз чыгат эчен сүрөөн.

Ал жерге каргыш тийип калганбы апа,
Ким бирөө жаткан өңдүү чегип жапа.
Булуттар жашый берет эмнегедир,
Акырын өтүп алып күнгөй жакка.

Илгери бир залим бай болгон экен,
А бирок чеп курбаптыр таштан бекем.
Чыны чын, калпты калптай уламышты,
Кулак түрчү төкпөй чачпай айтып берем.

Сайрандап мекен кылып жылуу жайды,
Деп апам сүйлөп кирди Карымбайды,
Элине келген кезде бир чоң кайгы.
Оюна келгендерин жасачу экен,
Сүйлөсө сүйлөгөнү болуп дайды.

Тирүүлөй жүргөнүнө жаны тынып,
Эл анын сөзүн угуп кызмат кылып.





Турганда куюн келип жамгыр төгүп,
Бүт эгин тыйпыл болот шагы сынып.

Карт ажал жая салып капкан торду,
Ошо жыл ачарчылык жылы болду.
Кузгундар айыл жакка жакын турган,
Сайрандап ойго кырга келип конду.

Мүшкүл иш түшүп биздин башыбызга,
Келдик дейт карыялар – алдыңызга.
Элдерди сакташ керек ачкалыктан,
Үйлөнүңүз кааласаңыз биздин кызга.

Бериңиз элге бир аз мүлкүңүздөн,
Бериңиз кайгыны эмес күлкүңүздөн.
Ишениңиз кайтарабыз улуу таксыр,
Карызды калтырбастан кечки күздөн.

Деп бардык карыялар таазим этет,
Улуу баш кичик болду, анан кантет.
Нөөкөрлөр жоготкула! - деди өктөм,
Ач баркын түшүнбөгөн акмак, арсек.

Тепки жеп карыялар нөөкөрлөрдөн,
Кайткандай сыяктанды кара көрдөн.
Азабын элдин тарткан жалгыз гана,
Асмандан Кыдыр түштү көңүл бөлгөн.

- Карымбай кызыталак келдим сага,
Алик ал, май колуңду бергин мага.

Сен азыр элге мүлкүң таркатпасаң,
Сен үчүн даяр турат катуу жаза.

Деди Кыдыр Карымбайдын колун кысып,
Ачуулу от жалындай турат ысып.
- Мүлкүмдү атама да бербегенмин,
Сен кимсиң өзү деги мына кызык.

Ошентип нөөкөрлөрүн чакырарда,
Дарманы келбей калды бакырарга.
Мүлкүңдү таркат элге деген кезде,
Жок деди, маңдайында турган чалга.

Аңгычакты жер ачылып кудук сымал,
Кара жерге белчесинен батып кетти
Жан далбас уруп калды чыдай албай
Кара жер соро берди, соро берди,
Болгондо токтот, деди кекиртектен.

Жок - деди Кыдыр ата: өлүм сага!
Назардан калдың алып тетир бата.
Себеби эл менен эл болбогон соң,
Төп келет мансапкорго ушу жаза.

Деди да ошол жерге коюп чекти,
Билдирбей кайып болду эч бир шекти.
Эл жыргап эл байлыгы элге кайтып,
Кара жер Карымбайды соруп кетти.





## ӨЛЧӨП КОЙГОН КУДАЙЫМ

Көрөр күндү өлчөп койгон теңирим,
Эсеби бар, ар бир тарткан деминдин.
Өкүнбөскө аракет кыл жашоодо,
Өтөт, кетет көз ирмемдик өмүрүң.

Жаштык өтсө каруу, кубат, күч кетет,
Барган сайын кулк-мүнөз да өзгөрөт.
Алга карай жылган сайын убакыт,
Акыл жетип, ал жетпеген кез келет.

Жасар ишти жасап алгын маалында,
Аракет кыл алы-күчүң барында.
Алдан тайып, колдон кубат кеткен соң,
Арман айтып тагдырыңа таарынба.

Жаштык кездин жете билгин баркына,
Жакшы иштериң мурас калсын артыңа.
Эмгегиңди мекен үчүн арнасаң,
Урмат сыйлуу уулу болорсуң калкыңа.

*25-декабрь, 2022-жыл*

## БИЛИП КОЙ

Издебесең илим алган булакты,
Жүрөк байкуш кайдан алат кубатты.
Илими жок караңгылар карайлап,
Көрбөйт экен шайтан койгон тузакты.

Акмаксың деп алсыздарын кордошот,
Адамсың деп акчалууну колдошот.
Акчаң болсо алдап торго түшүргөн,
Байкуш алар кантип өзүн ондошот.

Жеңил желпи адамдар көп жараксыз,
Сабыр, чыдам сураганга сараңбыз.
"Пикири жок пил семирет" дегендей,
Байкуш жүрөк жан дүйнөдөн кабарсыз.

"Мен киммин?" деп өзүн издеп койбогон.
Адамдар бар ак түлкүдөй жойлогон.
Акыретке кантип барам иши жок,
Байлык издеп бул жашоого тойбогон.

Акылдуусу, акмагы да барабар,
Ыймансыздар ким экенин билишпейт.
Бирин акча, бирин мансап азгырып,
Шайтан айдап эч бир жолдо бирикпейт.

## АЯЗ АТА САГЫНДЫРБАЙ БАЧЫМ КЕЛЧИ

Кел жаңы жыл келдиңби сен жаңырып,
Балдар сени күтүп жатат сагынып.
Чоң балаты отургузуп атайын,
Оюнчуктар бүттү мына тагылып.





Бачым басып келсе экен деп шашылып,
Быйыл кандай алып келди жаңылык.
Аяз ата аяз кызды жетелеп,
Кирип келчи белек-бечкек асынып.

Күтүп жатат балдар сени сагынып,
Кирип келчи бачымыраак шашылып.
Кубанычтан жашыра албай көздөр жайнап,
Көп күттүрбөй келип калчы ашыгып.

## БИРОК

Кайгырдым, бирок такыр ыйлабадым,
Кубандым, бирок ага жыргабадым.
Кайсы бир жылга чейин калабы деп,
Ыр жаздым бирок аны ырдабадым.

Ойлондум, жеңил ойго алдырбадым,
Суусадым, бирок суусун кандырбадым.
Турмуштун, караңгы бир жашоосунда,
Коркподум, чырак алып жандырбадым.

Унуттум, бирок үмүт үзбөдүм,
Думуктум, бирок чыдап жүргөмүн.
Жазыптыр маңдайыма башка жолду,
Бузбадым, ал жолду өзүм түздөдүм.

Чайпалдым, бирок такыр төгүлбөдүм,
Ачуулaндым, бирок такыр сөгүнбөдүм.

Сагынып куса болуп жашасам да,
Издедим, бирок такыр көрүнбөдүң.

Уруштум, бирок такыр каарыбадым,
Жолуктум бирок такыр таанибадым.
Таң калып тагдырымдын тайкысына,
Зар болдум, карааныңа барыңардын.

## ЖАШТЫК-МАСТЫК

Жаштык кезди убакытка уттуруп,
Жүргөн экем арак ичип кутуруп.
Милицияга кээде түшсөк мас болуп,
Куш шашкеде кетер элек кутулуп.

Жаштык мастык кетти мына ушундай,
Жаштык кезди кармабадым учурбай.
Деген менен тентектигим дале бар,
Байдыкемдей сары оорум бар кутурмай.

* * *

Топ топ тоголок,
Тобуң качан жорголоп.
Топту кууган балакай,
Эртең эле чоноёт.

Топ топ тоголок,
Топ куубасаң жоголот.





Топту кууган балдардын,
Ден соолугу зор болот.
Топко келген күйөрман,
Тобун сүрөп топтолот.

* * *

Аалам сыртта,
Мен үйдө олтурамын.
Билүү кыйын кимибиз кимге керек.
Күн да батты...
Кеч кирди кайра дагы
Бадырайтып асманга жыздыз элеп.

Сынайынчы канакей
Ааламды мен,
Бүгүн үйдөн эшикке чыкпай коюп.
Издээр бекен өзүмдү кайгырып эң
Керек болсом мен ага ошончолук?

Мен жок болсом
Кабагың кайгы сүрөп
Керек экем ааламга – айтканым ак.
Аалам мени
Сырт жактан издеп жүрөт
Айды кармап колуна чырак сымал.

* * *

Жайдын түнү.
Кыжалатмын абыдан.

Жер айланат тегирмен таш окшошуп.
Кучтуу сезем өзүмдү өзүм баарынан.
Коёюнбу Жерди ордуна токтотуп?

Иш өткөн соң жалынып да асылба,
Өзүмдү өзүм акыл менен кармабай.
Эгер менин көп тийсеңер ачуума,
Күбүп салам жылдыздарды алмадай.

Бүлүндүрүү келди мага капкайдан?
Мээримдүүлүк келбейт эми эсиме.
Чыккан Айды сүйгөнүмдөй суйкайган
Көгөртсөмбү чаап салып бетине.

* * *

Жазбачы каттарыңды улам кайра,
Алгачкы тунук сүйүүм жазды эстетип.
Ал күндөр ал жылдарда калып кетсин,
Кайгым да, кубанчым да унут болуп.
А көрөкчө жазчы сен билгим келет,
Айыл-апа, туугандардын амандыгын...

* * *

Жаш улгайып небере көрүп калсак дагы,
Кайрадан баргым келет балалыкка,
Өткөн өмүр кайрылып келбейт билем,
Көөдөндө сагыныч кала берет.





* * *

Кандай сонун аткан таңдын керемети,
Ар бир үйгө чача бергин берекеңди.
Эшик ачык периштелер барың келип,
Ар бир жанга ырыскыңды себелегин.

* * *

Жегенден эмес куйруктан,
Жүрөбүз көрүп турмуштан,
Кеменгерлер айткандай,
Маңдайга жазган буйруктан.

* * *

Ырдагандай гимнди,
Унута көрбө тилиңди.
Тилиң менен улуксуң,
Бөтөн жерде жүргөндө,
Ак калпак менен улутсуң.
Ошондо сыйлайт төргө өт деп,
Билинет кыргыз улутуң.

## СЕНИ ОЙЛОП ОТУРАМ

Түн бир оокум. Адатымча түнөрүп,
Азыр дагы сени ойлоп отурам.
Табышмактуу болуп мага мүнөзүң,
Жандырмагын издеп башты катырам...

"Байкелесең" бекем кысып өзүңө,
Магдырадым жыттап жыпар чачыңды.
Айлан-көчөк болуп мага бүт аалам,
Сөз таба албай атай бердим атыңды.

Шараптан да таттык, ал чын, а бирок,
Андан эмес болчу ал түн мастыгым.
Төп келгенсип төлгө кылган тилегим,
Бак-таалайга балкып турган жаштыгым.

"Жаным, сүйөм" дейсиң улам энтиге,
Моюнумду ороп назик билегиң.
Тирүүлүктө унутамбы андагы,
Жан эргиткен лаззатыңдын илебин.

Сезим отун улам көсөп ошондо,
Миң наздана каалашымча өптүрүп.
Эми неге көз көрсөтпөй качасың,
Ойго салып, сар-санаага чөктүрүп?

Эчтекени билмексендей жүрүшүң,
Жүрөк өйүп каржап жанды жадатты.
Көрүнгөндүн кучагында кошулуу,
Же баштатан сага көнмүш адатпы.

Андай ойго сени ыраа көралбай,
Мен өзүмдү алам кайра жемеге.
Кыял деген бирок кыйын турбайбы,
Ойноктогон жаш кулундай желеде.





Же балким, койдуң бекен унутуп,
Жан дүйнөбүз жуурулушкан ал түндү?
А мен болсом кыялымда кыналып,
Дале турам жыттап ошол алкымды.

Кучагымда азыр да сен тургансып,
Жыты келип ошол тааныш атырдын.
Жүрөк туйлап сени эңсеп жылдызым,
Уктай албай канча таңды атырдым.

## ЖАЛГАН ДҮЙНӨ

Жалган дүйнө жараткандын сыноосу,
Көп тапсаң да көкүрөгүң ач калат.
Жакшы тилек сурабасаң Кудайдан,
Жин-шайтандар каалагандай башкарат.

Адамдыкты эмне менен ченейсиң,
Алып жутуп тойбогонго не дейсиң?
Миллионер болсоң дагы бул жашоодо,
Акылың кем, ыйманы жок кедейсиң.

Байлыгыңдын күч кубаты курусун,
Байлап алса ошолордун кулусуң,
Жан дүйнөңдүн сырын өзүң билбесең,
Кудай менен кантип болот жумушуң!

## ЖАШОО КЕРЕМЕТ
### (Султан Раевге)

Бул жашоодо жеңдим дагы жеңилдим,
Ажал алып жакындардан кемидим.
Жалган жалаа жабылганда, а бирок,
Сынган жокмун көтөрө албай ийилдим.

Жардан алыс учарымда делбектеп,
Жакшы адамдар колун созду кел-кел деп.
Жакындарың колдоп турса жанында,
Бул жашоодо жашаганың керемет.

Кара булут айланганда башыңа,
Кыйбас досуң колун сунуп ийилет.
Калса эгер кара булут агарып,
Куттук айтып чын жүрөктөн сүйүнөт.

## СУЛУУЛАРГА

Сулуулугуң бетте эмес жүрөктө, –
Сулуу болуп ар ким түшөт сүрөткө.
Сүрөт менен сүйдүрөм деп ойлобо,
Сүйүү болот кичинекей жүрөктө.





## КЫЗГАНБАЧЫ

*Сөзү: Аким Ыскактыкы.*
*Обону: Догдурбай Урманбетовдуку.*

Муңайдын да бурулуп кеттиң неге,
Ишеничтен мен эмне кеттим беле?!
Каректерин жуулуп тамчы жашка,
Айтчы жаным таарындың сен эмнеге?

Кара түрмөк сел экен бузган баарын,
Эрксизден кыйналып сыздаар жаның.
Көңүлүңдө кайгы-муң сезилип тур,
Белгисиби бул из кызганычтын.

Өтсө күндөр сени эстеп сагынармын,
Жүрөгүмдө бир өзүң эске алганым.
Пендемин го каталык кеткен чыгар,
Жүрөгүмдү мен, бирок алдабадым.

Кубанычым, көктөмүм, кызгалдагым,
Күн нурундай нур жүзүң жаркырасын.
Үмүт жиби абайла назик болот,
Үзүп алба, өзгөдөн кызганбагын,
Жадырачы жан эркем мурдагыдай,
Мага ишенсең, өтүнөм, кызганбагын.

*Казакчадан которгон: Мураталы Турдубаев*

# ОЙ БЕРМЕТТЕРИ





## АФОРИЗМДЕР

Ыйман коомдун ядросу.

*Мураталы Турдубаев*

* * *

Жакшылыкка бара турган бир гана жол ал – ыйман.

*Мураталы Турдубаев*

* * *

Үйдүн шаңы балдар, а көркү ата-эне.

*Мураталы Турдубаев*

* * *

Акмактан акыл сураганча, сокурдан жол сура.

*Мураталы Турдубаев*

* * *

Мансап менен байлыктан бакыт издебе, аялыңдан изде.

*Мураталы Турдуба[illegible]*

* * *

Сыйлык жылмаюу, маанай көтөрүү, эмге[illegible]ин баалангандык, ал эми сыймык элдики.

*Мураталы Турдуба[illegible]*

* * *

Кедейлер жашоо үчүн күрөшсө, байлар күрөшүү үчүн жашайт. Мисалы: тарапташын к[illegible]латуу же кимдир бирөөнү кызматтан алуу үчүн деген[illegible]дей.

*Мураталы Турдубае[illegible]*

* * *

Мыйзам деген жөргөмүштүн желесине окшош. Чабактар тутулат, киттер кутулат.

*Мурataлы Турдубаев*

* * *

Күзгү аялдыкы экени ырас, бирок эркектин күзгүсү аял экени чындык.

*Мурataлы Турдубаев*

* * *

Сүйүүнүн рецеби жок. Бакытты сүйүшкөндөр жаратат.

*Мурataлы Турдубаев*

* * *

Араб болбо, кыргыз бол. Кыргыз болсоң Чыңгыз бол.

*Мурataлы Турдубаев*

* * *

Мансап аким кылса, махабат акын кылат.

*Мурataлы Турдубаев*

* * *

Ит айласы кетсе үрөт, адам айласы кетсе күлөт.

*Мурataлы Турдубаев*

* * *

Керек учурда "мыйзамда ушундай жазылган" дейбиз. А өзүбүз мыйзам боюнча иштебейбиз.

*Мурataлы Турдубаев*

* * *





Көз миңди сүйсө да жүрөк бирди сүйөт ошон үчүн акынды акын кылган көз.

*Мурataлы Турдубаев*

* * *

Тегирмен артка айланбайт, бирок тарых кайталанат.

*Мурataлы Турдубаев*

* * *

Жазуучу турмушта адамдардын терс көрүнүштөрүн жазат, артисттер элге аткарып көрсөтөт. Көрүүчүлөр өздөрүн көрүп, өздөрүн өздөрү шылдыңдашат.

*Мурataлы Турдубаев*

* * *

Журналист коомго күзгүсү болууга тийиш.

*Мурataлы Турдубаев*

* * *

Улут сүйгөн киши азап тартса да, алтынга бөлөйм десе да өз улутун сүйгөндөн кайра тартпайт.

*Мурataлы Турдубаев*

* * *

Менчиктештирүү капитализмдин башаты.

*Мурataлы Турдубаев*

* * *

Адам баласына он жолу жакшылык кылганың эсте калбайт, бир жолу кокустан жаңылганың эсте калат.

*Мурataлы Турдубаев*

Жердегилерден үмүт үзүлгөндө пенде кудайдан жардам сурайт.

*Мураталы Турдубаев*

* * *

Роза гүлдү көргөнгө болот, кармаганга болбойт. Сулууларга суктанууга болот, жыттаганга болбойт.

*Мураталы Турдубаев*

* * *

Адамдын турмушу анын жүзүнөн билинет.

*Мураталы Турдубаев*

* * *

Адамда эки нерсе болот, аргасыз жана чын жүрөктөн жашоо. Жүрөктөшүн тапкан адам бактылуу адам. Ал эми аргасыз дегени эптеп күн өткөрүү.

*Мураталы Турдубаев*

* * *

Кедей дайыма март болот,
Байлар ичи тар үй оокатка сак болот.

*Мураталы Турдубаев*

* * *

Өзүңдү сүй, өзүңдү сыйла өзүңдү ойло анан башканы ойло.

*Мураталы Турдубаев*

* * *

Илгерки Коммунизм азыркы Өнүгүү.





Коммунизм теориясын Өнүгүү
материалдык жактан турмушка ашырууда.

*Мураталы Турдубаев*

* * *

Базардан калсаң да назардан калба.

*Мураталы Турдубаев*

* * *

Көп акчанын кулу болгончо, жакшы ырдын пири бол.

*Мураталы Турдубаев*

* * *

Балдар үйдө жалгыз калган жок, тарбиясыз
калып ата-эне мээримине бөлөнбөй калды.

*Мураталы Турдубаев*

* * *

Кагышпастан бокалдар, айтылса экен макалдар.

*Мураталы Турдубаев*

* * *

Кылмыш кылсаң зек болосуң,
Жаман жүрсөң кеп болосуң.

*Мураталы Турдубаев*

* * *

Сөздү уга билүү чоң эрк,
Сүйлөй билүү чеберчилик, жаза билүү талант.

*Мураталы Турдубаев*

* * *

Душмандан коркпой кошоматчыдан корк.

Душман мылтык менен атса, кошоматчы кебез менен өлтүрөт.

*Мураталы Турдубаев*

* * *

Сүйүү кары, жаш дебей бир келет.

*Мураталы Турдубаев*

* * *

Эркектин пейлин төрт нерсе өзгөртөт:
Ал мансап, байлык, бийлик, анын жары.

*Мураталы Турдубаев*

* * *

Телефонду көп караса көсөм болот.
Калпты көп сүйлөсө чечен болот.

*Мураталы Турдубаев*

* * *

Телефонду көп караса сокур болот,
Мончого көп түшпөсө котур болот .

*Мураталы Турдубаев*

* * *

Эмгек бааланбаган жерде өсүү кадыр барк болбойт.

*Мураталы Турдубаев*

* * *

Шааниси көп мааниси жок шаан-шөкөттөр көбөйдү.

*Мураталы Турдубаев*

* * *

Сөз башка, ой башка, анткени ой күлүк.

*Мураталы Турдубаев*





* * *

Эгерде эки жуп бир үйдө кемегеге от жагып түтүн булатса бүтүн аалам..

*Мураталы Турдубаев*

* * *

Турмуш жолу шахмат, жол таппаган мат.

*Мураталы Турдубаев*

* * *

Кайгырууну адат кылган бакыт даамын сезмек беле.
Жалкоолукту адат кылган максатына жетмек беле

*Мураталы Турдубаев*

* * *

"Үй-бүлө эки жартыдан куралат".

*Мураталы Турдубаев*

* * *

"Кимде ким менин ойлорума акыл калчап түшүнбөсө башы ооруйт".

*Мураталы Турдубаев*

* * *

"Жол башчы жол таппаса аны ээрчигендер кыйналат".

*Мураталы Турдубаев*

* * *

"Командир келесоо болсо солдаттарга өлүм болот".

*Мураталы Турдубаев*

* * *

Адабият болмоюн маданият болбойт.

*Мураталы Турдубаев*

* * *

Сокурдун тилегени көз, куудулдун сүйлөгөнү сөз.

*Мураталы Турдубаев*

* * *

Дос, жар, тууган тост көтөрүп каалоо тилек айтканда билинбейт, башка кыйынчылык түшкөндө билесиң.

*Мураталы Турдубаев*

* * *

Адамдардын жаман жагын эмес, жакшы жактарын көрүүгө аракеттен.

*Мураталы Турдубаев*

* * *

Бир калпты кайра-кайра айта берсе чындыкка айланат.

*Мураталы Турдубаев*

* * *

Сөз – данакер.
Сөз – дартка даба.
Сөз – чечим, жол, жарык нур.
Сөз – курал,
Сөз – улуу күч.

*Мураталы Турдубаев*





## ЧЕРТИЛБЕЙ КАЛГАН КОМУЗ

Ызгаардуу кыштын суук күнү мектептен күүгүм талаш үйгө кирип келдим. Үйгө киргенде эле бака-шака күлкү, тамеки жыттанган ачуу ис мурунду өрдөдү. Атамдын жарма достору дагы арак ичип алагүү болуп отурганын билдим. Апам меште тамак жасап атыптыр, колунда алты айлык иним тамак жасатпай, колдон түшпөй жатыптыр. Мени көрө коюп сүйүнүп кетти.

- Ий ырас келбедиңби бөбөгүңдү ала турчу, тамак жасатпай койду. Ачка болуп үшүп келдиңби? Кибиреген секетиң кетейин, кел чечин.

Камтууга келбей калган колум менен жонуман сумкамды алалбай жатсам, апам ийинимден алып, бетимен өөп койду. Эненин мээрими тоңгон музду да эритет белем. Заматта чечинип апама кол кабыш кылып жибердим.

Аңгыча ички үйдөн:

- Э, Такиш! - деген атамдын корулдаган катуу үнү чыкты. Апам укмаксан болуп өңү суз, от менен алек болуп жатты.

Бир маалда атам төркү үйдөн алагүү болуп чыкты, көзүнүн асты шишик тартып урушкан короздордой чачтары үрпөйүп кебетеси бир шумдук. Атам удаа-удаа ичкенде ушинтип кебетеси кетип, анан арагын токтотчу. Ашып кетсе бир жума же эки-үч күн чыдачу. Келген кишилерге: "Мен ичпей калдым, карачы кандай оңолдум" деп мактанчу.

Өзү бир мекемеде башкы бухгалтер болуп иштечү. Жумушуна убагында барып, үйгө эрте келип өзү айткандай, оңолуп калчу.

Кээде мас болгондо айткан кирешелүү бай мекеме деген сөзү эсимде. Кейпи өз ишин мыкты билсе керек. Үйдөн киши аягы үзүлчү эмес. Каке, Какелеп эле мактап жатып калчу келгендер.

- Кулагың керең болуп калдыбы, чакырса эмне укпайсың?

Дагы чыр башталды дедим ичимден. Мындай отуруштун аягы бирин-бири кубалашуу менен бүтчү эле.

Жаш жүрөгүм мындай уруш жаңжалдан жалкып далай мыжылган. Апамды аячумун, атам мас болгон күнү карышкырдан корккон коёндой бүжүрөп калчу. Мен бөбөгүмдү кучактаган боюнча бурчка туруп калдым.

- Тамак жасап жатпайымбы, ойноп жатамбы? - деди апам сабырдуу, токтоо үн менен жооп берип.

- Ай, сени тигилер киши экен деп комуз чертип ырдап берсе деп чакырып жатышат!!

Каалгасы ачылып калган төркү үйдөн мастардын бири-бирине сөз бербей кыжы-кужусу угулуп жатты.

- Ырдабайм, колумда жаш бала ыйлап турса, суук бул болсо, же отун жарып бербейсиң. Апамдын нурлуу жүзү өчүп көзүнө жаш алды. Эски алжапкыч менен аарчынып оттун оозуна отуруп алды.

- Оой энеңди... эми мен отун жарайынбы, ыя! Баарын таап келип жатсам ырысыңды көтөрө албай бышактайсың





да. Белен окатты бышыра албай өлдүңбү?! "Ырдап берип койчу" деп койсо бааланат.

Атамдын кыялы чукул, бат эле чарт-чурт дей түшчү. Төркү үйгө кирип барып комузду көтөрүп келди. Уруштту сезип калыштыбы, артынан мас достору кошо чыгышты.

- Энеңди урайын бааланат, сени экинчи комуз черткис кылайын... Ортодон бирөөсү: "Ой-ой, Каке, Каке комузда эмне күнөө" дегиче болбой, тизесине салып эки бөлүп кылдарын салбыраткан боюнча отко ыргытты. Кайран гана комуз, отко чартылдап күйүп заматта жок болду.

Ошондогу отто күйүп, бүрүшүп бара жаткан өрүк комуз азыр да көз алдыма тартылып, эмдигиче ичим ачышат. Комузга ичим күйүп, апама кошулуп эки күн ыйлаганым эсимде. Андан кийин апам такыр ырдабай калды. Мурун комуздун коштоосу менен өзү чертип өзү ырдаганда карагаттай көздөрү жайнап, мукам үнү далай угармандардын сезимин козгоп жүрөгүн жаралачу.

Апам атамды сүйчү эмес, анткени ала качып алыптыр. Ошол кезде оозго алынган ырчы болуп элге таанылып, комузду кубулжута черткен, чачы согончоруна жетип турган мойну узун, ак жуумал сулуу кыз экен. Атаң апаңдын бактысын байлады дешчү көргөн билгендер.

Ошол каргашалуу күндөн бат эле жыл айланбай атамдын иштеген мекемесинен көп суммада акча жетпей калып түрмөгө кесилип кетти. Ошол жактан сөөгүн алып келгени эсимде. Апам алты баланы багып чоңойтом жүрүп айыккыс дартка чалдыкты. Кийин мен үйлөнүп, жайланып иштеп калган элем. Биринчи маянам деп атайын

өзүнүкүнө окшобосо да Ош базардагы дүкөндөрдүн биринен комуз сатып алып ооруканага алып бардым. Апам комузду колго кармалап күүгө келтирип мага ыраазычылыгын билдирип, комузду карап отурду. Бирок эч нерсе айта алган жок.

Ошондогу отко күйүп кеткен комуз менен жаштыгы, таланты, жашоосу, ички дүйнөсү кошо күйүп кеткенин эстеп, артта калган кайгылуу азаптуу тагдырын ойлоп жашыды. Мен да апамдын жанында күйүп жаткан комузду эстеп үн катпай көпкө отурдук.

Акырында:

- Балам комузду үйгө алып барып баякы комуздун ордуна илип койчу. Айыгып чыксам чертермин, - деди.

- Апа сиз сөзсүз чертесиз. Биз эми чоңойдук, киши болдук. Сизди кайра ырдатып, комузуңузду күүгө келтиребиз! Көрөсүз!

- Аа балам, эми кайдан, көкүрөктө добушум ошондогу сен көргөн комуз менен кошо кеткен. Эми силер аман болуп, бактылуу болгула. Силердин жүрөгүңөр жараланып, силердин добушуңар өчпөсүн. Атаң экөөбүздү кечиргиле, - деп көзүнүн жашын көрсөтпөй ары карап кетти.

Комузду мурунку өрүк комуздун ордуна илдим, бирок мурдагы күйүп кеткен комузга окшободу. Апам ошондон көп узабай катуу оорудан каза болуп, комуз күүгө келип чертилбей калды.





# АСЫЛ МУРАС

## (Эссе)

Атамдын айтуусунда эжем жаш кезинен эле үй тиричиликке бышып, турмуштун азап-тозогун көп тарткан экен. Кечинде шыкырайган май чырактын жарыгы менен, ал болбосо мештин капкагын ачып коюп оттун жарыгында жумуштарын бүткөрүп, жыртылган кийимдерди жамактай берчи. Териден кап тикчү, бир сөз менен айтканда жашынан эле өнөрү күчтүү чыккан иштерман болчу экен.

Эжем бир күнү жаңыдан шырдак шырып, оюуларын тигип, четтерин жээктеп жатып:

- Бул сага, чоңойгондо төрүңө салып коёсуң, - деди мага жылмая карап.

- Эже бул мага калтырган мурасыңбы? - дедим.

Эжем ыраазы боло мээримдүү жылмайганы азыр да көз алдымда. Эжем шырдак шырыганынан баштап карыш жылбай карап жанында олтурдум. Өзүм да кол кабыш кылып отуруп үйрөнүп алдым. Бир күнү кызыктуу түш көргөнүн айтып шырдактын тегерегин бүтүрүп чыкты да шырдактын четине "Аселиме асыл мурас" деп жазып койду. Арадан эки-үч ай өткөндөн кийин бул дүйнөдөн узап кетти.

Азыр ошол шырдактын кооз оюларына карап отуруп эжемдин чебер колдорун эстейм. Жылмайып караган жүзүн эстеп көзүмө жаш алам. Эжеме бул шырдакты төрүмө салам деген элем бирок салбадым. Анткени бул шырдактын ар бир гүлүнө эжем көз майын кетирип колдорунун изи тургандай. Ошондуктан аны бут астына салганды каалабастан дубалга илдирип койдум. Шырдакты караган сайын эжемдин шырдак шырып отурган элеси көз алдыма тартылат. Бул шырдак мага эч нерсеге теңдеши жок белек эле.

## БИР БҮРКҮМ

Бала кооз жыттуу гүл сыяктуу. Баланы жаш кезинде кумарың канбай өпкүлөйсүң, жыттайсың, эркелетесиң, эркелейсиң, бек кучактайсың, бал тилин уккан сайын элжирейсиң, быйтыган колдорун кармалайсың.

Чоңойгондо кызың турмушка чыгат, уулуң катын алат, өздөрүнчө очор-бачар чакан мамлекет түптөлөт.

Ал эми ата-эне колдон бакыт кушун учуруп жибергенсип бири-бири менен тиктешип абышка кемпир калат. Үйдө баякы бака-шака болуп ааламды шаңга бөлөгөн күлкүлөрдүн бүркүмү жок.

Андан да эң оор көрүнүш бай түп болгон ата-энеден ажырап калгандан кийин үй ээнсиреп коломтонун оту алоолонбой калганы. Бир туугандар мурдакыдай болбой бири-бири менен карым-катнаш азайып, тойлордо же бир аштарда эски тааныштардай көрүшүп калганың...

Аттиң арман дүйнө ай!!





## ТАГДЫР ТРАГЕДИЯСЫ

### (Новелла)

... Бул жашоодон тажадым, каякадыр алыс жакка кетпесем. Анткени кубанычым да, кайгым да ичкилик болуп калды. Мунсуз жашоонун кызыгы жоктой мага. Шайтан алгыр десе, ким ойлоп тапты экен? Э, ким ойлосо ошонуку да, кетпесем, бирок балдарым эмне болот? Алардын тагдырычы. Чындыгында бул суроолор жөнүндө көптөн бери ойлобой койгом. Ойлогонго убакыт да жок болчу. Өз үй-бүлөсүн бага албаган атанын кимге кереги бар дейсиң?

Баш аягы жок суроолорго жооп табалбай, көк түтүндү дембе-дем соруп кабинетте жалгыз отурдум. Шеф келсе эмне деп айтсам экен? Кечөө жумушка келбей калганыма эптеп бир шылтоо айтышым керек. Дагы эмне деп калп айтсам экен? Бирок качанга чейин? Бардыгы көңүлгө тийип бүттү го. Эки жүздүүлүк менен өмүр бою жашоого мүмкүн эмес.

Ошол кезде капыстан эшик ачылып сен кирип келдиң. Сен шефтин бир тууган карындашы гана эмес, жашы сулуусу да сен элең. Сүрөтчү кол менен көркөмдөп тарткандай, сенин сулуу келбетине, жарашыктуу кийингениңе кийимиңе баары "менин жарым болсочу" деп суктана карашчу. А мен арак менен достошкондон бери эч бир сулуунун келбетине, мээримине, жылуу сөзүнө жүрөгүм жылыбай калган. Сен жылуу саламдашып

отургучка коомай көчүк бастың. Кабинет ичи көк түтүнгө чулганып, сансыз ойлордон арыла албай турганымда сенин ойдо жокто капыстан кирип келишиңди каалабадым. Кайра, "эмнеге келдиң эле" дегендей, көзүнө тигиле карадым. Сен менин маанайым суз экенимди сезбегендей жылуу саламдашып:

- Нурбек байке үйдөгү мебелдеримди жылдырайын деп күчүм жетпеген үчүн сизге келдим. Мүмкүн болсо жардам берип коёрсуз, - дедиң. Сенин мындай өтүнүчүң шефке көрүнбөстүн жакшы шылтоосу болду. Сенин өтүнүчүңдүн себеби менен шефке куш тилиндей кат жазып калтырып, үйүңө жөнөдүк. Сени менен жанаша басуу ар кандай эркек үчүн сыймык болгонуна карабастан көңүлсүз басып бараттым.

- Нурбек байке эмнегедир кийинки кездерде аябай эле суз тартып коллектив арасынан өзүңүздү оолак кармап аябай өзгөрүп кеттиңиз. Мага эле десем башкаларга да орой сүйлөп коёсуз, - дедиң мага жан тарткандай.

Мага мээримдүүлүк кылбаган сен калдың эле дедим ичимден. Суроонду укмаксанга салып жай басып келаттык. Сени менен жанаша басып баратканымды кээ бирлери чоочун көз менен караса, экинчилери кызганып жаткандай карап жатты. Кантсе да мунун баарын жон терим менен сезип бараттым. Бир кезде «Бак аралап кетеличи» дедиң көңүлүмдү көтөргөндөй. Бирок мага бак араламак турсун андан кызыгы да кызыктырбайт болчу.





- Айии! Карасаныз байке быйыл жаз эрте келеби дейм, бак-дарактар бүчүр байлап калыптыр.

- Махабат көп сүйлөбөчү, жаз келеби, кыш келеби, жүрөгүм алда качан тоңуп калган.

Сенин таза назик жүрөгүңө күтүлбөгөн сокку болду белем, жаагың жап басылды. Ооба мурда сен көрүп жүргөндөй шайыр ачык-айрым адам кейпинде эмес элем. Акыркы убактарда мүнөзүм кескин өзгөргөнү ырас. Сен көрүп уккан куйкум сөздөр, шаттуу күлкү баары түгөнгөн болчу. Биз үн катпай экинчи кабатка көтөрүлдүк. Үйгө кирдик. Баары өзүңө жетерлик байгер жашайт экенсиң.

- Нурбек байке, сиз улуу адамсыз. Мен сиздин философиялык таң калыштуу чыгармаларыңызды үзбөй окуп жүрөм. Айрыкча «Жазылбай калган аалам» деген романыныз абдан жакты. Түнү бою кирпик какпай окудум. Сизди кумир тутам.

- Махабат, ойлоп сүйлөсөң болмок же мени шылдың кылып жатасыңбы? Пушкин айткандай, «Сен жашсың көңүлүңдүн сулуу убагы, сулуу болорсуң башкаларга дагы». Мен өлгөн адаммын. Өлгөндөр эч качан кайра тирилбейт.

Сен ыраактан улуу конок күтүп жаткансып кенен дасторкон жайып, анан кайдан-жайдан экенин билбейм айтор бир бөтөлкө беш жылдыздуу коньяк коюп, дасторкондун ажары ого бетер ачылып кеткендей болду. Менин көңүлүм арактын кулу экенин билет элең да. Бөтөлкөнү көргөндө денеме кан жүгүрүп ачканча шаштым. Сени күтпөстөн стаканга толтура куюп жутуп

жибердим. Оох! Жанатан берки көңүлсүздүк жоголуп жандана түштүм. Аңгыча жыттуу демдеп келген чай куюп жатып:

- Сиз жанагинтип жаман сөздү оозго албаңызчы. Шайтандын гана үмүтү жок деп айтышат эмеспи. Эгерде сиз каалаcаңыз абдан чоң жумуштарды турмушка ашырууга жөндөмдүүсүз. Бул сиздин колуңуздан келерине ишенем. Редактор да ар дайым сизге жардам берүүгө аракет жасап жатат. Эртеби-кечпи бул адашкан жолдон кайтарыңызга мен кандай ишенсем, ал да ошондой ишенет. Мен стаканга коняктан толтура куюп жутуп жибердим да:

- Туура айтасың. Сыягы адашкан жолдон чыга албай калдым окшойт. Сен минтип көңүл көтөргөнүңө рахмат алтыным. Көзүңө жаш келе түшкөнүңө карабай, мага жакындап ыктай отуруп назик колдоруң менен саамай чачтарымдан сылап:

- Минтип айтпаңызчы. Сиз болгону таянчыңызды гана жоготконсуз. Турмушта ар бир адамдын өз таянычы болот эмеспи.

- Сен мен жөнүндө мындай ойлоп жаңылышасың. Ооба өз таянычымды жоготконум туура дечи, бирок бул таянычты эч качан таба албайм. Жана айтпадымбы жүрөгү муздап калган эки жүздүү адаммын деп. Болбосо мага окшоп балдарга берилчү пособиясынын үстүнөн карызга арак алып ичип жүргөн ким бар дейсиң? Ичип жүрүп ушундай акыбалга келдим. Эртең балдарым





чоңойсо алардын жүзүнө кантип карайм? Алар "ата биз минтип чоңойгончо тарбия берип камкордукка албай кайда жүрдүңүз эле" десе эмне деймин. Мен аталык укуктан эчак чийилген адаммын. Демек, мага азыр эчтекенин кереги жок. Ал эми чыгармаларымда сен суктанган бактылуу каармандар китепте гана жазылган. Бирок аялымдын терс пейли түшүнбөстүгү, текебердиги, курулай шек саноосу үй-бүлөдөгү ынтымакты ыдыратып, чакан мамлекетибиз кыйроого учурады. Ооба мунун баарына менин ичкеним күнөөлү. А ичкенге ким түрттү, ким? Буга эч ким жооп бере албайт. Аялым да, досторум да мени жалгыз калтырып койгон.

Аста ордуман туруп бөлмөдө ары-бери бастым. Сенин аруу таза жүрөгүңдү жаралагым, үмүткөр кылгым келбеди. Шайтан азгырган арам ой миң түркүн кубулуп шамалдай согуп турду.

«Бул татынакай сулуу келин сеники, саамай чачынан сылап, көкүрөгүнө башыңды жөлө. Мындай учур дайыма боло бербейт. Карачы анын сулуулугун, ап-аппак балтырларына, мүчөсүнө, келишимдүү келбетине суктансаң боло» дегендей, дилиме салып, кимдир бирөө шыбырап жаткансыды..

Мен өзүмдү сенден обочороок кармап, диванга келип отурдум. Сен мага аягандай мээрим төгүп тигиле карап жаныма жанаша олтурдуң. Сенин нурдуу көздөрүңө тик багып карай албадым.

- Нурбек байке, сиз өзүңүздү колго алсаңыз . Турмушта аркы берки боло берет эмеспи.

- Улуу бакыт… кандай акылдуу айтылган сөз.

- Кел сөздү кыскартылы, андан көрө тиги жумушуңду айт, кайсыны каякка жылдырабыз.

- Жок, жок бүгүн эмес. Эртең деле жылдырып берсеңиз болот. Бүгүн эс алыңыз. Сиздин нервиңиз абдан чарчаган. Сизге тынчтык керек. Эгерде ушул абалда жүрө берсеңиз, ооруп каласыз, – колумдан аяр кармап: - Өзүңүздү абайлаңыз, мен сизге жардам берем. Сиздин нервиңизде психологиялык оорулардын симптомдору пайда болгон. Муну алдын алса болот. Сизди сөзсүз айыктырам. Анан мурдакыдай өзүңүздү жакшы сезип каласыз. Бирок сиз меникисиз. Сизди менчелик эч ким түшүнбөйт.

Эртеси таң сүрө ойгондум. Сага кол тийгизбегеним үчүн өзүмдү бактылуу сезип турдум. Мен биринчи жолу бирөөнүн жүрөгүн булгап алгандан корктум. Ал эми өзүмдөн аруулукту, ыйманды издеп таза бойдон калсам деп тилеп бараттым.





## ЭКИ АШЫКТЫН АКЫРКЫ ТҮНҮ
## (Аңгеме)

Сергей аскерден келсе сүйлөшкөн кызы Оля күйөөгө тийип кетиптир. Эмне кыларын билбей иштесе ишке, аш жесе ашка тойбой турган курагында колоктоп бош жүрүп калды. Сергейдин сулуу келбет, чымыр денеси жаштык илеби бир көргөнгө менин күйөөм болсочу дегенге татыктуу жигит. Көп өтпөй Надя аттуу сулуу кыз менен таанышты.

Экөө бат эле бири бирине ынак болуп сүйлөшүп кетишти. Жаштык мастык күлгүн кездерин өткөзүп бат баттан жолугушуп, ал тургай жакында үйлөнмөй болушту.

- Мен сени мамам менен тааныштырам, чендe жок мамам бар, - деди. - Бир көргөндө эле сага жагат.

Надя Сергейди ошол эле күнү энесинин үйүнө алып барды.

Сергей каршы болгон жок. Үйдөн сулуу сымак жаш кырктарда кара торусунан келген аял жылуу тосуп алды.

- Любовь Петровна, - деп тааныштырды өзүн.

- Сергей, - деди башын ийе зор сыймыктануу менен.

- Киргиле, эмне босогого туруп калдыңар, - деп Любовь Петровна мурун даярлап койгон дасторконго алып барды. Жалгыз бой аял жакшы турат экен, күйөөсү өлүп калыптыр. Жалгыз кызынан эч нерсе аябасын билгизди. Сергей үйдүн жасалгасынан жана таза тыкан экени болочок кайненеси оңой киши эмес экенин байкады. Жакшы кызматта иштейт болуш керек деди ичинен.

Болбосо мынча байлыкты кайдан тапты дейсиң. Сергей столдо ойлонуп отурду.

- Любовь Петровна, биз баш кошолу деп сизден руксат суранып келдик. Экөө тең столдун четине тура калышты. Любовь Петровна басып келип, ыраазычылыгын билгизип, болочок күйөө баласынын оозунан, көзүнөн өөп ушунчалык берилүү бир карап койду.

Андан бери арадан бир топ жылдар өтүп, Надя экөө балалуу болушса да, кайненесинин ошондогу ысык эрини, сырдуу көз карашы, ичке бел кырдач мурун сулууча өң-сырдуу көз караш, ичке бел кырдач мурун сулууча өң- келбети, ойноктогон тунук көгүлтүр көздөрү азыркыга чейин Сергейди элиртип мас кылып, көрбөй калса сагыныч куса кылып жыл өткөн сайын бул сырдуу көз караштагы кайненесине арбалып келет.

Адаттагыдай эле Сергей кайненесиникине барып келүүгө камынып калды.

- Сен аябай күйүмдүү күйөө бала болдуң го, эмнеге эле бат баттан бара бересиң, - деп Надя Сергейге суроолуу карады.

- Любовь Петровна базарга барып келип бербейсиңби деп суранды эле. Суранып жатса барбай койсом, бой көтө-рүп... дебейби. "Дежур" шылтоолорду айтып үйүнөн батыраак чыгып кеткиси келди. Ооба өткөн жолу да барайын деп атса эки жашар уулун кошуп берип, ойноп эс алып келгиле деген. Бул жолу бир шылтоо айтып башка бир жерге барып келерин айтып ишендирди. Баланы дагы чаптап бербесин деген кыязда үйүнөн атып чыкты. Кайненесиникине учуп жеткиси келди, жолдо анын оюна





ысык эрин, жылуу төшөгү, стол ийлген дасторкондогу дүр дүйнө жер жемиш тамактары жана түрдүү шараптары көз алдына тартылып мыйгынан күлүп койду. Анткени кайненеси менен жолуккан күн ага майрам эле. Ал эми кайненеси күйөө баласы үчүн жанын берүүгө даяр эле. Ойлогондой эле кайненеси чыдамсыздык менен күтүп жаткан экен. Эшиктин коңгуроосун басары менен эшикти ачып жиберип, Сергейдин жүзүн өөп жыттап, аймалап:

- Эмне мынча кечиктиң? Эмнегедир бүгүн сени өзгөчө күттүм. Келбей калабы деп чочудум. Тамак ичесиңби?

Сергей кайненесин сүйлөттүрбөй оозунан сүйүп, ошол жерден эле чечинтип, өзү да чечинип жатып төркү үйдөгү столдо дүр-дүйнө жемиш тамак жайнап күтүп турганын көрдү.

- Тамагыңызды коё туруңузчу! А көрөкчө мобул койкойгон арактан ичели. Экөө жылаңач бойдон арakты рюмкага куюп, колдорун айкалыштырып ичип жибериш-ти. Аш үйдөгү тамактын жыты мурунду жарат. Куурчак-тай болгон сулуу кайненесин жеңил көтөрүп төшөккө алып барды. Денесин ысык кан тээп турган жаш жигитти азыр эч ким токтото алмак эмес. Жигиттин ысык илеби аялдын башын айлантып, белинен бек кучактап, жигиттин көзү-башынан өпкүлөп, жалынып-жалбарып жыргалга батты. Кыздай кылыктанып жаш жигитке ого бетер ышкысы артып, бүгүн андан өткөн бактылуу жан жок эле.

Сергей эртеси дагы үйүнө келген жок. Өз энесинен түк шекшибеген Надя: "Базардан кем-карчын алып берип

коюп, жолдош-жоросу менен бир жерде ичип отургандыр. Иштебесе акчасы жок болсо кайда бармак эле?" Бирок ал түнү да келген жок, "же темселеп жети түндөсү келер" деп коюп күтүп отурду. Колунда жаш баласы турса түнү кайдан издемек эле. Эртеси санаасы чыдабай эки баласын кошунасына каратып коюп, кайда кеткенин билиш үчүн энесинин үйүнө барып, бир канча жолу коңгуроо басса да үйдүн ичинен жооп болгон жок. Бирок жагымсыз саңык жыт эшиктин жылчыгынан чыгып турган. "Соо жыт эмес?!" деди ичинен. Надя дароо кошуналарын чогултту. Күч менен эшикти талкалап үйгө кирер замат газ күйүк жыттанган түтүн коридорду каптап кетти. Надя энесинин соо эмес экенин сезип дароо уктоочу бөлмөгө атып кирип көргөн көзүнө ишенбей дендароо болуп томсоруп туруп калды. Кошуналары да артынан кирип келишип бири биринен өмүрү ажырагыстай сыга кучакташып дырдай жылаңач жаткан эки өлүктү көрүштү. Кошуналардын кээ бирөөлөрү "господи!" деп чокунуп да жиберишти. Мындай ыпылас жерден чыгып кеткенче шашып чыгышты. Сыртта кошуналары: "эмне эле күйөө баласы бат-баттан келип үйдөн чыкпайт десе, эми булар кудайдын каарына калышты, накта тозок отуна түшөт" деп күбүрөнүп жатышты.

Надя турган ордунда дендароо болуп тиги экөөнү карап каккан казыктай туруп калды. Эмне оюна келди экен...





# ӨКҮНҮҮ

## (Аңгеме)

...Ал уйкудан турганда күн жаңыдан гана тоо башынан көтөрүлүп келаткан. Түндө жааган жаандан кийин аба тазарып, айлана сергий түшүптүр.

- Бах, чиркин кандай сонун! - теребелге суктана терең дем алды ал.

- Кандай кызым жакшы эс алып турдуңбу?- деди Татьяна Петровна - тоокторуна жем чачып жатып.

- Рахмат апа! Түндө жакшы уктадым. Кыз түйүлгөн кара чачын жазып, артына бош таштап коюп, арыктагы суута жүзүн чайганы кетти.

Жашы жетимиштерге барып калса да, Татьяна Петровна өзүнө тың, тыкан, огород жайы кенен, үйүнүн үстү калай менен жабылган үйдө өзү жалгыз туруучу. Абышкасы дүйнөдөн кайтканына беш жыл болду, жалгыз уулу Серёжа Москвада политехникалык института окуйт. Уулу үчүнчү курста окуп аткан, бир күнү апасына "буюрса быйыл каникулда барганда келиндүү болосуң, ал сага аябай окшош мүнөзү да, сүйлөгөнү жадагалса көздөрү да" - деп кат жазып жибергенден бери кубанычы койнуна батпай колу жеткен жерлерди шыпырып тазалап, эртели-кеч жумуш менен алек.

Бир күнү огородунда жүрсө кошунасы:

- Татьяна Петровна! Сага мейман келди, тосуп албайсыңбы? - деди. Ал бөкчөңдөй басып басып келип короонун дарбазасын ачып караса татынакай, жарашыктуу кийинген сүйкүмдүү, ары ажардуу кыз күлүмсүрөп туруптур.

- Саламатсызбы? - деди кыз.

- Кудайга шүгүр... бирок мен сени тааный албай турам кызым.

- Ооба, ооба мени таанибайсыз мен айылдан келдим, шаарга жумушка орношсомбу дедим эле... квартира издеп жүрөм. Сизди өзү жалгыз турат дегенинен...

- Жалгыз турганы жалгыз турам, бирок жакында уулум келмек, сен капа болбо кызым.

- Татьяна Петровна! Ала берсеңчи татынакай кызды жалдыратпай, өзү элет жерден келсе... жумушка орношуп алса, дагы квартира табылып калар, анын үстүнө уулуң Сережа келгенче сага караан болуп турат да, - деди кошунасы өзүнүн кебин ырастап.

- Анда мейли, жумушка орношкончо тура тур, - деп дароо анан минтип сурады:

- Үй-бүлөң барбы?

- Жок, өзүм эле.

- Гм-мм... - негедир кемпир азга ойлонуп калды. Анын чочулаганы бул болду. "Жаш кыз болсо жигиттер келе берип, айламды алты кетирет го, - деп эки анжы ойдо калды.

- Таня, сен эмне уктап калдыңбы? Меймандыүйгө киргизбейсиңби? - кошунасы ачуулана сүйлөдү.

Мына андан бери арадан тогуз ай өттү, бир да бирөө келип "чыйк" деп ышкырып чакырганын уга элек. Тескерисинче, кемпир экөө тил табышып бири-бирине ынак болуп эне баладай көнүп кетишти. Кыз үйгө кечигип калса жол кароочу болду. Алыстан кыздын тыкылдай басып шашып келе жатканын көргөндө жүрөгү жай ала түшчү.





Экөө бирге отуруп чай ичишип, кыз көргөн билгенин айтып, кээде түн бир оокумга чейин үйдүн жарыгы өчпөй узак аңгемелешип отурар эле. Качан короздор үч чакырганда гана:

- Кой кызым жатып эс ал, эртең жумушка барасың, мен кечке үйдө калам... Түн да бир убак болуп калган тура, - деген Татьяна Петровнанын сөзүнөн кийин гана жатышар эле.

Кыз бөлмөсүнө кирип чоң күзгүнүнүн алдына отуруп чачын жазып жиберди. Көмүрдөй капкара узун чачы анын сулуу апаппак далысын көрсөтпөй жаап калды. Анан чачын эки жагына тең ортосунан бөлүп тарай баштаганда аппак жүзү толгон айдай толукшуп турду. Чачын өрүп билектей кылып артына таштап кол саатына карады. Убакыт бар экен.

Тык-тык этип машина жолдун четинде чөөт болуп топтолуп калган жаандын сууларына күзгүдөн карап жаткансып тигиле калат.

Анан бүгүнкү боло турган премьераны ойлоду. Кандай өтөр экен? Келген комиссия мүчөлөрүнө уят болбосок болду.

Өзүнүн ролун көз алдына келтирди. Кейипкердин образы көз алдына тартыла түштү. Алар театрда бир айдан бери жаңы спектаклдин премьерасын даярдап, бүгүн комиссия мүчөлөрүнүн алдында көрсөтүлүп, жаңыдан түзүлгөн жаш коллективдин тушоосу кесилмек. Ага режиссёр башкы ролду ишенип берген. Ошол ишеничти актап "өз каарманынын образын элге жеткирип бере алар бекем?" өзүнө өзү суроо койду.

Кыздын таттуу оюн жолун тосо сигнал берип токтогон жеңил автомашинанын үнү бузду. Москвичтин ичинен үч

жигит чыга келди. Бирөөсү арыкчырай, чачы үрпөйгөн баягы "орсок тиш аталган" классташы Малик. Ал мектепте 8-класска чейин чогуу окуган. Класста тентектик кылып кыздарга көп тийишип ыржайып күлгөндө орсок тиши көрүнүп турар эле. Класста жөн отурбагандыктан далай жолу мугалимден тил угуп, доска жакка дубалдын бурчунда сабак бүткөнчө эки колун көтөрүп тетири карап турар эле.

Мугалимдин жазалаганы ошол болчу. Эч кимибиз байкабай калган экенбиз, алдыда отурган эки окуучу кыздын чачтарын бири бирине байлап коюптур. Ал кыздардын бирин мугалим доскага чакырып тура калса байланган чачтары оорул экөө тең апалап кыйкырып жиберишет. Эки окуучунун чачтары тартышып жатканын көрүп класс ичи "дуу" күлдү. Уялгандан эки кыздын бирөөсү ыйлап жиберди. Мугалим бул жолу чыдабады көрүнөт, жаак эттери шимирилип ачуусу катуу келип:

- Асанбаев... чык доскага! Өнөрүңдү дагы баштадыңбы ыя?! Сенде тартип, уят деген болобу ыя! Ушу сенден... жүрү сени директорго - деп алдына салып жөнөдү.

Кийин ата-энеси чакыртылып жалпы класстык чогулуш өткөрүлдү. Ошентип 8-классты бүтөрү менен айылдагы кесипчилик-техникалык окуу жайына кириптир деп уктук. Ал жерден тракторист-машинист курсун бүтүрүп аскердик кызмат өтөөгө кеткен. Аскерден келгенден кийин айылда иштеп жүрүп быйыл үйлөнүп тойго чакырган, анда да кол бошобой бара алган эмес эле.

Ошондон бери бери эми көрдү Маликти. Бир аз токтолуп калгандай, бирок өңү капалуудай көрүндү. Орсок тишин





көрсөтүп алыстан эле киши көргөндө күлүп жиберчи, бүгүн ал кейиптин бири жок.

Экинчи жигит бейтааныш кара тору, тармал чач кең далылуу жигит сылык гана "саламатсызбы" дегенчелик башын ийкеди.

Үчүнчү жигитти да көргөн эмес, чачы кыздардыкындай желкесин жаап көчө таптап жүргөн Маликтин достору көрүнөт, - деди кыз ичинен, бирок буларды көрүп билбегенден кийин досторубу, башкабы кайдан билсин.

Кыздын ою алар кандайдыр кайгылуу кабарды угуза албай "сен айт, мен айт" дегендей, бири бирин алдыртан тиктешкендей туюлду.

"Бул жакшы жышаан эмес" деп ойлоду кыз ичинен. Ойлогондой эле Малик сөз баштады:

- Имарат биз сага келдик. Издетип убара кылбай ырас кезикпедиңби:

- Келсеңиздер жакшы болуптур. Бүгүн бизге келип, оюн көрүп кеткиле, кыз сыр алдырбай жарк эте сүйлөдү.

- Жок, Имарат театрга барып оюн көрүүгө убактыбыз тар.

- Кантип эле?

- Билесиңби, атаңдын өтүнүчү боюнча биз сени алып кеткени келдик.

- Эмне үчүн алып кеткени? - кыз томсоро түштү.

- Энең катуу ооруп, биз ал кишини областык ооруканага жеткирдик.

Эчтекеден бейкапар көңүлдүү турган кыздын өңү өчө түштү. Аз жерден кыйкырып жибере жаздап барып токтоду. Анан тигилерге карап:

- Айланайын Малик, эмне деп жатасың? Байкуш апам кечөө эле таптаза эмес беле. - Эмне балакет болуп кетти? Чыныңарды айткылачы, деги тирүүбү?

- Тирүү. Бирок, оорусу кыйыныраак дешти. Барасыңбы?

- Кантип барбай санаам чыдайт. Көрчү кырсыкты, бүгүн бизде премьера эмес беле. Эми эмне күн болот ыя!

- Эне керек болсо бар, иштиң зарыл болсо жумушуңа бар. Кыз суроосуз эле ошол замат эшиги ачык турган машинага түштү.

- Айланайын Малик, тез айдачы машинаңды.

- Жарайт Имарат, бардыгы сен үчүн.

Кызды ортого алып отурушту.

Машина ордунан акырын козголуп, чоң жолго чыкканда зымырап жөнөдү. Жол боюнда асман тиреген бак-дарактар артта калып, машина бат эле шаарды аралап калды.

Ал апасын эстеген сайын жүрөгү дүк-дүк согот. Жамандык менен жакшылык тең жарышат. Дагы катураак айдаса деп тилейт ичинде. Мына азыр жетем, оорукана тигине... деди эриндери кыбырап. Муну байкаган жигиттер бири-бирин карап кытмыр күлүшөт. Бир кезде кыздын көздөрү алаңдай түштү. Анткени машина ооруканага эмес, башка жакка кетти. Буга түшүнбөгөн кыз:

- Малик, кайда баратабыз оорукана бул жакта калбадыбы? - деди шаша сүйлөп.

- Азыр кайра бат эле келебиз. Бул жигитти үйүнө таштап коелу, шашып жатыптыр, - деди кандайдыр жасалма үн менен.





Кыраакы Имарат жигиттердин арам оюн дароо түшүндү. Бирок качууга же бирөөдөн жардам суроого кеч болуп калды. Эми бир айла таап, амал менен качып кутулбаса, башка арга экендигин билди. Аңгыча бир үйгө жетип, машина токтоду. "Келин келди" - деп үйдөн эки-үч аял жүгүрүп чыкты. Туш-туштан жалынып жалбарып үйгө алып кирип башына жоолук салышты. А кыз болсо эч шек алдырбай тигилердин оюу менен боло берди. Кыз башка кыздардай ыйлап сыктап чатак чыгарбаганы жеңелерине жакканы менен жигиттерди таң калтырды.

Ошентсе да "күйөө" бир жеңесин сыртка алып чыгып "сак болгула" дегендей шыбырап бирдемелерди айтты да, жолдоштору менен машинага түшүп каякадыр жөнөп кетишти.

Имарат сыр билгизбегени менен көңүлүндө ойлогон оюу бул үйдөн качып кутулуу. Бир кезде ал жанындагы аялга жылмая карап:

- Жеңеке эгерде айып этпесеңиз бирөөнү кошуп бериңизчи, тышка чыгып келели? Же уят болобу?

- Эмнеге уят болмок эле ботом, чыгып келгиле - аял он эки жаштардагы кызга карап:- Айгүл, жеңең менен эшикке чыгып келчи балам. Мен камыр жая коеюн, - деди.

Имарат кыз менен жетелешип алып огородун башына чейин барды.

Ушул кезде аркы жолдон бирөө өтүп бараткан болуучу. Аны көрүп олтура калды. Анан жанында турган кызга:

- Ай, кичине кыз! Үйгө барып менин жоолугумду алып чыгып бериңизчи. Жана үйдө эч ким жогунан башымдагы

жолугумду алып койбодум беле. И-и, кудай-ай көчөдөн ары бери өткөндөр көрсө эмне дейт, уят го ыя...

Айгүл үйүн көздөй чуркаганда Имарат да жылт берди. Огородду айланып өтүп, чоң жолго чыгып буту үзүлгөнчө чуркады. Анан бирөөлөр кууп келатпасын дегендей, артын кылчая карады. Эч ким көрүнбөйт. Аңды-дөңдү карабай токтобостон чуркай берди.

Бурулуштан өтө бергенде автобус токтоочу аялдама көрүнүп калды. Ал жерге жакындай бергенде колдоруна түйүнчөк кармаган бир-эки кемпир жана токтонуп калган салабаттуу эки-үч кишилерди көрүп жүрөгү жай ала түштү.

Мындайда убакыттын өтүшү да тозок болот окшобойбу. Автобустун келиши кыйын болду. Имарат кол саатын тынымсыз карай берди. Эгерде автобус келбей калса айлам эмне болот деп чочулай баштады. Жүрөгү көөдөнүн жарып чыкчуудай түрсүлдөйт.

Сансыз ойдон кутула албай ары бери баса баштады. Бул кезде күн чоктой нуру менен батышты алоолонтуп тоо артына жашынып бараткан болчу.

* * *

Ал эми болуп өткөн окуя жөнүндө Имараттын апасы да, Татьяна Петровна да, коллективи да эч нерсе биле элек болчу.

* * *

Эртеси Имараттын жердеши "күйөө" баштарын жерге салып, милицияда эриндерин кесе тиштеп өкүнүп отурушту.

*1977- жыл, Өзгөн шаары*





## САГЫНГАН ЖАЗ КАЙРА КЕЛДИ

### (Этюд)

Эстедим айлуу түнү сени күткөн,
Кыналып чачың сылап бетиң өпкөн.
Жымыңдап бакыт каалайм деген өңдүү,
Жылдыздар көз ымдашкан бизге көктөн.

*(Күндөлүктөн)*

Бүгүн жайыттан кеч кайттым. Кой козуларды короого киргизип, жем чөп салдым. Буту колум талыкшып чарчаган менен көңүлүм көтөрүңкү. Үйгө кирип кийимдеримди алмаштырып ичимден обон кайрып жаңы келген гезит журналдарды алып диванга отура кеттим. Колумдагы гезиттин төртүнчү бетинде "Жазгы маанайыңыздарга" деген рубриканын алдындагы ырларды окуп жатып, сенин ыр саптарыңды көрө койдум. "Нургүл..." деп шыбырады эриндерим. Жүрөгүм ырларыңа суктанып түрс түрс согуп көңүлүмдө мага ыраазы боло ырларыңды кайра кайра окуй бердим. Кыялым алып учуп, алда кайда чабыттайт. Өзүмчө кубанып толкунданып аттым. Кубанбай анан, классташ курбумсуң. Көптөн бери көрүшпөй сагынгандыктанбы, тоо суусундай ташкындаган сагыныч менен колуңду бек кармап куттуктагым келди.

Сен жөнүндө ойлоп отуруп, тышта эмне болуп атканын байкабаптырмын. Капыстан үрөй учурган добуштан селт эттим. Жаан жаап жатканын ошондо билдим. Жазгы күн жаш баладай деген ушул. Азыр эле ачык турган күн минтип...

Асман тилинип кеткендей бир катуу жарк этти да дүңгүрөгөн үндөн жер солк дей түшкөндөй болду. Ордумдан кантип турганымды билбейм, кой короого атып чыктым. Күркүрөгөн күндөн корккон го, койлор короонун бир жагына ыктап калышыптыр. Сыртта жамгыр төгүп жатты. Бул быйылкы жаздын алгачкы жамгыры эле.

Эсиңдеби, Нургүл онунчу классты бүтүрүп, турмуш путёвкасын алуунун алдында турганбыз. Классташтарымдын көпчүлүгү жогорку окуу жайына тапшырууну чечишти, мен болсо чабандык кесипти тандап алдым. Бир гана сенден бөлүнүп калуу мен үчүн оор эле. Эмнегедир көпкө чейин жүрөгүм сыздап, кантеримди билбей жүрдүм. Көрсө, сага талпынган алгачкы махабатым тура! Көңүлдө баккан сырымды сага ачалбадым.

Жаан дале жаап жатты. Ушул тапта кыялыма бир кездеги жаанда калган күн эсиме түштү. Ошондо да жаздын алгачкы күндөрү эле. Жерге көк чыгып, талаа түздөр жашыл тартып, алма өрүктөр тегиз гүлдөгөн маал болчу. Сен экөөбүз тоого барып гүл терип келүүгө убадалашканбыз. Күткөн күн да келип тоого карай сапар алдык. Сен мага караганда шайыр ачык айрым күлкүчү кыз элең. Өзүңдүн ушул жылажыңдай шыңгыр күлкүң жана жумшак мамилең менен класста гана эмес, мектеп боюнча урмат сыйга татыктуу болчусуң.

Жол катары окуган китептериңден кызыктуу аңгемелерди айтып олтурдуң. Менин унчукпас уяң мүнөзүм жакпадыбы, айтор тамаша сөз менен чымчып зериктирбедиң. Ошентип, кызгалдактуу кыраңга жетип калдык.





- Тигине кызгалдактарды... карачы дегенче менден мурда өзүң көрдүңбү, кебим бүтпөй оозумда калып тызылдаган бойдон кеттиң.

Кыпкызыл болуп ачылган сансыз кызгалдактар адыр түзгө айдап койгондой көз жоосун алып не бир ажайып кооз.

Мен барганда сен гүлдөрдү аралап шашыла үзүп аткан экенсиң. Артыңан ээрчи терип баштадым. Кучагымда толо гүлдү сага сундум. Кубанганганыңды байкап аттым. Бирде гүлгө бирде мага карап рахмат айтып кубанчыңды жашырбай аттың. Өзүң кийген гүлдүү көйнөгүң кучагыңдагы гүлгө жарашып ажарың ачылып ого бетер сулуу көрүндүң.

Биздин гүл терип бүтүшүбүздү гана күтүп тургандай ала булуттар заматта коюлуп өтүп дыбыратып жаан жаап кирди. Сен кучагыңдагы гүлдөрдү жаандан корголоп айлаң кетип жатты. Жаз жамгыры катуулап шатыратып жаап кирди.

Эмелеки таттуу оюмду радиодон:

- Нүргүл Сыдыкова бүгүн биздин студияда мейманда, анда эмесе ал өзүнүн жаңы жазылган ырларынан окуп бермекчи, - дегенде радионун кулагын чоңойткончо шаштым.

Сагынам жаз атыр жыттуу күндөрүңдү,
Кой жайып адыр-белес жүргөнүмдү.
Кайра эстейм сенден жаңы бөлүнсөм да,
Эңсей берем ачылган тоо гүлдөрүңдү.

Ооба Нургүл сен сагынган жазды мен да сагындым. Сенин жазың менин жазым, экөөбүздүн жазыбыз.

Сагынган жазыбыз кайра келди.

## КЕЧ КЕЛГЕН ЖАЗ ЖАМГЫРЫ

**Сценарийдин автору: Мураталы Турдубаев**
**Толук метраждуу көркөм фильм**
***(Кинодрама)***

Бул кинодрама: адам баласынын жеке жашоодогу коомчулук билбеген ички дүйнөсүндөгү тайкы тагдырынан кабар берет.

**Катышуучулар жана ролдорду аткаруучулар:**
**Башкы ролдордо:**

1. Нурлан – 43 жаш
2. Роза – 36 жаш
3. Дайырдын атасы – 50 жаш
4. Дайырдын апасы – 47 жаш
5. Жаркынай – 20-30 жаш
6. Дайыр – 25 жаш
7. Руслан – 25 жаш
8. Эрмек – 21 жаш
9. Малвина – 19 жаш
10. Айка – 20 жаш. Ж.б. эпизоддогу адамдар катышат.

**Окуя шаарда өтөт.**

Иш бөлмө. Төр жактагы дубалда Кыргыз Республикасынын президентинин портрети илинип турат. Дубалдын оң тарабындагы китеп текчеде түрдүү китептер. Шкафтын алдыңкы текчесинде гезит журналдардын тиркемелери. Анын жанында рамкадагы береги кыйгачынан коюлган менин портретим. Бул бактылуу ирмемдер эле. О анда жаштык жылдызым жанып, жазма адабиятка чоң ийгиликтерди жаратып, ар бир күнүм кубаныч шаттыкка





бөлөнчү. Ооба стакандар кагышып, каалоо тилектер айтылып, Нурлан Абакирович! – "Көшөгө артында чыгарылган өкүм" романыңыздын экинчи бөлүгү жөнүндө окурмандарыңызга айтып бере аласызбы? – деп артымдан калбай чуркаган журналисттер...

Улуттук жана жеке теле каналдар үчүн мен Урматтуу Нурлан Абакирович элем. Аял заты атак-даңкты. акчаны байлыкты жакшы көргөн жан болушат эмеспи. Той тамаша туулган күн менсиз өтчү эмес. Береги сүрөттө жылмая карап турган келинчегим Турабай Алымкожоевичтин карындашы Роза.

Ошол шатыра-шатман шаттык бактылуу күндөр мен үчүн бүтпөчүдөй сезилчү .

Мезгилдер токтобой күз кышка кыш жазга алмашып өтүп жатты.Баякы сапырылган акчалар азайып, акыры кризиске алып келди. Машиналар сатылды. Үй күрөөгө коюлду. Баягы назик аялым Роза ажыдаарга айланды. Ортобузда сүйүү өчсө да, жашоодо сүйүү бар – деп далай теле кечелерде жаштарды жактаган учурум болгон. Жаштык кезде сүйүү оту көзүңдө жанып, акча-байлыгың болбосо тез эле өчүп калат тура. Сүйүү бул азгырык! Акча – байлык сүйүү! Ошон үчүн дүйнөкорлор жаш кыздардын, назик сезимин тебелеп, ыйманына түкүрүп-кордоп, басып кеткендер жокпу? Андайлар арабызда дале жүрү.

Арадан саналуу жылдар өттү.

**Роза:** Акча таппаган эркектин мага кереги жок!

- Чыгып кет үйдөн – деп кууп чыкты. Ошол кезде Розага карама каршы сөз сүйлөө мүмкүн эмес эле. Оозунан ак ит кирип кара ит чыгып жатты.

**Нурлан:** Роза эсиңе кел! Турмуш бузулганы турат. Ортобузда таза сүйүүлөр болгон! Акча – байлыксыз эле жашасак кантет. Анткени ортобузда балдарыбыз бар эмеспи.

**Роза:** - Түкүрдүм ошол сенин сүйүүңө! Мобул китеп журналдар акча болот десе – мен кемпай жаным ишенип жүрүпмүн! Урдум! Сенин жазган чыгармаларыңды!

Ошентип көп өтпөй Роза экөөбүз ажырашып эки жээкте калдык. Роза бир банкирдин аялы каза болуп, ага турмушка чыгып эки ай араң жашады.

**Нурлан:** ...Бул жашоодон тажадым. Каякадыр алыс жактарга кетпесем: Жашоодо кубанычым да, соороторум да ушул арак болуп калды. Араксыз жашоонун кереги жоктой мага. Аракты ким ойлоп чыгарды экен.

Ээ! Ким ойлосо ошонуку да. Нурлан оор үшкүрдү. Эгерде мен алыска кетсем жалгыз уулум Адилетке эмне деп айтам. Ал: Ата - жакында жаз келет келиңиз! – деп кат жөнөтүптүр. Анан экөөбүздүн сүрөтүбүздү кошо жибериптир. Уулум мени качан келет деп күтүп жүрөт. Арактын азабынан уулумду да көрө элекмин. Уулума баргым келет, бирок кайсы кебетем менен барам. Кантип мен сенин атаңмын! – деп айтам.

Уулумдун апасы мени таштап Россияга кетип калды. Ушунун баарына арак күнөөлүү! – Жоок! Жок – арак эмес, аракты ичпей коё албаган эрки бош мен күнөөлүү.





- Кичинекейим! Күчүгүм! Сен айылдасың мен шаарда өлбөстүн күнүн көрүп жүргөнүмдү билбейсиң да, билгенде эмне? Билбей көрбөй эле койгонуң жакшы. Ата мен чоң бала болуп калдым жакында мектепке барам деп кат жазганың эсимде! Айланайын берекем! Уулум көз алдыма келип көзүмө жаш алдым. Чынын айтсам уулума 100 сомдук оюнчук машина жөнөткөндөн башкага жарабадым. Арак менен дос болгондон бери көңүлдөшүм да, аялым да арак болуп калган болчу. Өз үй бүлөсүн бага албаган атанын кимге кереги бар?

Баш аягы жок түрмөктөлгөн суроолорго жооп таба албай, көк түтүндү кере кере соруп кабинетте жалгыз олтурдум. Шеф келсе эмне десем? Кечээ жумушка чыкпай калганыма бир шылтоо айтышым керек.Дагы эмне деп калп айтсам? Бирок качанга чейин?... Баары көңүлгө тийип бүттү. Эки жүздүүлүк менен өмүр бою жашоого мүмкүн эмес. Өзүмдү өзүм жек көрүп кеттим.

Ошол кезде эшик ачылып, кабинетке жарк этип сен кирип келдиң. Коллектив арасында жашы да, сулуусу да сен элең. Сүрөтчү колу менен көркөмдөп койгондой сенин сулуу келбетиңе ашык болгондор артыңан калбай айлангөчөк болуп, менин жарым болсо экен деп – сугун артып чуркагандарды далай жолу байкагам. А мен арак менен достошкондон бери эч бир сулуунун келбетине суктанып, мээримине жүрөгүм жылыбай калган. Сен мени менен жылуу учурашып, маңдайымдагы олтургучка коомай отурдуң. Көк түтүнгө чулганып сансыз ойлордун кучагынан чыга албай турганымда ойдо жок жерден кирип келгениңди каалабадым. Кайра сага эмнеге келдиң эле? – дегендей көзүмдө огум болсо атып

жиберчүдөй олурая карадым. Сен менин тунжураган оюмду бөлгүң келдиби? Айтор сөзгө тарттың.

**Жаркынай:** - Гезиттин өткөн санында "Башы сасыган балыктар" аттуу фельетонуңуз аябай жакты. Кай жерге барба сиз жөнүндө журналисттер кеп кылып жатышат. Айрыкча "Кой терисин жамынган каапырлар" дегениңизчи?

Шыңкылдап күлүп жибердиң. Сен күлүп же жылмайып койсоң ажарың ого бетер ачылып, күлкүң булактын шылдырап аккан суусундай көзүмө жарк дей түштү. Мен да аргасыз жылмайдым.

**Жаркынай:** - Сизге жылмаюу абдан жарашат экен. А эмне үчүн дайыма суз жүргөнүңүздү түшүнбөйм?

Жообумду күтпөстөн эле ал:

Нурлан байке! Үйдөгү эмеректерди жылдырууга күчүм жетпей, сизе жардам сурап келдим. Убактыңызды бөлүп жардам бере аласызбы? Мен үнсүз баш ийкедим. Сенин өтүнүчүң шефке көрүнбөөнүн эң жакшы шылтоосу болду. Шефтин карындашы болуп туруп, мага жардам сурап келгениң аябай жакты. Шефке куш тилиндей кат жазып, секретарга берип Жаркынайдын үйүнө жөнөдүм. Сени менен бирге басуу ар бир эркек үчүн бактылуу болгонуна карабастан, көңүлсүз бараттым.

**Жаркынай:** - Нурлан байке! Сиз кийинки күндөрү аябай чөгүп, маанайыңыз суз тартып кесиптеш досторуңуздан оолактап жүргөнүңүздүн себеби барбы? Кээде кесиптештериңизге да орой сүйлөп коёсуз. Сиздин кескин өзгөргөн мүнөзүңүз жөнүндө коллектив арасында





ар кандай сөздөр аралап жүрөт. Алардын ичинде мен дагы түшүнбөй жүрөм. Аярлуу суроо узаттың.

**Нурлан:** - Баары сурап бүтүп, сурабаган сен калдың эле? – дедим ичимден. Суроонду укмаксан болуп жоопсуз калтырдым. Сени менен жанаша басып бараткнымды жолдо тургандар суктана карашса, кээ бирлери сени мага ыраа көрбөй кызгана карап жатышты. Мунун баарын жон терим менен сезип жаттым.

**Жаркынай:** - Байке! Бак аралай басалычы? дедиң жадырай карап.

Мага азыр бак араламак турсун, андан кооз жайлар да кызыктырбайт болчу.

**Жаркынай:** - Аий карасаңыз! Быйыл жаз эрте келеби? – дейм! Бактар бүчүр байлап калыптыр!

**Нурлан:** Жаркынай көп сүйлөбөчү! Чынын айтсам менин жүрөгүм алда качан муз болуп тоңуп калган. Жаз келеби, күз келеби мени кызыктырбайт – дедим корс эте.

Сенин таза жүрөгүңө менин жообум оор сокку болду белем жаагың жап болду. Ооба сен билгендей, баягы шайыр мүнөзүм жоголуп, коомдон четтеп жалгыз калган болчумун. Сен уккан мурдагы ыр-күлкү шатыра-шатман күндөр, кумга сиңгендей жоголгон болчу. Биз бири бирибизге үн катпай бешинчи кабатка көтөрүлдүк.

Эшикти ачып илбериңки үйгө киргиздиң. Эмеректер баары ирээти менен коюлуп, үй ичи таза экендиги байкалып турат.

**Жаркынай:** - Нурлан байке! – сиз мен үчүн улуу адамсыз! Сиздин гезит беттерине омоктуу ой салган

макалаларыңызды калтырбай окуган туруктуу окурманыңыз экениме сыймыктанамын. Кечээ күнкү летучкада башкы редактор сизди мактап биздин сыймыгыбыз – деп айтты. Сенин мындай мактоо сөздөрүңдү уксам да укмаксан болуп, үй ичин сыдыра карадым. Сен жашсың, көңүлүңдө бирөөнү бактылуу кылар убагың! Раймалынын мен бойдок кезде кайда элең – деген армандуу ыры жүрөгүмдү тилип кетти.

**Нурлан:** - Мен өлгөн адаммын! Өлгөндөр эч качан кайра тирилбейт – дедим ичимден күбүрөп. Сен алыстан келген кадырлуу конок күткөнсүп кенен дасторкон жайдың. Анан дасторкон үстүнө койкойтуп бир бөтөлкө арак койгонуңда дасторкон ажары ого бетер ачылып, бөтөлкөнү көргөндө денеме кан жүгүрүп, шилекейим куюла түштү.

**Нурлан:** - Акылыңдан айланайын, Жаркынай! – деп бөтөлкөнүн оозун ачканга шаштым. Ашканада жүргөн сени күтпөстөн, чоң стаканга толтура куюп жутуп жибердим.

- Оох! Арактын кадырын арак ичкен билет – дегендей, жанатан берки көңүлсүздүк жоголуп чекем нымшый түштү. Койкойгон бөтөлкө заматта көзүмө сулуу көрүнүп кетти. Көңүлүм көтөрүлүп, кабагым жарк дей түштү. Аңгыча кызыл гүлү бар кооз халат кийип чай көтөрүп маңдайыма келип олтурдуң. Ошол кезде жамалыңа сулуу келбетиңе арбалып бараткынымды сезип, көзүмдү сенден ала качтым. Менин маңдайымда





сен эмес, кызгалдакка конгон көпөлөк олтургандай болду.

- Халатың аябай кооз өзүңө куп жарашат экен!
- Аа! Аа! Ха! чын элеби? – деп күлүмсүрөдүң.

**Жаркынай:** - Нурлан байке! Жаман сөздөрдү оозуңузга албаңызчы! Шайтандын гана үмүтү жок деп айтышат. “Ачыла элек сандыкта бычыла элек кундуз бар” – дегендей жазарыңыз алдыда калемиңиз колуңузда. Аа баса сүйүнчү! Жогор жактан сиздин чыгармачылыгыңызды баалап, чечим чыгарыптыр. Сизге “Алтын калем” төш белгиси берилерин айтышты.

- Куттуктаймын! Кудай буюрса сиз адашкан жолдон кайра келесиз! Мен сизге ишенем. Сенин сөздөрүңдү угуп баш ийкеп, экинчи стаканды да көтөрүп жибердим. Сен мага жалооруй карап, аяп турганыңды сезип жаттым.

**Нурлан:** - Жаркынай! Алтыным берекем! Мен сыягы бул жолдон чыга албай калдым окшойт. Сенин жылуу сөздүрүңө рахмат.

Сенин карагаттай көздөрүңө тигиле араң карадым. Жалооруган каректериңе жаш толуп, апакай назик колдоруң менен саамай чачтарымдан сылап:

**Жаркынай:** - Минтип айтпасаңызчы! Сиз болгону өз таянычыңызды жоготконсуз! Турмушта ар бир адамдын өз таянычы болот эмеспи.

- Менин турмушумда да бактылуу күндөр болгон. Ал кезде мен борбор шаарыбыздагы кыз келиндер педагогикалык институтунун кыргыз тили факультетинде окучумун. Институтту бүтөр жылы Дайыр аттуу жигит уйгактай жабышты да калды. Ал

шаардын вице-мэринин уулу экен. Менин Дайырга болгон сүйүүм жок болчу. Ал мени китепканадан акмалап жүргөнүн сезчүмүн. Бирок көңүл бурчу эмесмин.

Анткени ал менменсип, бой көтөргөн көп кыздарды теңине албаган корс жигит эле. Көп кыздар анын артынан чуркап, өпкөлөрүн чабышчу. Сыртынан жаман жигит көрүнчү эмес. Ал дайыма жаңы үлгүдөгү иномарка айдап жүрчү. Менин ага көңүл бурбаганымдан экиден кыздарды кучактап көзүмө көрүнчү. Дайырга болгон сүйүүм жок болгондугуна байланыштуу жүз кыз менен жүрсө да мени кызыктырбайт эле. Күндөрдүн биринде мындай окуя болду.*(Ал менин жолумду бак ичинен тороду.)*

**Дайыр:** - Жаркынай сен эмне мени көзүңө илбейсиң!

- Сен кимсиң! деги. Ата-энең тегиң ким! Сен туруксуз үй-бүлөдөнсүң! Ата-энең ажырашкан. Экөө эки башка жашайт.
- Сен тентимиш "бродягасың"! Мындай сөздү мурда укпагандыктан ызаланып аны жаакка чаап жибергенимди байкабай калдым. Экинчи кол көтөргөнүмдө ал колумду кармап калды.

**Дайыр:** - Ушул кылганың үчүн менин катыным болосуң! Мен сени аялдыкка алам! Мына көрөсүң! – деп басып кетти.

**Жаркынай:** - Колуңдан келбейт! – деп артынан кыйкырып калдым. Ата! Апа! – эмнеге ажыраштыңар экен! – деп бир топко бак арасында басып жүрүп ыйлап алдым.





*Руслан, Дайыр, Тима, Жекшен аттуу достору менен кафеде пиво ичип гүүлдөп олтурушту.*

**Дайыр:** - Кана достор! Русландын Египеттен Кыргызстанга аман эсен келиши үчүн тост көтөрүп коёлу!

**Тима:** - Бизнесиңдин ийгилиги үчүн! Тима ордунан турду. Ураа! Ураа! Бизнес үчүн! Руслан официант кызды өзүнө чакырды. Дагы бирден кружка пиво анан бир бөтөлкө арак алып кел! – деп буюра сүйлөдү. Ха! Ха! Ничево девка! – деп кыздын жоон санын карап, каткырып күлүп калды.

*Жаркынай, Айка менен квартирада бирге жашоочу. Айка жанынан артык көргөн сүйгөн жигитинин аты Эрмек. Эрмек Айка менен ар бир жолугушусунда кучак толо роза гүл белекке берчү. Айка болсо Эрмекке көңүл бурбайт. Бир күнү менин көзүмчө букет гүлдү алып туруп, короонун ичине ыргытып жиберди да.*

**Айка:** - Келбе! Экинчи жабышпа! Мен сени сүйбөйм! – деп үйгө кирип кетти.

Экөөбүз кечки чайга олтурганда Айкага сөз салдым.

**Жаркынай:** - Айка! Эрмек жакшы жигит! Мындай бала таппайсың! Эмнеге анын көңүлүн оорутуп мамиле жасайсың! Өзүңдү сүйгөнгө турмушка чык деген сөз бар элде.

**Айка:** - Мен сен айткан Эрмекке эмес, Руслан аттуу жигитке турмушка чыгам!

**Жаркынай:** - Мурда Руслан дечү эмес элең! Жакында таанышкансың го?

**Айка:** - Ооба жакында тааныштырам. Ал Эрмектей бечара эмес! Минген машинасы БМБ. Өзү таза симпатичный.

Кийген спортивкалары итальянский 10 миң сомдук. Акчасы чөнтөктө саман! Жүргөн жерлери ресторан кафе. Өзүнүн Индияда дары-дармек чыгарган ишканасы бар экен. Мени Индияга алып кетем! – деди.

**Жаркынай:** - Айка ал сени жөн гана башыңды айландырып жүрөт. Акчасы көп балдар кыздарды байпак алмаштыргандай алмаштырат. Сени менен төшөктө бир жаткандан кийин, сени ыйлатып туруп таштап кетет.

**Айка:** - Оозуңа кара таш! Менин жакын курбум болуп туруп ушул сөздү кантип айтып жатасың?

**Жаркынай:** - Ээй! Айка! Мени туура түшүн! Сен мага Дайырды тааныштырдың. Ошол күндөн бери проблеманы башыма үйдүң!

**Айка:** - Дайырга каалаганыңды алдырып, каалаганча жыргап албайсыңбы? Руслан менин каалаганымды жасайт!

**Жаркынай:** - Бул сен үчүн кылгандарынын баары убактылуу гана. Руслан сени сүйбөйт. Жөн эле убактылуу көңүл ачуу үчүн алып жүрөт. А Эрмек түбөлүктүү.

**Айка:** - Эрмек! Эрмек деп бир келесоону айтасың! Өзүң тийип ал ошол Эрмекке! Русланга тил тийгизбе! Эмне ичиң күйүп жатабы? Мен сени жек көрүп калдым! Русланды менден тартып алгың барбы? Пашла ты сучка! Мен сени менен жашабайм! Кетем. Ал кийимдерин сумкасына сала баштады.

**Жаркынай:** - Сен баары бир Эрмекке турмушка чыгасың! Эрмек баарын кечирет. Ал сени сүйөт.





**Айка:** - Сен көзү ачыктык кылбай эле кой! деди да таксиге түшүп жөнөп кетти.

*Бак ичиндеги аллеяда Эрмек менен Айка келе жатты.*

**Эрмек:** - Айка токтосоң! Эрмек Айканын колунан тартып токтотту. Айканын көзү бакырайып Эрмекке ачуулу карады.

**Айка:** - Эмне! Дагы эмне айтмакчысың! Мен сага жооп бердим эле го? Сени менен сүйлөшкүм келбейт.Уктуңбу? Болду артымдан чуркаба.

**Эрмек:** - Сага эмне болгон? Мурда мындай эмес элең го. Сен экөөбүз бири-бирибизге түбөлүккө бирге болобуз – деп ант беришпедик беле? Эмне мени чанып башканы таап алдыңбы?

**Айка:** - Ооба! Таптым! Сенден башканы таап алгам! Ал сендей бечара эмес! Ал эркек! Мен айткандын баарын жасайт. А сен акчасы жок бир байкушсуң! Сөздүн кыскасы сен Русландай боло албайсың. Сен өзүңө окшош кыз таап ал! Сен менин теңим эмессиң! Айка артына бир кылчайып карабастан тез тез басып кетти. Эрмек колундагы нанын итке тарттырып жиберген баладай, делдейип туруп калды.

*Айка бакты аралай басып, Филармониянын аялдамасына барды. Арадан эки мүнөт өтпөй кара мерс машина келип, Айканы салып, батыш тарапка сызып кетти. Артынан чуркап келген Эрмек машинага жетпей калды. Ал Айканы иномаркага салып кеткенин өз көзү менен көрдү. Ичи тыз эте түштү.*

Эрмек бул окуяны унутууга канчалык аракет кылса да, Айканы катуу сүйгөндүктөн унута албады.

Айка машинанын ичинде Русландын моюнуна асылып, эркелеп жатты. Руслан каткырып күлүп Айканын бетинен өөп коюп келатты. Машина асфальтта зуулдап баратты. Алар шаардын эң кооз кафесине келип токтоду.

Экөө эки адамдык кабинага кирип олтурушту. Кафе ичинде сыбызгыган жеңил музыка ойнолуп турду. Аңгыча вальс башталды. Айка башын

Русландын көкүрөгүнө жөлөп бакыттын бешигинде термелгендей үн сөзсүз. Ошол убакта Айкадан өткөн бактылуу жан жок эле. Бул бактылуу мүнөттөр убактылуу экенин Айка сезбеди. Кыздар бир кызык жан болушат. Байлыгы бар акчалуу жигиттер жолукса эле мени сүйөт деп өпкөсүн чаба беришет.

Убактылуу оюн болгонун таштап кеткенден кийин гана билип, көзүнүн жашын көл кылып, олтуруп калышат. Өзүнүн таза кыздык белгисин алдыргандан кийин гана өз намысына келиш сүйүүнү жек көрүп да калат.

Руслан азырынча Айкадан башка кыз таба элек. Эгерде башканы тапса, жаны көйнөк кийгендей алмаштырат. Анын үстүнө Айка менен бир төшөккө жата элек.

Арадан бир ай өтпөй мейманканада Айка менен бир төшөккө жатканга үлгүрдү. Мына эми Айка эскирди. Эми Айкага белгилүү акчасын берет да жолго салат. Руслан Айканы сүйбөйт. Айка сүйөт деп ойлойт.

Көчөдө ойлуу басып Эрмек келе жатты. Ал бак ичиндеги олтургучка көчүк басты. Анын так маңдайында кучакташа





кыналышкан кыз жигит олтурду. "Сүйгөнүңдү бирөөгө өптүргөнчө өлгөн жакшы" – деген Отеллонун сөзүн эстеди.

**Эрмек:** - Кайдасың! Айка! Мен сени унута албадым! Жаным!

Сен кайрылып келесиң! Мен баарын кечирем.

Руслан атасы Осмондун үйдөгү иш кабинетине кирди. Ал эки жагын аяр карап, шашып столдун суурмаларын, шкафтарды карап жатты. Ал акча койчу шкафтын ачкычын таап алды. Акча сактаган жерден өзүнө керектүү акчаларды алып эшикке чыгып кетти.

Айка менен Руслан парк алдындагы эстеликтин алдында жолугушту. Адаттагыдай эле Айка Русландын моюнуна асылды эле, Руслан колун алып, көкүрөгүнөн ары түртүп койду. Ошол замат Айканын өңү өзгөрүлө түштү.

**Айка:** - Эмне болду сага түшүнбөдүм.

**Руслан:** - Ооба! Түшүнбөсөң түшүнүп ал. Сен жакпай калдың! Экөөбүздүн соодабыз бүттү!

- Ты! Не нормальная! Ты из бедной семьи! Мен сага үйлөнө албайм! Мен сени сүйгөн эмесмин! Сен мага ойноп көңүл ачканга гана керек болгонсуң.

**Айка:** - Ушул сөздү Руслан сен айтып жатасыңбы? Айканын көзүнөн жаш айланып, Русланга тигиле карады.

**Айка:** - Боюмда бала бар, анын тагдыры эмне болот?

**Руслан:** - Бала болсо эмне кылайын. Төрөтканага тапшырып сал!

**Айка:** - Мен сени сүйөм! Мени таштабачы! Суранам! Айка Русландын тизесинен кучактады. Мен сенсиз жашай албайм!

**Руслан:** - Нет Айка! Сен менин акчаларымды сүйгөнсүң туурабы? Сага акча гана керек! Ме! Алгын да кет! - деп кочуштаган акчаны мыжыгып Айканын колуна карматты.

**Айка:** - Руслан акча эмес сен керексиң! Айка Русланга жармашты.

**Руслан:** - Что тебе мало да! Руслан бир тутам акчаны анын эмчек калтасына тыгып, ары түртүп жиберди.

**Руслан:** - Получила! Пошла! Воон! Уходи! Видет тебя не хочу! Руслан тура жөнөдү. Руслан кетпечи! Айка артынан чуркады. Айка Русланга жетип костюмунан кармаганда, - Пошла ты! Сучка! Шлюха! Иди воон! Түртүп жиберди. Айка ыйлап олтуруп калды.

**Айка:** - Руслан токто! – деп кыйкырды. Тура калып артынан жүгүрдү. Руслан машинага жакындаганда, машинанын жанында жаңы кыз, кундуздай кулпунган Кундузка турду. Руслан барганда Кундузка моюнуна асылды. Кучакташып өбүшкөн соң экөө машинага түшүп, заматта көздөн кайым болушту. Буларды көргөн Айка тык токтоду. Ошондо "сен ага ишенбе! Таштап кетет!" – деген Жаркынайдын сөзүн эстеди. Айканын көзүнүн жашы сары жалбыракка таамп жатты. Эрмек кандай абалда калса Айка дагы ошондой абалда калган болчу.





Кундуз Русланга эркелеп, бактылуу болуп бара жатты. Кундуз да Айкадай болуп каларын али билбейт болчу. Ал азырынча бактылуу.

Русландын атасы Осмон Кожоевич шаардагы "Кыргызстан" аттуу үй куруу компаниясынын президенти. Оштон Москвага ташыган наркотиктердин башында турган "ана" башчысы ушул Осмон Кожоевич эле! Акчанын артынан түшкөн Осмон Кожоевич баласы Русландын жүрүм-турумуна көңүл бурганга убактысы болчу эмес.

2011 – жылы 20-ноябрьда Германиядан учуп келген Осмон Кожоевичти аэропорттон кармашып, колуна кишен салып, үйүндөгү байлык мүлкүн "конфискациялап" мамлекетке өткөрүп, өзүн түрмөгө олтургузду. Бул окуя Русланга капилеттен урулган оор сокку болду. Анын баягындай пачкалаган акчасы түгөндү. Кыйынчылыкка чыдай албай ичкиликке берилип кетти. Русланга кыздар жакын жолобой кача баштаган эле. Бир джинсы шым, бир свитер менен калган.

Айка эки күн квартирасынан чыкпай ыйлады. Акыры ойлонуп Эрмекке кайтып келди. Көздүү мончок жерде калбайт! – дегендей мончокту бирөө тешип койсо да, сүйүүнүн күчү керемет болуп, Эрмек өзү айткандай Айканы кучак жайып тосуп алды. Ошентип Айка Эрмекке турмушка чыкты. Эрмек баарын кечирди. Андан бери эки кар жаады. Бир балалуу болушту. Жашоо алдыда. Турмуш өзгөрдү.

Дүкөнгө нан алганы барсам, бейтааныш үч жигит мени зордоп машинага киргизип, Дайырдын үйүнө алып барып, олтургузуп коюшту деп баштады сөзүн Жаркынай. Апасы шаардагы бир чоң мекемени башкарат экен. Атасы шаардын депутаты, вице-мэри экенин билдим. Мен Дайырдын ата-энесине жакпай калдым.

**Апасы:** - Дайыр эмнеге үйлөнөм деп бизге айткан жоксуң!

- Сюрприз болсун дедим! Апа!

Апасы баласынын маңдайына келип, сөөмөйү менен мени көрсөтүп, жаңсай сүйлөдү.

**Апасы:** - Тиги банкир Аманбек Мусаевичтин Америкада окуган кызын алып беребиз дебедик беле? Ата-энеси менен "жан" куда болуп сүйлөшүп койгонбуз! Алар укса эмне деген ойдо калат. Анын үстүнө Аманбек Мусаевичтин банкынан 2 миллион доллар кредит алганбыз.

- Баңың барбы? Дайыр сенин тагдырың биздин колубузда. Бул кызды бүгүндөн калтырбай үйдөн жогот! Уктуңбу!

**Дайыр:** - Уккан жокмун!

**Апасы:** - Кантип сүйлөшпөй үйлөндүң!

**Дайыр:** - Балдар ортосунда мелдешип, ала качтым!

- Апа! Менде да намыс бар! Бул менин жеке жашоом, атам экөөңөр бизге киришпегиле!

**Апасы:** Жаңы маркадагы машиналарды тандап мингизип, чөнтөгүңдү акчага толтурган ким? Каалаганыңды алып берип тайраңдаткан ким? Жооп берчи?...Дайыр жер карап, үн чыгарган жок.

- Атаң Германиядан келгенче бул шуркуяны үйдөн жоготосуң! –деп экинчи кабатка чыгып кетти. А мен үйдүн бурчунда бышактап ыйлап жаттым...

**Жаркынай:** - Дайыр! Суранам, мени бошотуп койчу! Баары бир экөөбүз бирге жашай албайбыз! Өзүңдү да, мени да кыйнабачы суранам.

**Дайыр:** - Мен досторумдун бетин кантип карайм! Катыным мени чанып кетти – деп айтайынбы. Андай болбойт. Ал ашканага барып чоң жалтыраган бычак алып келди.

- Эгер кете турган болсоң, мына ушул бычак менен биринчи сени өлтүрүп, анан өзүмдү өлтүрөм деди. Аргасыз тагдырга баш ийип, ал үйдө калып калдым. Дайыр мага суз мамиледе. Экөөбүздүн жүзүбүздө жылмаюу болбоду. Бактылуу күндөр, бири-бирибизге эркелөө, махабат болбоду. Төшөктө экөөбүз эки жакты карап жатабыз. Кудай жалгап боюмда бала болбоду. Ал бара бара ичкилик ичкенге өттү. Мага эки жолу кол көтөрдү. Тамакка олтурганда чыр башталды.

**Дайыр:** - Жаркынай мени эмнеге жек көрөсүң! Эмнеге сүйө албайсың! Эмнени каалasaң баары бар. Байлык десең мына! Алдыңда кымбат баалуу машина! Деги сага эмне керек!

-Акча десең мына! Мен унчукпай жер карадым. Ал аркы бөлмөгө кирип кетти да бир топ акча долларларды алып келип, бетиме акчалар менен бир сокту. Стол алдында акчалар жайнап калды. Мага да жан кирди. Ордуман ыргып тура калдым.

**Жаркынай:** - Сүйүү акча менен байлыкка сатылбайт. Мен эми сенден коркпоймун! Мени акчага сатып ала албайсың! Дайыр! – дедим жалтанбай.

**Дайыр:** - Урдум сенин сүйүүңдү! – деп жаак талаштыра бир чапты. Мен стол алдына кулап түштүм. Ал стол үстүндөгү ичиле элек тамактарды төгүп чачып, столду тээп талкалады. Фарфор чайнек, чынылардын быт-чыты чыкты. Менин туулган күнүмө белек кылган гүл салган хрустал вазаны терезеден алыс ыргытты. Дайыр шкафтагы идиштердин баарын талкалады. Ал шкафтан бычакты колуна алганда апасы менен атасы кирип келип кармап калышты.

**Апасы:** - Ушу чатактын чыгышына сен күнөөлүүсүң! Апасы мени олурая карады.

**Жаркынай:** - Мени бошоткула! Мен кетейин! Ошондо баары жайында болот – дедим ыйлаган калыбымда.

**Апасы:** - Дайырдын башын айлантып, кылгылыкты кылып коюп, эми мени коё бергиле дейт бети жок шуркуя! Дайыр сөзгө аралашты.

**Дайыр:** - Жок ата, апа! Жаркынай күнөөлүү эмес. Бул ызы-чууга силер экөөңөр күнөөлүүсүңөр! Эмнеге эле мени менен сүйлөшпөй үстүмөн тон быча бересиңер! Бул үйдө менин укугум барбы?

Мен силерге "робот" эмесмин да, мен да адам баласымын!

Мени менен сүйлөшсөңөр болобу? Биз айткан окууга оку! – дедиңер, кың дебей окудум! Банкир Аманбек Мусаевичтин дачасындагы алмаларын терип жыйнап бер! дедиңер жыйнадым. Дачасын сырдап ремонт кыл





дедиңер аны да жасадым. Эмне эле Аманбек Мусаевичти оозуңардан түшүрбөйсүңөр! Кошоматтын дагы чеги болот ата! Баарыбыз чогуу эле Мусаевичтин үйүнө кирип албайлыбы?

**Атасы:** - Жетишет! Акмак токтот сөзүңдү! Молокосос! Сен нандын кайдан келип жатканын билбейсиң! Сенин тагдырың биздин колдо. Сен эч ким эмессиң! Уктуңбу!

**Дайыр:** - Эми өзүм сүйүп үйлөнсөм кетир дейсиңер! Шаарда силерге окшогон "крутойлор" далай жаштардын бактысына балта чалып, алар ажырашып жатышат. Ушул диктатураңар менен мени дагы ажыратып тынасыңар бы ыя!

- Урматтуу Алим Аскарович! Тамара Жекшеновна! Мени уккула!

Жаркынай менин мыйзамдуу аялым! Ал үйдөн эч жакка кетпейт. Эгер кааласаңар бул үйдөн биз чыгып кетебиз.

**Атасы:** - Акчаң жок кайда барар экенсиң! Көрөбүз! Атасы мыйыгынан жылмайды.

Ошентип Дайыр экөөбүз башка батир таап чыгып кеттик. Дайыр даяр оокатка көнгөн экен. Акча таппай ичкиликке берилип кетти. Эки ай араң чыдадым. Бир күнү катуу мас болуп келип, уктап калганда документ, кийимдеримди алып, биз жашаган шаарды таштап, бул шаарга келе бердим.

## Алим Аскаровичтин ак өргөөсү

Малвина өзүнүн туулган күнүнүн урматына дасторкон даярдоо менен алек. Кош бойлуу болуп курсагындагы

баласына 8 ай болуп калса дагы жеңил кыймыл аракетте. Ал чынында эле Дайырдан көзгө көрүнө турган белек күтүп жүргөн. Ошол замат эшиктин коңгуроосу шыңгырады. Эшик ачылары менен Дайыр үйгө кызуу кирип келди. Ал Малвинаны кандайсың! – деп бир карап коюп стол бурчуна олтуруп соктон куюп ичти.

**Малвина:** - Сага эмне болгон? Туулган күнүмө куттук айтканга жарабайсың! Сен кийинки күндөрү аябай өзгөрүлдүң! Жакынкы күндөрү наристебиз төрөлгөнү турат. Бала менен да ишиң жок... же башка аял таап алгансыңбы?

**Дайыр:** - Ооба аялдар мени Дайыр алат деп жолдо тизилип кезекте турушат. Туулган күн! Төрөгөнү жатам! Эмне сенден башка аялдар оозунан төрөшөбү? Төрөсөң роддомго бар! Мага Манас төрөп бере тургансып кылыктанасың!

**Малвина:** - Сени менен сүйлөшүшкө болобу? Мени аялдыкка сен алдың беле? Экөөбүз үй бүлөбүзбү айтчы:

**Дайыр:** - Жакшы суроо бердиң! Аялдыкка алгансың деп...

Дайыр стаканга куюлган сокту колуна алып, Малвинага жакын келди. Дайыр Малвинанын көзүнө тике карап:

Мен сени аялдыкка алган эмесмин! Сени улуу урматтуу Алим Аскарович

Менен Тамара Жекшеновнанын өтүнүчү менен келгенсиң! Эгер чындыкты билсең сага болгон сүйүү жок! Биз экөөбүз заочно эрди катынбыз! Сүйүү акчага байлыкка сатылбайт!





**Малвина:-** Курсактагы баланын тагдырычы... эмне болот ойлодуңбу?

**Дайыр:** - Эч нерсе болбойт! Алим Аскарович менен Тамара Жекшеновнанын колуна төрөп бересиң!

**Малвина:** - Сага бала керек эмеспи?! Азыр неберелерди чоң ата, чоң энелер багып калышпадыбы? Айтканымда чындык болбосо мурдумду кесип берейин... Дайыр креслого барып олтурарда Малвина алдын тосту. Ушул айтылгандарды чын жүрөктөн айтып жатасыңбы? Көзүмө кара! Көзүнө жаш тегеренген Малвина Дайырга карады.

**Дайыр:** - Ооба! Чын айтып жатам! Ошол замат Дайырдын жаагы шак дей түштү.

**Малвина:** - Мен сени менен ажырашам! Бетин баскан Малвина аркы бөлмөгө чыгып кетти. Менден кеткен катын бир эле сен эмес. Эшиктен Алим Аскарович кирип келип Дайырды жаак талаштыра бир чапты. Экинчи кол көтөрөрдө апасы тосуп калкалап калды.

**Атасы:** - Ээй! Акмак эмне деп былжырап жатасың! Малвинаны капа кылып эмне сөз айттың! Үйдүн эркеси болуп көөп калган экенсиң! Тарбия көрбөгөн акмак! Деги сен кимсиң ыя!

**Дайыр:** - Малвинага эч нерсе кылган жокмун! Өзү ажырашам деди. Мен макул болдум. Ооба! Мен тарбия көрбөдүм! Сиз урматтуу Алим Аскарович! Мага тарбия бергендин ордуна! Акча! – деп бир тыйындын артынан тоголонуп жүрдүңүз.

**Атасы:** - Токтот акмак! Чыгып кет үйдөн!

**Дайыр:** - Чындык ачуу болот ата! Мен сүйгөн кызды үйдөн силер кууп чыкканда мен ызаланбадым эле го! Мен Малвина менен жашабайм! Эсеп 1-1 болду Алим Аскарович! Бул сөздөрдү укканда Малвинанын көзү тостоё түштү.

**Атасы:** Жогол! Үйдөн! Стол үстүндөгү гүл салган ваза менен Дайырды атып урарда вазаны апасы кармап калды.

Эртеси Малвина машинасын айдап ал үйдөн биротоло чыгып кетти. Дайырдын апасы канча ирет жолун тосуп жалдыраса дагы болбоду. Акырында мен Дайырдын көзүнөн кан агызам! – деген сөздү айтты Малвина кекенип калды.

Дайыр автовокзалдан "пасадчик" болуп иштеген Русланды жолуктурду. (Экөө кучакташып көрүштү). Экөө чакан кафеде олтурушту. Руслапдын сакалдары өсүп жүдөп калыптыр. Сөздү Руслан баштады.

**Руслан:** "От судьбы не убежишь" – дейт орустар, жашоо тагдыр ушундай болуп калды дос! Биздин үй бүлөнүн тагдырын уккансыңда, папам он беш жылга камалып, апам кайгыдан инсульт болуп төшөктөн турбай калды. Стакандагы аракты жутуп жиберип Дайырга карады. Өзүң кандайсың!

**Дайыр:** Жакшы элемин. Үйлөнүп ажыраштым. Экинчи ирет дагы үйлөндүм. Экинчисин сүйө албадым. Москвага кетип калды. Андан бир кызым бар. Ал банкир Аманбек Мусаевичтин кызы болчу. Азыр бойдокмун.

**Руслан:** Оо досум карт бойдок турбайсыңбы? Ха ха!





**Дайыр:** Ооба бойдокчулук күндөр өтүп атат. Жаркынай эсимден чыкпай койду! Мен аны сүйөм! Мен аны издеп табышым керек. Дайыр колундагы аракты бир ууртгап кайра столго койду.

Бир жылдан кийин мени издеп таап келиптир. Экөөбүз суз учураштык. Ал апасы каалаган кызга үйлөнүптүр. Ал кыз менен бир жыл эки ай жашап, бир кыздуу болушкандан кийин ажырашып тыныптыр.

**Дайыр:** Жаркынай мен сени кандай сүйгөнүмдү билбейсиң. Сен үчүн жанымды курмандыкка чаламын.

**Жаркынай:** Дайыр уксаң! Сен мени өлтүрсөң дагы мен сени сүйө албайм! Сезимди адам башкара албайт экен. Андан көрө ажырашууга өз макулдугуңду бер! Аялың менен жараш! Турмушуң бузулбасын, кызың да бар экен.

**Дайыр:** Ха! Ха! башка күйөөгө тийейин дейсиңби! Мына ! ал! Мээ! Мээ!

Ал колунун салаасынан баш бармагын көрсөттү. Жок мен эч убакта сага ажырашуу үчүн макулдугумду бербеймин! Ал сөөмөйүн кезеп муну айтты. Башка эркекке дагы бере турган оюм жок! Бул менин укугум! Сен экөөбүздүн "эрди-катын" деген юридикалык документибиз бар.

Жакында дагы келди. Бутунда туралбай мас. Жашоону кайрадан баштайлы дейт! Мен үн каткан жокмун.

Жакында Айка Эрмекти ээрчитип мага келиптир. Үчөөбүз эс алып бакка чыктык. Бир уулдуу болуптур. Дагы үч айлык боюнда бар экен. Эрмек баласын ойнотуп ары кеткенде Айка сөз баштады.

**Айка:** - Жаркынай мен сенден кечирим сураганы келдим. Менин сага сөзүм тийди. Акыры сен айткандай болду.

-

Эрмекке өтө ыраазымын. Жубан болуп келсем дагы менин абийиримди жаап, жеңелерине мен мурда кошулгам! – деп мени коргоп, айылына чоң той берди. Жыл алмашып уулдуу болдук. Баламдын атын Руслан койгонго дагы каршы чыкпады.

**Жаркынай:** - Аай! Ботом! Эмнеге Руслан койдуң! Жинди турбайсыңбы?

Өзүм дагы билбейм! Русланды чын жүрөктөн...? Сүйүүнүн күчү керемет деген ушундан чыкса керек.

**Жаркынай:** Нурлан байке мен дагы мындай жашоодон тажадым! Экөөбүз Россияга кетип калалычы! Мен сизди сүйөм! Сиз чыгармачыл адамсыз, аял киши менен сүйлөшкөндү билесиз! Сиз Дайырдай эмессиз!

**Нурлан:** - Алтыным! Сен мен жөнүндө жакшы ойлорду ойлоп жаңылышып жатасың. Өз таянычымды жоготконума көп жыл болду. Бирок мен өз таянычымды эч качан таба албаймын. Айтпадымбы жүрөгүм музга айланып калган. Азыр менде аялдарга болгон мээрим жоголгон. Мен өзүмдү жек көрөм! Мендей акмак адам жок, аракка азгырылып жаш үй-бүлөмдөн ажырадым.

Айылда чырактай балам калды. Жаш аялым азык саткан дүкөндө иштөөчү. Аны дагы олчойгон карызга кириптер кылдым. Жаш энергиялуу аялымды кучактап жаткандын ордуна эшиктин улагасында аракты кучактап жатып таңды атырдым. Анын ойноштукка барышына өзүм





күнөөлүмүн. Жашы жыйырма сегиздеги энергиялуу аялым менен бир төшөктө махабаттуу түндөрдү өткөрбөсөм, ал деле ысык жан да, жылуулукту башкалардан издеди. Туура кадамга барды. Акыры менин ысык суугума чыдай албай, карызын төлөгөнү Россияга мени таштап кетип калды. Балдарым чоңойсо алардын бетин кантип карайм.

**Жаркынай:** Нурлан байке сиз өзүңүздү колго алсаңыз, аял затына бакыт тартуулай аласыз! Турмушта аркы-берки жаңылуулар боло берет эмеспи. Пендебиз да!

**Нурлан:** Кайдагы бакыт? Акча, байлык, бийлик мына ушулар бакыт. Кел сөздү кыскартып ишке өтөлү? Кайсы эмеректи кайда жылдырабыз!

**Жаркынай:** Жок! Жок! Бүгүн эмес, башка күнү деле жылдырсак болот. Ал зарыл эмес. Сиздин нервиңиз аябай чарчаган. Мен сизге жардам берем. Нурлан байке! Сиз психологиялык нерв оорусуна чалдыккансыз. Сизди менчелик эч ким түшүнбөйт. Мен сизди айыктырып алам! Мен сизди сүйөм! Сиз меникисиз!

Дайыр машинада бара жатып, Жаркынайдын жарык күйгөн терезесин карады. Ал жарык күйгөн бөлмөдө тамеки тартып, ары бери басკан бир эркекти көрдү. Ал машинасын токтотуп жаңылыш көрдүмбү? – деп машинадан түшүп дагы терезени карады. Чын эле бир эркек жүрөт.

Ким болду экен? Энесин үч коргондон көрсөтөм! Дайыр машинасын катуу айдап, кыйк! – эте подъездке токтотту.

Дайыр! – деди Жаркынай. Нурлан байке! Эми эмне кылабыз! Дивандын алдына жашырыныңыз! Ал сизди өлтүрүп коёт!

**Нурлан:** - Жок! Жашырынбайм! Дайыр тездик менен үчүнчү кабатка көтөрүлдү.

**Дайыр:** - Эшикти ач! Жаркынай! Мен силерди терезеден көрдүм. Жашырынбай эле койгула! Азыр экөөңдү тең мууздап өлтүрөм!... Дайыр эшикти тепкилей баштады. Нурлан эшикти карай басты эле? Жаркынай алдын тосо калды.

**Жаркынай:** - Дайыр күчтүү! Ал сизди өлтүрүп коёт. Мен сизди жоготуп алгым келбейт. Сиз мага керек адамсыз! Жаркынай Нурланти бекем кучактады.

**Дайыр:** - ЭЭй! Жаркынай! Эшикти талкалап болсо да, силерди өлтүрөм!! Ач! Ачкын дейм! Дайыр эшикти катуу тепкилей баштады. Бул ызы-чуудан коңшу жашаган Варвара Алексеевна эшикке чыгып Дайырга кыйкырды.

**Варвара:** - Прекрати! Что тебя надо! Иди отсюда! Сейчас милиции позвонью!

Пашла ты сучка старая! Иди воон! Дайыр кемпирди өз үйүнө итере салды. Варвара милицияга телефон чалды. Күзөттө жүргөн милициялар тез эле машиналарына олтуруп, Рыскулов көчөсүнө дуу койду.

Эми Дайыр эки метрден күүлөнүп келип тебе баштады. Эшиктин бурчунан жаракалар чыкты. Нурлан эшикти ачууга жулунат. Жаркынай болсо Нурланти кучактап, эшикке жакын жолотподу. Милициялар подьездге келип токтоду. Ошол





замат Нурлан Жаркынайдан бошонуп, эшикти ачып жиберди. Атырылып кирген Дайыр алдында турган Нурланти кучактап жыгып, башка көзгө койгулай баштады. Жаркынай болсо Дайыр токтот!Урба! – деп эшик алдында жаткан ак туфлиси менен Дайырдын көчүгүн койгулап жатты.

Нурлан болсо Дайырдын жакасынан муунтуп жатты. Жаркынай камыр жайчы үбөлүк алып келип Дайырды башка чабаарда милиция кирип келип кармап калды. Дайырдын колуна кишен салышып, милициялар алып кетти.

Алкоголик! Сволуч! – деди Варвара Алексеевна бөйрөгүн таянган калыбында.

Сизге чооң рахмат! Варвара Алексеевна! – деди Жаркынай Нурлантин бетин сүлгү менен аарчып жатып.

**Нурлан:** - Мен мококмун! Жашоо фронт, фронтко дагы күчтүү солдат керек. Менин жумшактыгыман көп адамдар, аялдарым дагы пайдаланышты. Досторум дагы мени аракка түртө салышып менден качып кетишти. Мага азыр эч нерсе керек эмес, бир гана арак керек! Сен суктанган бактылуу каармандар көркөм чыгармаларда гана жазылган.

Ооба жаштыгымда өзүм жазган каармандардай жашагым келчү, бирок жашоодо туура эмес жубай тандап алып, ушул күнгө чейин азап тартып келе жатам.

Эшикте шатырап жамгыр жаап кирди. Мен ордуман туруп ачылган терезени карай бастым. Кечиккен жаз жамгыры дедим ичимден күбүрөп.

Эмне дедиңиз Нурлан байке! Жаркынай акырын мага басып келип колтугумдан аяр кучактады.

Сакура гүлүнүн жытыбы, айтор жагымдуу жыт бур дей түштү. Ал башын мага жөлөгөндө денем дүркүрөп ток ургандай боло түштү. Жакшы сезим, демек мен өлгөн жокмун. Мен тирүүмүн. Сезимдер ойгонду. Демек жашоо бар. Сыртта жамгыр нөшөрлөп куюп жатты. Жаркынай кучагымдан бошонуп барып бир колуна жүзүм, бир колуна рюмкага арак куюп келип дагы кучактады. Кайрадан кучактаганына магдырай түштүм. Бул кыймыл аракет мага аябай жакты. Жүрөгүм кабынан чыгып кетчүдөй түрсүлдөйт. Сен рюмкадагы аракты мага сундуң. Ушул эң акыркысы болсун! Тандоо! Атың өчкүр арактыбы! Бычактын мизинде турдум...

**Жаркынай:** - Кана баатырдан кешик калбайт – деген сөз бар, эмне дейсиз Нурлан байке! Алып жибериңиз!

**Нурлан:** - Жок! Жаным! Ушул мүнөттөн баштап аракты ичпеймин! Кел экөөлөп жамгырга төгүп салалы! Кеч келген жаз жамгыры өзүң айткандай жаңы жашоо алып келсин! Ушул жамгыр кайгы капаны, жаман ойлорду жууп кетсин! Мени сен гана бактылуу кыла аласың! Сен менин кечиккен махабатымсың!...

Андан көрө кел жүзүмдөн жейли, бири бирибизге бакыт тайтуулайлы. Жаркынай ушул сөздү күтүп тургандай кучагыма бой урду.

**Жаркынай:** - Мен сиздин ден соолугуңузду карап бактылуу жар болуп бере алам! Чын жүрөктөн сүйүү тартуулайм! Мен эми жалгыз эмесмин! Себеби менин эми өз таянычым бар. Мүдүрүлдүм, бирок сынбадым.





Сыртта жамгыр дагы эле жаап жатты. Жаай бер кечиккен жаз жамгыры. Ак сүйүүм кайра келди.

Жаш баланы жетелеген Эрмек, коляска сүйрөгөн Айка бак ичинде бара жатышты. Алар олтургучта чачы саксайган, мурут сакалдары өскөн Русланды көрүштү. Ал колуна пивонун бошогон бөтөлкөсүн кармап үргүлөп олтуруптур. Өтүп бара жаткандарга бир нерселерди булдурап сүйлөп жатты. Аны кайра-кайра караган Айка болду.

- Эмне аны кайра-кайра карайсың! – деп Эрмек Айканын көзүн басып, өзүнө каратты. Экөө Руслandан узап кетишти. Аллея ортосунда түз жолдо бара жаткан эки карааңды узаганча карап турду.

- Багытыңар түз болсун! Кудайым жолуңарды ачсын! Ак жол силерге, - деп Руслан булдурады.

**(Аягы)**

## ҮЧ КҮНДҮК ТОЗОК

## *(Эки бөлүмдүү трагикомедия)*

**Катышуучулар:**

1. **Жазуучу** - 45 жашта.
2. **Тергөөчү аял** - 40 жашта.
3. **"Король"** - камералашы.
4. **"Философ"** - камералашы.
5. **Тергөөчү жигит** - 25 жашта.
6. **Күзөтчү** - 50 жашта.

### Биринчи бөлүм

**Тергөөчүнүн кабинети.** Анча-мынча китеп салынган шкаф, бурчта турган сейф жана стол, стулдардан башка ашыкча эч нерсе жок. Тергөөчү аял кайсы бир кагаздарды баракtap окуп олтурат. Эшикти акырын бирөө черткилейт.

**Тергөөчү аял:** - Ооба, ооба. Кириңиз. (сырттан жазуучу кирет, тергөөчү аял ордунан туруп, аны дал болуп карап калат).

**Жазуучу:** (Босогодон) - Саламатсызбы? (оңтойсузданып). Эмнеге алик албайсың? (күнөөкөр үн менен). Ооба, ушунча жыл өтүп кетти. Мени унутуп калышың мүмкүн. Баягы кебете жок. Минтип өзгөрүп да кеттим. (эмне кылаарын билбей). Олтурсам уруксат бекен? (уруксатты күтпөй келип олтурат).





**Тергөөчү аял:** (шашып). - Ооба, Ооба. Уруксат. (Өзү да олтурат).

**Жазуучу:** (тегерете карап) - Демек, ушул жерде экенсиң да...

**Тергөөчү аял:** - Алты ай болду...

**Жазуучу:** - Сенин шаарга которулуп келгениңди ошондо эле укканмын. Ошондон бери келалбай жүрдүм...

**Тергөөчү аял:** - Келгениң жакшы...

**Жазуучу:** **(тартынчыктап)** - Мен сенден жардам сурап келдим.

**Тергөөчү аял:** - Жардамга муктаж болуп калдыңбы?...

**Жазуучу:** - Мында келерден мурда баарын ойлондум. Үч күн уктаганым жок. Мага сен гана жардам беришиң мүмкүн.

**Тергөөчү аял:** - +зүңө керек кезде гана мени эстеген экенсиң да...

**Жазуучу:** - Жок, жок. Мен сени ар дайым эстеп жүрдүм. Кээде кусаланганда өзүм жалгыз калганда аябай ыйлачумун. Бирок, сага келүүгө батынчу эмесмин.

**Тергөөчү аял:** - Макул кана айт, кандай жардам беришим керек?

**Жазуучу:** - Сен мени кама...

**Тергөөчү аял:** - Эмне дейсиң?..

**Жазуучу:** - Мени кама деймин... мага берген жардамың ошол... Суранамын...

**Тергөөчү аял:** (Тынымдан кийин, олуттуу) - Күнөө жасадыңбы?

**Жазуучу:** - Жок.

**Тергөөчү аял:** - Бирөөдөн жашынышың керекпи?

**Жазуучу:** - Жок.

**Тергөөчү аял:** - Анда эмне үчүн камашым керек?

**Жазуучу:** - Мага керек болуп калды.

**Тергөөчү аял:** - Түшүнсөм буюрбасын.

**Жазуучу:** - Эгер ошентсең мага чоң жардам берген болосуң.

**Тергөөчү аял:** - Түшүндүрүп айтчы, бай болгур?

**Жазуучу:** (Шашып чаржайыт). - Мен... мен... өзүң билесиң... кесибим жазуучу.

**Тергөөчү аял:** - Аныңды билем, ошол жазуучулугуңдун айынан мени чанып, сүрөтчүнүн кызын алып кеткенсиң.

**Жазуучу:** - Койчу эми. Азыр ал жөнүндө эстебейличи. Деги эле кереги жок. Андан көрө сен мага жардам бер.

**Тергөөчү аял:** - Эгер сен түшүндүрүп айтпасаң эч кандай жардам бере албаймын. Анын үстүнө күнөөсүз кишини камоого акым жок.

**Жазуучу:** - Андай болсо мен күнөө жасадым.

**Тергөөчү аял: - Кандай күнөө?**

**Жазуучу:** - Кишилерди өлтүрдүм. Болгондо да он беш кишини. Баары аялдар эле. Зордуктап бүткөндөн кийин тирүүлөй кескилеп, таанылгыс кылып, талаага алпарып таштачумун.

**Тергөөчү аял:** - Эмне деп дөөрүп жатасың?

**Жазуучу:** - Ооба, ошентчүмүн.

**Тергөөчү аял:** - Ушул чынбы?

**Жазуучу:** - Чын.

**Тергөөчү аял:** - Калп айтасың, ишенбеймин.

**(Тыным).**

**Жазуучу:** - Ишенбегениң ырас. Себеби, аны мен эмес, менин жазып аткан романымдын каарманы жасады. Ал мени ошону жазууга мажбур кылды. Жазып атканда ушунчалык





берилип жаздым дейсиң, эгер билсең, анын жасаган кылмыштарынын баарын өзүм жасагандай сезип кетемин.

**Тергөөчү аял:** - Кандай гана коркунучтуу. Андай кишилерди токтобой туруп атууга өкүм кылыш керек.

**Жазуучу:** - Мен дагы ошентип ойлоймун. Ал сөзсүз атып жок кылыныш керек. Билесиңби, ал тигилерди ушунчалык жырткычтык менен өлтүргөндүктөн окуган кишинин денеси титирейт. Мен анын ошончолук таасирдүү чыгышы үчүн болгон талантымды аяганым жок.

**Тергөөчү аял:** - Ошондой чыгарманын кимге кереги бар? Аны ким окуйт. Кимди тарбиялайсың?

**Жазуучу:** - Адабий чыгарма тарбия берүү үчүн гана эмес, турмушту таанытуу үчүн да жазылат. Менин каарманымдагы кишилер турмушта болуп жатпайбы. Мына мисалы, Ростовдук Чикатилону алалы. Ал канча аялдын шоруна калды. Адамдар азыр ошондой окуяларга кызыгып калышкан.

**Тергөөчү аял:** - Кылмышты жаңып жаткан романыңдын каарманы жасап атса, мен сени эмнеге камашым керек?

**Жазуучу:** - Мага ошол керек болуп атат.

**Тергөөчү аял:** - Экөөбүз ажырашкандан бери бир топ китепти чыгарыпсың. Мен үчүн канчалык кыйын болсо да аларды үзбөй окуп жүрөмүн (Туруп шкафты ачып көргөзөт). Мына, “Чабандын түйшүгү”, “Нандын даамы”, “Дың бузган жигит”, “Тигүүчү кыз”... ушулар көркөм чыгармабы? Баары супсак. Баары кумарсыз. Киши окуй албайт.

**Жазуучу:** - Ал убакытта заман ошондой болчу. Партиянын кабыл алган Программасына ылайык чыгармалар керек эле.

Ошондой чыгармалар гана сыйлык алып, ошондой жазуучулар гана мартабага жетчү.

**Тергөөчү аял:** - Эми киши өлтүргөндөр жөнүндө жазып жеткиң келеби? Менин оюм боюнча кайсы заманда жашабасын жазуучу түбөлүктүү нерсе жөнүндө гана жазганы оң. Саясат, киши өлтүргүч, тигил-бул дегендин баары убактылуу нерсе.

**Жазуучу:** - Сен муну мурда да көп айтчусуң. Мен ага кошулам дечи. Бирок турмуш деген күркүрөп аккан дайрадай экен. Кишинин оюна койбой өз агымы менен агызып кетет тура.

**Тергөөчү аял:** - Экөөбүз адеп баш кошкондо мен сенден көп нерсени үмүт кылчумун. Эсиңдеби, ошондогу жазган аңгемелериң укмуш болчу. Кийин эле партиянын Программасы деп кайдагы бир темаларга азгырылып кетипсиң.

**Жазуучу:** - Анын баардыгына сенден кийинки алган аялым себепчи болду. Канчалык тапсам да акчага анын көзү тойчу эмес. Ал эми партиянын Программасына ылайык чыгарма жазуу акча табуунун эң эле ыңгайлуу жолу экен. Китебиң да тез чыгат. Гонорарың да көп коюлат. Сынчылар сындагандан да коркушчу. Андан да тигинин атасы аябай бай турчу. Кичинесинен байлыкка көнүп калган неме акыры жүрүп мени да ошого көндүрдү. Бирок, акыр аягында мени талантсыз деп минтип таштап кетти. Үч жыл болду, жалгыз жашаймын.

**Тергөөчү аял:** - Экөөбүз бир айылда төрөлүп, бир айылда өстүк. Сени жакшы эле билчүмүн. Бирок, туруксуз





экендигиңди билбептирмин. Эки жыл чогуу жашабай жатып, ошонун этегиң кармап кете бердиң. Али да эсимде. Мен анда университеттин юрфагында окуйт эмес белем. Бир күнү сен кызматтан кеч келдиң да; "Кыйналып бүттүм, сени менен жашай албайм", - дедиң. Ошенттиң да кийимдериңди алып чыгып кеттиң. Сен кеткенден кийин ыйлаганымды айтпа. Кайсы күнөөм үчүн ошенткениңди али күнчө түшүнө албайм.

**Жазуучу:** - Сенин эч кандай күнөөң жок. Мен сени аябай сүйчүмүн. Азыр дагы сүйөмүн. Ошол сүйгөндүгүм үчүн сен экөөбүз жашай алмак эмеспиз. Чынында кыйналып кеткем. Сени алдап жашагандан көрө, сенден кетип калуу мага оңой эле.

**Тергөөчү аял:** - Окууну бүткөндөн кийин алыскы райондун бирине суранып кеткем. Сени менен бир шаарда жашагым келбеди. Менден кетип калганыңды айылга барганда да жашырып жүрдүм. Баары кийин белгилүү болуп олтурбайбы. Көрсө, менден мурдараак экөөңөр отпуска алып жүрүп кеткен экенсиңер. Мен аны билбей, сени иштен колу бошобой келе албай калды деп адатымча калп айтсам, уккандар мага боору ооруп карашчу. Андан бери арадан он жыл өтсө да кайрылып бара элекмин.

**Жазуучу:** - Токтотчу. Жүрөгүмдү эзбечи...

**Тергөөчү аял:** - Кийинки күздерде киндик кан тамган айлым түшүмө көп кирчү болду. Биз силер менен кошуна эмес белек. Экөөбүз чогуу сабак окуп олтурабыз... Апам жаныбызда карап турат... Жүрөгү оорукчан эмес беле...

Капыстан жүрөгү кармап жыгылып түшөт... "Мени коркутуп коюшту кызым... Мени коркутуп коюшту, - дейт". негедир

ушул түш күн сайын түшүмө көп кирчү болду. Билесиң го, апам чын эле корккондон жүрөгү түшүп өлбөдүбү беле...

**Жазуучу:** (өзүн токтото албай). – Кыйнабачы мени. Болдучу эми кыйнабачы. Ушунун баарын угуу мен үчүн кандай оор экенин билесиңби? Билбейсиң! Эч нерсени билбейсиң!! Эгер билсең апаңдын өлүмүнө себепчи мен болгонмун. Аны мен өлтүргөнмүн. Жүрөгүн мен түшүргөнмүн.

**Тергөөчү аял:** (Таң калып, чочуп). – Сенсиңби?

**Жазуучу:** - Ооба, менмин. Ошондуктан сенден кетип калгам. Апасын өлтүрүп коюп, кызы менен чогуу жашоо мен үчүн өтө оор эле. Абийирим жол берген эмес.

**Тергөөчү аял:** - Демек, сен экенсиң да...

**Жазуучу:** - Мен аны балалык менен жасагам. Анда сегизинчи класста окучу эмес белек. Күн сайын кечинде айылдын четиндеги стадиондо футбол ойночубуз. Ошол күнү караңгы киргиче ойноп, үйлөрүбүзгө кеч тарап баратканбыз. Кош теректи билесиң го... Ошонун жанына келгенде математикадан берген эжейибиз уюн издеп жүрүптүр. Балдардын бирөө аны мүрзө жакта оттоп жүргөнүн айтып калды. Сенин эсиңде болсо керек, мен математикадан начар эмес белем. Тигил эже ошондуктан мени жаман көрчү. Мен андан ошол күнү өч алууну ойлодум. Үйгө келип адамдын баш сөөгүнө окшотуп ашкабакты жасап алдым да эжейдин артынан аңдып бардым. Мүрзөгө жете беришти жаңгактын чоң дүмүрү бар болчу. Ашкабакты ошонун үстүнө койдум да, өзүм чуңкурга кирип эжейдин өтүшүн күтүп турдум. Биз мурдатан эле ошол жерден ары-бери өткөн кишилерди





коркутуп жүргөнбүз. Көпкө кечикпей караңгыда келе жаткан карааңды эжей деп ойлодум да өзүм менен ала барган кичинекей шамды күйгүзүп, ашкабактын ичине салып койдум. Чын эле коркунучтуу болчу. Көзү-башы, мурду кадимкидей көрүнүп, күйүп турат. Анын үстүнө мүрзөнүн сүрү да укмуш коркунучтуу эле. Тигил караан жакын келгенде үнүмдү жоон чыгарып: - Эй, аял! Сенин күнүң бүттү! Балдарды таарынтканың үчүн бүгүн жашыңды аламын! Ха! Ха! Ха! - деп үстөкө-босток кыйкыра баштадым. Тигил катуу корккондуктан бир чаңырып алды да, чымын-куюн болуп айылды көздөй качып жөнөдү.

**Тергөөчү аял:** - Ансыз да жүрөгү оорукчан неме андан бетер катуу коркуп калган экен. Үйгө жетери менен кулады. Анан түн жарымына жетип-жетпей узап кете берди.

**Жазуучу:** - Мен аны эртеси угуп жүрөм. Эжейди коркутканыма маашырланып үйгө келип жатып алгам. Көрсө ал эжей эмес эле сенин апаң турбайбы. Ошондогу сенин боздоп ыйлаганыңды угуп, мен да аябай өңгүрөп ыйлаганмын. Кийин сени интернатка кетти деп уктум.

**Тергөөчү аял:** - Менин алдымда ушундай чоң күнөөң бар экенин билип туруп? Анда эмне үчүн мага үйлөндүң эле.

**Жазуучу:** - Сени абдан сүйчүмүн. Эгер билсең азыр да сүйөмүн. Мурдагыдан да катуу сүйөмүн. Экөөбүз чогуу жашасак баары унутулуп кетет го деп ойлогонмун. Бирок андай болгон жок. Тескерисинче, өзүмдү сени кордоп жүргөндөй сездим. Сен мага канчалык жакшы мамиле кылсаң, мен ошончолук өзүмдү жек көрө бердим. Айлам куруганда кетип калууга туура келди.

**Тергөөчү аял:** - Макул жетишет. Эми ишке өтөлү. Мага эмне жумуш менен келгениңди түшүндүрчү.

**Жазуучу:** - Айтып жатпадымбы, мени кама деп. Мен сага атайын келдим. Романым жазылбай токтоп калды. Башкы каарманды жасаган күнөөсү үчүн камакка жаткырдым. Аны эми атууга кетиришим керек. Бирок, канчалык аракет кылсам да ишим жылбай атат. Атууга кетчү кишинин психиологиясын такыр билбейт экенмин Ал эмне жөнүндө ойлоп, эмнеге өкүнөт... Ушуларды камакта жатып билгим келет.

**Тергөөчү аял:** - Андан сени он беш аялды зордуктап өлтүргөн маньяк катары камашым керекпи?

**Жазуучу:** - Эгер ошентсең эң туура болоор эле. Баш жагы жакшы эле жазылды. Анын ар бир жасаган кылмышы ишенимдүү чыкты. Көркөмдүүлүгү, образдуулугу да жакшы. Бирок, камалганга келгенде токтоду да калды.

**Тергөөчү аял:** - Демек ушундай дечи... (бешенесин тырыштырып, жүрөгүн кармалайт).

**Жазуучу:** - Ошондой болуп жатат... Эмне жүрөгүңбү?

**Тергөөчү аял:** - Жок, жок. Азыр басылат (дары алып ичет). Күнөөсүз кишини камап салуу оңой эмес.

**Жазуучу:** - Эгер мен романды бүтүрбөсөм жинди болуп кетишим мүмкүн. Өткөн өмүрүм да, келечегим да ошол. Аны жаман жазууга эч акым жок. Сенден суранамын.

**Тергөөчү аял:** - Мындай иш жалгыз эле менин колумдан келбейт. Жогорку инстанциядагы кишилер да бар. Бул өтө жоопкерчиликтүү иш. Мейли, сага жардам берейин. Бирок, сен үчүн эмес, жазып жаткан романың үчүн.





**Жазуучу:** - Ырахмат. Сенин макул болоруңду билгемин.

**Тергөөчү аял:** - Жүр, анда күзөтчүгө. Ал сени камерага алпарып жаткырат. Жогор жактагы кишилер менен кийин өзүм сүйлөшүп алам. (Тигини алдыга салып чыгып кетет).

**Түрмөнүн камерасы: Эки дубалдын түбүндө узатасынан жасалган эки олтургуч бар. "Король" анын бирөөсүндө уктап жатат. "Философ" анын аяк жагында ойлонуп отуруп, ордунан ыргып турат.**

**"Философ":** - Сен эмне, түшүңдөн чоочудуңбу?

**"Король":** - Түшүмдө бир мамлекеттин королу экемин. Кол алдымдагы эл козголоң чыгарат да мени тактан кулатат. Кара чүмбөтчөн желдет айбалтасын көтөрүп менин башымды кыя чабаарда ойгонуп кеттим.

**"Философ":** (жанданып). - Каалайсыңбы, айтып берейин?..

**"Король":** - Эмнени?

**"Философ":** - Түшүңдүн андан ары эмне болорун...

**"Король":** - Айтып берчи.

**"Философ":** - Биринчиден, эч качан король болбойт экенсиң. Экинчиден, кара чүмбөтчөн айбалта көтөргөн желдет сага жакшылык алып келбейт. Сен көп жылга чейин отурушуң мүмкүн.

**"Король":** - Эй философ, оозуңа карап сүйлө!..

**"Философ":** - Эмне экен?... Жок дегенде тияктан король болосуң... Экөөбүздүн мекенибиз ошол жакта...

**"Король": - Мен бардык жерде королмун...**

**"Философ":** - Ага философиянын негиздери жол бербейт. (Аңгыча эшик шарактап ачылып, күзөтчү сырттан жазуучун ичкери түртөт).

**Күзөтчү:** - Бол, тез кир! (Жазуучу кирип туруп калат, күзөтчү эшикти жаап кетет).

**Жазуучу:** - Саламатсыңарбы?

**“Философ”:** - Үчүнчү киши бардык жердегидей түрмөдө да ашыкча...

**“Король”:** - Эмнеге туруп калдың? Күндү тоспой олтур!

**Жазуучу:** (күлүп) - Күн сыртта го...

**“Король”:** - Сыртта эмес, асманда... (сөөмөйү менен көрсөтөт).

**Жазуучу:** - Мен эмне асманды тосуп турамбы?

**“Философ”:** - Билип алгын эй дөңгөч... Эшикти тосуп турасың... Түрмөнүн жаркырап тийген күнү эшик болот. Уктуңбу! Ушунун өзүндө чоң философия бар.

**“Король”:** (катуу) - Олтурбайсыңбы! (“Философ”: экөө аны каерге барып олтурарын сынап карап турушат, жазуучу экинчи олтургучка барып олтурат). – Тур ордуңдан!

**Жазуучу:** - Эмне үчүн?

**“Король”:** - Ордуңдан тур деймИ!!

**Жазуучу:** - Түшүнбөдүм...

**“Философ”:** - Ал жердин ээси бар.

**Жазуучу:** - Ким?

**“Философ”:** - Мен.

**Жазуучу:** - Сен олтурасың го?

**“Философ”:** - Мен али олтура элекмин. Тергөөдө жүрөмүн. Сот болгондон кийин отурамын, билдиңби?

**Жазуучу:** (туруп) - Эч нерсе айталбаймын. Тамашаң дурус экен. (күлүп биринчи олтургучка барып отурат).

**“Философ”:** (барып жатып). - Аерден дагы тургунуң.





**Жазуучу:** (такыр түшүнбөй) – Эмне үчүн?

**“Король”:** - Бул жерге мен уктаймын (узунунан чалкалап жатып алат).

**Жазуучу:** - Мен каерге олтурушум керек?

**“Философ”:** - Зонага олтурасың. Эмне олтурганды жакшы көрөсүңбү?

**Жазуучу:** - Тик тургандан бут талыйт го?

**“Философ”:** - Логиканы жоготпо. Он эки жыл олтуруп менин бутум эс алган эмес. Мына дагы да олтургузганы атышат (жазуучу эмне кылаарын билбей тура берет).

**“Король”:** - Күндү тоспо дейм!

**Жазуучу:** - Күнгө кактангыдай бул жер сага деңиздин жээги эмес!

**“Философ”:** - Ой, мунуңдун тамашасы укмуш го...

**“Король”:** - Тамашасын билбейм, бирок ар жылы жайында деңиздин жээгине барып эс алып жүргөн неме окшойт.

**“Философ”:** - Бою да узун экен ээ? Күндү да аябай тосуп атат.

“Король”: - Чын айтасың, Кыскарталыбы?..

**“Философ”:** (Калп эле түшүнбөй) – Кантип. Кеселиби? Бычак ичке да (Бул да туруп олтурат).

**“Король”:** - Ошол да кеп бекен, азыр жайлайбыз. (Жазуучунун жанына келип). Тизеле!

**Жазуучу:** - Чынын айтсам тамашаңар укмуш экен (Жылмаят).

**“Философ”:** - Король мунуң жиндиби же сообу? Ызалангандын ордуна жылмаят да?

**“Король”:** - Тизеле дейм! (Ичке өзөртө согот). Королдун алдында тизелеп тур!

**Жазуучу:** (онтоп) - Бирок, мунуңар жаман экен...

**“Король”:** - Тизеле деп атам...

**Жазуучу:** - Азыр, азыр (тизелейт) мына...

**“Король”:** - Так ушинтип тургун, (кайра келип жатат). Кандай дейсиң, “философ” сага күн тосулган жокпу?

**“Философ”:** - Жок, жок король. Бул аябай кодоо киши экен. Кудайды карасаңчы ушунун бою күндү кантип тоссун?

**Жазуучу:** - Тамашаны түшүнүү колумдан келет.

**“Король:** - Сүйлөбө.

**Жазуучу:** - Сүйлөбөй коюу да колумдан келет.

**“Король”:** - Ыя, философ!

**“Философ”:** - Эмне дейсиң, Король?

**“Король”:** - Сен кандай ойлойсуң, бул киши ким болушу мүмкүн?

**“Философ”:** - Өңүнө караганда уурулук кыла албайт... Бирөөнү тоноо да колунан келбейт... Киши өлтүрүү – эч качан... Иши кылып экөөбүзгө тууганчылыгы жок.

**“Король”:** - Мүмкүн келесоо болуп жүрбөсүн?

**“Философ”:** - Мен сага кошулам. Тигилер мунун ошонусун пайдаланып бир кылмышты мойнуна жака кылып тигип бергени жатса керек.

**Жазуучу:** (ызаланып ордунан туруп) - Мен эч кандай келесоо эмесмин. Мен бул жерге өзүм суранып келип олтурам.

**“Король”:** - (туруп) - Эмне? эмне? эмне?

**“Философ”:** (туруп) - Эмне дейт, ыя?

**“Король”:** - Өзү суранып келиптир...

**“Философ”:** - Мен муну түшүндүм. Бул өзү суранып келген экен. Бул деген билесиңби ким? Бул деген үй өрдөк.





**“Король”:** - Туура айтасың, философ. Менттерден баарын күтсөң болот.

**“Философ”:** - Мен билгемин.... Жүрөгүм сезген. Бул үй өрдөк.

**Жазуучу:** - Түшүнбөдүм. Үй өрдөк дегениңер эмне?

**“Король”:** - Маңыроолонбой эле кой. Түшүнөсүң. Сен баарын түшүнөсүң.

**“Философ”:** - Түшүндүрүп берейинби?

**Жазуучу:** - Мага кереги тийип калышы мүмкүн...

**“Философ”:** **(түшүндүрүп)** – Мына биз, Король экөөбүз жапайы өрдөкпүз. Асманда учуп баратабыз. Азыр ушул тапта учуп баратабыз. Канатыбыз аябай талыган, бирок, учуп баратабыз. Ал эми тээ төмөндө коно турган көлчүктөр көп. Бирок, биз ага конгондон коркуп жатабыз. Себеби, мергенчилер камышка жашырынып туруп бизди атып салышы мүмкүн. Түшүнүп атасыңбы?

**Жазуучу:** - Мен элестетип жатам.

**“Философ”:** - Элестеткениң эң жакшы. Демек, биз тигил көлчүктөргө конбой учуп кете беребиз, учуп кете беребиз. Бир кезде сени көрүп калабыз. Сен болсо көгөргөн тунук көлдүн үстүндө жайбаракат сүзүп жүрөсүң. Сенин үй өрдөгү экениңди биз билбейбиз. Мергенчилер сени атайын ошол жерге бизди атайын алдаш үчүн алып келип койгонун да биз билбейбиз. Ошондуктан ары айланып, бери айланып учуп келип жаныңа конобуз. Билесиңби анан кийин эмне болот?

**Жазуучу:** - Сыягы чогуу сүзүп ойнойбуз го...

**“Философ”:** - Эч кандай ойнобойбуз. Оюн зонада башталат. Аңдып жаткан мергенчилер “Король” экөөбүздү мээлеп туруп атып алышат. Түшүндүңбү эми?

**“Король”:** - Бул түшүнгөн жок.

**Жазуучу:** - Чын эле түшүнбөдүм.

**“Философ”:** - Анда коркпой эле койсоң болот экен. Демек, сен үй өрдөк эмессиң. Тергөөчүгө айтылбаган сөз ушул жерден айтылат. Менттер ошону билип алыш үчүн сага окшогон кишилерди атайын камерага жаткырышат. Алар болсо бирин калтырбай тигилерге жеткирип турат. Түшүндүңбү эми?

**Жазуучу:** - Демек, мындай алганда мени тигилердин кишиси деп турасыңарбы ээ? Андай эмес.

**“Философ”:** - Бирок, буга ишенүүгө али эрте. Дагы текшериш керек.

**“Король”:** - Чындыкты айтчы, ушул кызматың үчүн сага канча төлөп беришет?

**Жазуучу:** - Мен акча үчүн келген эмесмин. Мени бирөө зордоп алып келген жок. Мен бул жакка өз эрким менен келдим.

**“Король”:** - Бул жакка эч ким өз эрки менен келбейт.

**“Философ”:** - Өз эркиң менен келгендей сен жиндисиңби?

**Жазуучу:** - Мен жазуучумун. Камалган кишинин психологиясын түшүнгүм келди.

**“Король”:** - (Таң калып). - Жазуучу?

**Жазуучу:** - Ооба.

**“Король”** - (кызыгып карап) Мен тирүү жазуучуну биринчи жолу көрүп жатам. Көрсө, биздей эле киши болот тура.





**“Философ”:** (теңсинбей) - Бирок, философторго окшош эмес экенсиң.

**“Король”:** - Камалган кишинин психологиясын эмне кыласың?

**Жазуучу:** - Жаңы романга керек болуп атат. Башкы каарманым жасаган кылмыштары үчүн түрмөдө сурак берүүдө. Ал сөзсүз атууга кетиш керек. Мен ошонун психологиясын билейин дедим.

**Тыным:**

**“Король” (отуруп)** – Философ! Сен кандай дейсиң? Буга ишенүүгө болобу?

**“Философ”:** - Ошону мен да билбей турам, король. Философиялык логикага туура келбей турат (ал турат).

**“Король”:** - Сен мага караганда билимдүү эмессиңби... Муну текшерип көрчү... Мүмкүн чын эле жазуучу болуп жүрбөсүн. (Узунунан жатып алат).

**“Философ”:** - Макул король. Азыр аны жасайбыз (жазуучуга). Сен кел, кел... Олтур (жазуучу жанына келип олтурат). Кана экөөбүз кандай темада сүйлөшөлү?

**Жазуучу:** - **Сүйлөштүк.**

**“Философ”:** - Андай мындай. Рефолюция качан болгон?

**Жазуучу:** (Шылдыңдуу күлүп). - Кайсы революция?

**“Философ”:** (өзүнө ыраазы). - Эмне, билбейсиңби? Анда экинчи суроого өтөбүз.

Жазуучу: - Буга жаш бала да жооп берет. Ал эми революция көп эле мамлекеттерде болгон. Сен кайсынынсын айтып атасың?

**“Философ”:** - Мага бирөөнүкү кереги жок. Өзүбүздүкүн айтып атам. Ар ким өз башына түшкөн кайгы жөнүндө гана билгиси келет.

**Жазуучу:** - Бул эмне, мени шылдыңдап атканыңбы? Же өзүң... ошончолуксуңбу?...

**“Король”:** (башын көтөрүп). – Сен жооп бер... Жооп бер... Билбейсиң? Эгер билсең жооп берчи, кана (кайра жатат). Азаматсың философ!

**Жазуучу:** (күлүп). Бир миң тогуз жүз он жетинчи жылы...

**“Философ”:** - Туура айтты, король... билип койду...

**“Король”** – Сен шашпай, ойлонуп туруп татаал суроолорду берчи. Оозун ачалбай отуруп калсын.

**“Философ”:** - Анда мындай (көпкө ойлонуп). Кана дүйнөдө канча материк бар?

**Жазуучу:** (каткырып). – Алты материк бар. Буга биринчи класстын баласы да жооп берет. Сенин татаал суроолоруң ушулбу?

**“Король”**: - Туура жооп бердиби, философ?

**“Философ”: (күнөөлүү). -** Билет экен, король, билет экен.

**“Король”:** (ачуулуу туруп). – Акмак десе, сен мага эле билимдүү болот турбайсыңбы! Философиянын негиздери деп сүйлөйт дагы. Мен муну кыйын жигит деп жүрсөм...

**“Философ”:** - Өзүмдүн билгендерим ушул болсо эмне кылайын? Эгер ушул суроолорду сага берсем, билмек эмессиң.

**“Король”:** - Сура дагы!





**“Философ”:** (ойлонуп). – Азыр, азыр... (кубанып). Мына таптым. Философиянын негиздери менен караганда буга жооп табыш кыйын. Сен даярсыңбы?

**Жазуучу:** - Сурай бер.

**“Философ”:** - Кыйын болсоң Клоундун законун айтып берчи?

**Жазуучу:** - Кайсы клоундун? Эмне клоундар да закон чыгара баштадыбы?

**“Философ”:** - Кайсы клоун дегениң кандай. Бир эле клоун бар. Ал өзүнүн законун небак чыгарып койгон (өзүнө-өзү ыраазы).

**Жазуучу:** - Анын фамилиясы ким?

**“Философ”: (каткырып)** - Ким болмок эле? Фамилиясы - Клоун. Билбейсиңби?

**Жазуучу:** - Дүйнөдө канча цирк болсо, ошончо клоун бар эмеспи.

**“Философ”: (кубанып). -** Көрдүңбү, король билбейт экен. Сен мага бекер эле ачууландың, көрдүңбү оозун жап кылдым. Кайдагы бир тиешеси жок цирк жөнүндө былжырап жатат. Мага уурулардын дүйнөсү бекеринен философ деп ат койгон эмес.

**“Король”:** - Азаматсың, философ, азаматсың. Башың баш эмес эле - алтын. Сен академик боло турган кишисиң (жазуучуга). Кана жооп бере албай калдыңбы?

**Жазуучу:** - Мен мунун эмне жөнүндө сурап атканын түшүнбөй турам.

**“Философ”:** - Анын эмнеси түшүнүксүз? Клоун айткан: “Адамдар маймылдан чыккан” - деп. Сен аны билбей койдуң.

**Жазуучу:** - Туура эмес! Аны Америкалык окумуштуу Чарлз Дарвин айткан. Кийин муну Энгельс колдоп чыккан. Ал эми сен сурап аткан Клоун жөнүндө уккан эмесмин. (Эстей коюп каткырып жиберет). А, түшүндүм, түшүндүм. Эми түшүндүм. Ал клоун эмес Кулон деген болот. Шарль Кулон. Француз физиги. Дүйнөдөгү тартылуу законуна окшош законду түзгөн. Сен ошону сурап жаткан турбайсыңбы.

**"Король":** - Философ бул эмне деп дөөрүп атат? Сен бир нерсе түшүнүп атасыңбы?

**"Философ": (күнөөлүү)** - Кечирип кой король. Философиянын негиздери менен караганда мунусу туура болуп калды окшойт...

**"Король":** (кыйкырып) - Эшек баш! Сенин мээң иштебейт. Бир суроону да жакшылап бере албай койдуң. Дагы философ имиш.

**"Философ":** - Ачууланбачы король. Бул чын эле жазуучу окшойт.

**"Король":** - Эми экөөң тең уккула. Философуң да ук. Жазуучуң да ук. Мына бул камеранын ичи да өзүнчө мамлекет Анын королу - менмин. Өзүбүздүн сотубуз, өзүбүздүн мыйзамыбыз болот. Кимде-ким аны бузса аёосуз жазаланат.

**Жазуучу:** - Эмне үчүн король сен болушуң керек? Эмне үчүн мен эмес? Эмне үчүн бул эмес?

**"Философ":** (жойпуланып). - Сен бул жерде мамлекеттин ыркын бузбагын. Король болууга ушул татыктуу. А мен мунун жардамчысымын. Туурабы, король?

**"Король":** - Эң туура. Сен мага жардам бересиң.





**Жазуучу:** - Мен буга макул эмесмин. Биз деген демократиялуу мамлекет түзүшүбүз керек. Ал үчүн королду шайлоодон өткөрөлү.

**Король:** - Мен макулмун, макулмун. Эми биздин ортобузда нараазычылык болбош үчүн мен шайлоого да барамын. Биз азыр кол көтөрүү жолу менен мени бир добуштан королдукка шайлайбыз. Туурабы, философ.

**"Философ":** - Эң туура, король.

**"Король":** - Андай болсо кимди-ким мени биздин мамлекетке король болсун десе кол көтөрсүн (Өзү баштап кол көтөрөт, анан "философ" көтөрөт, жазуучу көтөрбөй коёт).

**"Философ":** - Сен эмнеге көтөрбөйсүң?

**Жазуучу:** - Мен каршымын.

**"Король":** - Жөн кой, "философ". Диссиденттер ар бир мамлекеттен чыгат. Ансыз деле токсон тогуз жарым пайыз эл мени колдоп атпайбы. Мен эми демократиялуу мамлекеттин демократ королумун (барып олтурат).

**Жазуучу:** - Мен түшүнүп турам. Биз ойноп жатабыз. Бирок, оюнда да адилеттүүлүк керек.

**Король:** - Эй, жазуучу! Сен кайдагы адилеттүүлүктү айтып жатасың, ыя! (Ордунан туруп алып, анын мурдуна муштумун такайт). Мына сага адилеттүүлүк! Көрдүңбү?

**Жазуучу:** - Көрдүм, көрдүм. Муштумуң чоң экен. Тарт ары.

**"Король":** - Муштумуң бар жерде бийлик бар. Ал эми бийлик бар жерде адилеттүүлүк издебегин. Сен муштумдагы жазууну оку, жазууну... Оку!...

**Жазуучу:** (аны) - Король. Король деп жазып алган турбайсыңбы...

**"Король":** - Анан эмне дейсиң? Менин муштумум король... Демек, өзүм да королмун. Билдиңби?

**Жазуучу:** (күлүп). – Король болуш үчүн муштум эмес, баштын болушу керек.

**"Король":** (колун чаап). - Философ!

**"Философ":** - Ляппай король.

**"Король":** - Мен буга эмне деп жооп берейин?

**"Философ":** - Азыр, азыр (кулагына шыбырайт). "Король" башын ыраазы болгондой ийкегилейт).

**"Король":** - Анда мындай, жазуучу. Философиянын негиздери менен караганда башы король болгондордун баары эле бийликке жете бербейт. Себеби, алардын муштуму король эмес, колунда уучтаган акчасы жок. Бийликке акылдуулар эмес, акчалуулар жетет. Себеби, бийлик деген ошондой балит нерсе.

**Жазуучу:** - Анда сен акмак киши турбпйсыңбы! (каткырат).

**"Король":** - Бирок, менин муштумум акылдуу (сырттан күзөтчү эшикти шарактатып ачып, босогодон көрүнөт).

**Күзөтчү:** (жазуучуга). - Эй, сен, чык бери!

**Жазуучу:** - Каякка?

**Күзөтчү:** - Тергөөгө. (жазуучу жөнөйт). Токто! Колуңду астыңа ал!

**"Философ":** - Эй. Жазуучу, чет элде жүргөндө мамлекетке сырды сатпагын, уктуңбу! (Күзөтчү эшикти жабат).

**Тергөөчү аялдын кабинети. Ал телефон менен сүйлөшүп атат.**





**Тергөөчү аял:** (трубкага). - Начальник менен сүйлөштүм. Ооба, ал уруксат берди. Жок, жок. И-и, ооба, ооба. Ошентип чечтик. Бардык жоопкерчиликти мойнума алдым. Жок, жок. Эч кандай ЧП болбойт. (Күзөтчү жазуучуну айдап келип босогодо туруп калат). Сиз камтама болбоңуз. Ыракмат, ыракмат. Мени түшүнгөнүңүз (трубканы коёт. Күзөтчүгө). Макул сиз бара бериңиз. (Күзөтчү чыгып кетет).

**Жазуучу:** (Колун артынан бошотуп). Бул мени чыныгы кылмышкер деп ойлоп жатса керек.

**Тергөөчү аял:** - Кел, отур. (Жазуучу бет маңдайына келип олтурат). Мен чоңдорду эптеп көндүрдүм. Демек, сен өзүңдүн каарманыңдын образына тартынбай кире берсең болот. Турмушуңа окшош болуш үчүн мен эми сага дело ачып тергөө жүргүзүшүм керек.

**Жазуучу:** - Эң жакшы болот. Чындыгында мен мурда билчү эмес экенмин. Түрмөнүн ичиндеги турмуш укмуш тура. Мен жаткан камерада эки киши бар экен.

**Тергөөчү аял:** (Сөздү бөлүп) – Эми мындай кылабыз. (Столдун суурмасынан өлгөн аялдардын сүрөттөрүн сууруп чыгат). Мына бул сүрөттөр өлгөн аялдардын сүрөттөрү. Денелери табылган жерден тартылып алынган. Ме, карап көрсөң да болот.

**Жазуучу:** (ачып көрө баштайт). – Кандай гана таш боорлук. Буларды бирөөлөр өлтүргөнбү?

**Тергөөчү аял:** - Ооба. (бирөөлөр өлтүргөн сүрөттөрдү кайра алып). Сенин каарманың канча аял өлтүрдү эле?

**Жазуучу:** - Он беш аялды.

**Тергөөчү аял:** - Демек, ушул сүрөттөр бизге жетет. Анда мындай кылабыз. Мен сени ушул аялдарды өлтүргөн киши катары суракка аламын. Сен болсо анын баарын мойнуңа алышың керек. Бирок, билип койгун, мен мунун баарын сенин кызыкчылыгың үчүн жасап атамын.

**Жазуучу:** - Ооба, ооба... Түшүнүп турам, түшүнүп турам. Мен да ошентип ойлогонмун. Баары чындыкка окшош болсун. Мага дело ачканыңды туура деп колдоймун.

**Тергөөчү аял:** - Андай болсо мен азыр сенинң колуңдун отпечаткасын алышым керек.

**Жазуучу: (тамашалап)** - Жүрөгүмдүн отпечаткасын алсаң да мен макулмун. (Тергөөчү аял анын ар бир сөөмөйүнөн отпечатка ала баштайт). Эгер ошентсең Сенин канчалык деңгээлде сүйөрүмдү билип алмаксың.

**Тергөөчү аял:** - Отпечатка сүйүүдөн калбайт. Кайгыдан калат.

**Жазуучу:** - Сүйүү деле кайгынын бир түрү эмеспи. Чындап сүйгөндөр көп кайгырышат.

**Тергөөчү аял:** - Ал үчүн өздөрү күнөөлүү. Мына бүттү.

**Жазуучу:** - Сен өз ишиңе так экенсиң.

**Тергөөчү аял:** - Ырахмат. (отуруп). Айтчы бул өзү кандай киши эле?

**Жазуучу**: - Ким?

**Тергөөчү аял:** - Сенин чыгармаңдагы каарманың?

**Жазуучу:** - Кандай десем... Мен аны романдын башында билимдүү, акылдуу, маданияттуу киши катары сүрөттөдүм... Турмушта ар кандай болот эмеспи... Бир аз иче баштады. Кийин үй-бүлөсүнөн ажырады... Анан бир





келинге жолукту... Мастык менен зордуктап салды. Соттолуп кетүүдөн коркуп аны муунтуп өлтүрдүда анын денесин шаардын бир четине алып барып таштайт. Кийин дагы ошентти, дагы кайталай берди. Акыры маньякка айланып кетти.

**Тергөөчү аял:** - Романда сен аны тергөө органына өзүң алып келдиңби же милиция кармап келдиби?

**Жазуучу:** - Өз эрки менен келген. Андан ары жашоого абийири жол бербегендиктен жасаган кылмышынын баарын өзү айтып берди.

**Тергөөчү аял:** - Демек, биз дагы ошондой кылабыз. Сен да өз эркиң менен келген киши катары начальниктин атына өзүңдү камоо жөнүндө өтүнүч арыз жазышың керек.

**Жазуучу:** - Макул жазып берейин.

**Тергөөчү аял:** - Анан ар бир өлтүргөн аялдарың жөнүндө түшүнүк кат жаз. (Сүрөттөрдү көргөзүп). Мына бул аялдар жөнүндө. Кантип өлтүргөнсүң? Эмне үчүн? Кайсы жерде?... баарын толук жазышың керек. Романдагы өлгөн аялдар чыныгы турмушта жок болгондуктан биз ушуларды факты кылып алабыз.

**Жазуучу:** - Бирок, мен бул аялдардын кайсы күнү, кайсы жерде, кантип өлтүрлгөнүн билбейм да?

**Тергөөчү аял:** - Анын баарын мен айтып берем.

**Жазуучу:** - Андан эң сонун болбойт беле.

**Тергөөчү аял:** - Мына, (сүрөттөрдү алып) мисалы, мына бул Наталья Исаевна Карабасова деген жалгыз бой келин болгон. Жашы жыйырма беште. Тааныштарынын айтуусуна караганда өңү башы сулуу, жүрүм-туруму жакшы. Тигүү фабрикасында иштеген. Бычак менен алты

жолу жаракат алгандан кийин көз жумган. Экспертизанын көрсөткөнүнө караганда өлөрдөн бир саат мурда эркек менен жыныстык катнашта болгон. Биздин оюбуз боюнча Карабасова зордукталган.

**Жазуучу:** - Сөөгү кайсы жерден табылды?

**Тергөөчү аял:** - Үстүбүздөгү жылдын он жетинчи майында шаардын четиндеги бактын арасынан... Мына ушундай... калгандарын да ушинтип айтып берем. Сен жазуучу эмессиңби, түшүнүк катка өз фантазияңды кошуп чыныгы кылмышкер катары ишенимдүү жазарыңа ишенемин. (Столдун суурмасынан кагазды алып берет). Мына кагаз, мына ручка... (Жазуучу аларды алып оңдонуп олтуруп жазууга даярдана баштайт).

**Камеранын ичи: "Король" менен "Философ".**

**"Философ":** - Саат азыр канча болду деп ойлойсуң? ("Король" унчукпайт). Алты болуп калган чыгар. Күн кызарып батып баратса керек. Билесиңби, мен кичине кезимде күндүн батып баратканын карап олтурганды жакшы көрчүмүн. Башыңа ар кандай ойлор келет. Көп ойлорду ойлочумун. Бирок, чоңойгондо өмүрүм түрмөдө өтөрүн түк ойлобоптурмун.

**"Король":** - Тигил жазуучу жоголду го?

**"Философ":** - Мүмкүн башка камерага алып кеткен чыгар...

**"Король"** : - А мүмкүн бошотуп жиберишти.

**"Философ": - Мүмкүн.**

**"Король":** - Жазуучу мага жагып калды. Өз ишине берилген неме экен. Түрмөдөгү кишинин аң-сезимин түшүнүш үчүн





өзү суранып келиптир. Бул оңой иш эмес... (алаканын муштап). Эх, зеригип бүттүм. Ушунун баары тезирээк бүтсө экен...

**"Философ":** - Тергөөчү эмне деп атат?

**"Король":** - Алар бирдеме демек беле... Эчтеке дебей туруп мойнуңа көбүрөөк жүк артканды жакшы көрүшөт.

**"Философ":** - Менин тергөөчүм үч күндөн бери чакырта элек.

**"Король":** - Жазуучуну тез чакыртып кетишти...

**"Философ":** - Бирок, анын келбей атат го... (ушул кезде эшик шарактап ачыла баштайт, экөө тең ошол жакты карап унчукпай калышат, босогодон колун артына алган Жазуучу көрүнөт).

**Күзөтчү:** (Жазуучунун желкеге түртүп). - Бол, бол! Кир, кир! Тез!, Тез!!! (Жазуучу киргенден кийин эшикти кайра жаап кетет).

**"Философ":** - Кандайсың жазуучум? Биздин мамлекетке кайрылып келишиң менен. Кел, олтур. Биз сени чет өлкөдө калып калды дегенбиз.

**Жазуучу:** - Сурак берип келдим...

**"Король":** - Мен түшүнбөй турам Эч кандай кылмыш жасабасаң, эмне үчүн сени суракка чакырышат?

**Жазуучу:** Мен эми коркунучтуу кылмышкермин...

**"Философ":** - Эй, сен башты эмнеге оорутасың, ыя? Бизге башкача айтпадың беле? Философиянын негиздери менен түшүндүрчү?

**Жазуучу:** - Менин жазып аткан каарманым он беш аялды зордуктап өлтүргөн. Мен азыр ошол каарманымдын ордуна сурак берип келдим. Мындайча айтканда, кылмышкер каарман мен болуп калдым. Чыныгы турмуштагыдай...

**“Король:”** - Чыныгы турмуштагыдай болуш үчүн анын жасаган кылмыштары болуш керек го...

Жазуучу: - Анын баарын тергөөчү өзү таап берди.

**“Философ”:** - Уктуңбу король, бул чыныгы маньяктар жөнүндө жазган неме турбайбы.

**“Король:”** - Демек, сен бул жерде он беш аялды зордуктап өлтүргөн киши катары жүрөсүңбү?

**Жазуучу:** - Ооба. Буга тергөөчүнүнү өзү жардам берип атат. Так эле романда жазгандагыдай дело ачып, тиги кылмыштардын баарын менин мойнума койду.

**“Философ”:** - Сен ошого макул болдуңбу?

**Жазуучу:** - Ооба. Мойнума алып, кол коюп бердим. Себеби, ар бир нерседе турмуш чындыгы болуш керек. Мен өзүмдүн кесибим боюнча ушуга көңүл бургамын.

**“Философ”:** - Келесоосуң!

**Жазуучу:** - Эмне үчүн?

**“Философ”:** - Чыныгы турмуш жок! Көрүп атканыбыздын баары түш... Уктап атабыз. Бул жалган дүйнөдө бирин-бири алдамай, бир-биринен өч алмай... Анын арты мына үчөөбүз камерада жатмай, түшүндүңбү!...

Арадан эки күн өткөн. Тергөөчү аялдын кабинети. Тергөөчү аял столдун үстүндөгү кагаздар менен таанышып олтурат. Эшиктен күзөтчү жазуучуну алып кирет. Тергөөчү колу менен белги бергенден кийин күзөтчү чыгып кетет. Жазуучу колун артынан бошотуп келип отурат.

—

**Тергөөчү аял:** - Кандай, жаңы турмуш жагып жатабы?

**Жазуучу:** - Көнүп атам, кымбаттуум. Көнбөскө арга барбы?





**Тергөөчү аял:** (Ырасмий үн менен) – Күнөөкөр! Сиз мени кымбаттуум деп айтканга эч кандай негизиңиз жок. Бул жөнүндө кечээ экөөбүз сүйлөшкөнбүз. Эгер мындай кылсаңыз сиз эч качан каармаңыздын ролуна кире албайсыз.

**Жазуучу:** - Анда мени сен да күнөөкөр деп айтууга сенин да укугуң жок.

**Тергөөчү аял:** - Бул жөнүндө да экөөбүз сүйлөшкөнбүз. Мен сизди эмес, сиздин каарманыңызды суракка алып жатамын. Анан дагы мага “Сиз” деп кайрылууңузду өтүнөмүн. Эгер буга макул болбосоңуз, анда ишибизди токтотууга туура келет.

**Жазуучу:** - Жок, жок. Макул, макул. Жакшы...

**Тергөөчү аял:** - Анда баштайлы. Алды менен тергөөчүнүн материалы менен таанышып алыңыз. (Кагаздарды берет).

**Жазуучу**: Кечээ окугамын.

**Тергөөчү аял:** - Бул машинкага басылганы.

**Жазуучу:** - Мен сизге ишенемин.

**Тергөөчү аял:** - Эмесе мына бул жерге кол коюп бериңиз.

**Жазуучу:** (кол коюп). - Сен күчтүү тергөөчү окшойсуң... (күлөт).

**Тергөөчү аял:** - Мага “сиз” деп кайрылууңузду өтүнөм.

**Жазуучу:** - А, кечирип коюңуз, унутуп калыпмын.

**Тергөөчү аял:** (магнитофонду иштетип). - Күнөөкөр, сиз көп жылдан бери коомчулук үчүн өтө коркунучтуу кылмыш жасаганыңызды мойнуңузга аласызбы?

**Жазуучу:** - Мойнума алам.

**Тергөөчү аял:** - Бир миң тогуз жүз сексен биринчи жылы, жыйырма сегизинчи июнда сиз “Жаштык” ресторанынан

Исаева деген келин менен таанышып, аны үйүңүзгө ээрчитип баргандан кийин мас абалында зордуктаганыңыз чындыкпы?

**Жазуучу:** - Чын.

**Тергөөчү аял:** - Исаеванын милицияга барып арызданам дегенинен коркуп муунтуп өлтүргөнүңүз да чындыкпы?

**Жазуучу:** - Чындык.

**Тергөөчү аял:** - Ошол жылдын күзүндө, тагыраак айтканда, он сегизинчи сентябрда, кечке жуук дачадан келе жатып жолдон Сатарова жана Ягудина деген Университетте окуган кыздарды машинеңизге салып алгансыз Сатарова 9-микрорайонго жеткенде түшүп калган. Сиз Ягудинаны үйүнө жеткирип коём деп алдап, ботаникалык бактын ичине алпаргансыз да зордуктап, мыкаачылык менен өлтүрүп салгансыз. Ушуну мойнуңузга аласызбы?

**Жазуучу:** - Мойнума аламын.

**Тергөөчү аял:** - Эсенова, Жаркынбаева, Сагынбекова, Ыраймановаларды да жогорудагыдай айбандык жана мыкаачылык менен өлтүргөнүңүздү мойнуңузга аласызбы?

**Жазуучу:** - Мен анын баарын кагаз жүзүндө жазып бергенмин.

**Тергөөчү аял:** - Күнөөкөр, сиздин жазып бергениңиз сотто эске алынат. Ал эми азыр болсо суроого жооп бериңиз.

**Жазуучу:** - Мойнума алам.

**Тергөөчү аял:** - Сиз аялдарды эки гана жол менен өлтүрүп келгенсиз. Жогорку аталгандардын баарын муунтуп өлтүргөнсүз. Мындай өлтүрүү сизди эртеби-кечпи колго түшүрөрү жөнүндө ойлондуңузбу? +зүңүздүн кичи





өлтүрүү ыкмаңызды өзгөртүп, кийинки курмандыктарыңызды бычактап өлтүрө баштагансыз. (Столдон кагазга оролгон бычакты алып чыгат). Мына ал бычак. Сиз муну Карабасованы өлтүргөн жерде таштап кеткенсиз. Ал эми Карабасова сиз өлтүргөн эң акыркы аял болчу. (Бычакты берип). Өзүңүздүн бычагыңызды таанып атасызбы.

**Жазуучу:** (алып көрүп). Таанып атам. Мен муну Карабасованы өлтүргөн жерде унутуп кеткеним чын.

**Тергөөчү аял:** - (бычакты аярлап ороп кайра столго катат). Айтыңызчы күнөөкөр Карабасованы өлтүргөндүгүңүздөн үч ай өтүп кетиптир. Сиз ушул аралыктын ичинде башка да аялдарды өлтүрдүңүзбү?

**Жазуучу:** - Жок.

**Тергөөчү аял:** - А мүмкүн өлтүрүүнү ойлонуштуруп жүргөн чыгарсыз?

**Жазуучу:** - Жок, жок! Андан кийин жамандык иштерди ойлогон эмесмин. Карабасованы өлтүргөндөн кийин ички сезимимде кандайдыр бир өзгөрүү пайда боло баштаган. Ооба, ал мурда да бар болчу. Бирок, анчалык эмес эле. Ички сезимдеги ошол өзгөрүү мени ушул жерге алып келип баарын мойнума алууга мажбур кылып отурат.

**Тергөөчү аял:** (магнитофонду өчүрүп турат). - Баары ойдогудай. (ордунан туруп, терезени ойлуу карайт). Чындыкты айтыңызчы, сиз классташ кошуна кызды сүйчү белеңиз?

**Жазуучу:** (тура калат). - Сүйчүмүн, аябай сүйчүмүн. Азыр дагы сүйөмүн.

**Тергөөчү аял:** (бурулуп өктөм үн менен). - О туруңуз, күнөөкөр! Олтуруңуз!

**Жазуучу:** (күлүп). - Койчу эми. Бара-бара серьёзный болуп баратасың да. Андан көрө өзүбүзчө сүйлөшүп алалы... Ансыз деле азыркы суроонуз ондурбады.

**Тергөөчү аял:** - Мен сизге мени менен "Сиз" деп сүйлөшүңүз деп эскертсем керек эле... (келип олтурат).

**Жазуучу:** - Койчу алтыным. Мен сени сүйөмүн. Сүйлөшөлүчү. Токтотчу тамашаңды.

**Тергөөчү аял:** - Күнөөкөр, бул жерде сиз менен эч ким тамашалашып жаткан жок. Сиз сурак берип олтурган кичи экениңизди унутпаңыз... Кана, айтыңызчы, ошол кыздын апасын чын эле эжей экен деп коркуткансызбы? Же билип туруп коркутайын дедиңизби?

**Жазуучу:** - Мага ишенип кой, билген эмесмин.

**Тергөөчү аял:** - Эмне үчүн анда экөөңөр үйлөнгөндөн кийин бул жөнүндө жашырып жүргөнсүз? Эгер чындыгын айтсаңыз ал түшүнмөк да...

**Жазуучу:** - Ардагымды жоготуп аламбы деп корккөнмун. Анткени, ал мени түшүнбөй калышы мүмкүн эле. Ошондуктан кетип калганмын.

**Тергөөчү аял:** - Күнөөкөр, сизге айтып коюуну өзүмдүн милдетим деп ойлоймун... Ошол сиз таштап кеткен аял кайгырып жүрүп, инфаркт болуп калган. Сиз муну билип койгонуңуз жөн.





## ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

**Тергөөчү аялдын ошол эле кабинети.**

**Тергөөчү аял жазуучунун делосун окуп олтурат. Сырттан күзөтчү жазуучуну айдап келип чыгып кетет. Жазуучу тергөөчүнүн бет маңдайына келип олтургучка олтурат.**

**Тергөөчү аял:** - Күнөөкөр, мен сизге олтурууга уруксат бергеним жок!

**Жазуучу:** - Кечириңиз, ошондой беле... Бирок, мен уруксатсыз олтура берем.

**Тергөөчү аял:** - Күнөөкөр, сиз бул жерге конокко эмес, тергөөгө келип турганыңызды унутпаңыз!

**Жазуучу:** - Эмнеси болсо ошонусу болсун. Мен күнөөкөр эмесмин. Оюндун да чеги болот (чалкалап олтурат).

**Тергөөчү аял:** - - Бул оюн мен үчүн эмес, сиз үчүн керек. Анан муну суранып келген да өзүңүзсүз. Туруп олтуруңуз!

**Жазуучу:** - Мен суранып келсем сени мынчалыкка барат деп ойлогон эмесмин. Эки сөзүңдүн бири эле "Күнөөкөр, күнөөкөр" (ордунан турат).

**Тергөөчү аял:** - Тергөөчүгө сиз деп кайрылууңузду суранам.

**Жазуучу:** - Макул, макул, Сиз!... Сиз!... Сиз!... Жетеби? Ушул эле болсо өмүр бою сиз деп өтөйүнчү. Келиңизчи, сүйлөшөлү. Мен сизди абдан сүйөмүн.

Сиз ойлосом оюмдан, уктасам түшүмдөн кетпедиңиз... Мен сизсиз абдан кыйналып, жүдөп, чарчадым...

**Тергөөчү аял:** - Бул жөнүндө сүрөтчүнүн кызын ээрчип кетип баратканда ойлош керек болчу...

**Жазуучу:** - Демек, мени кечирбейсиз...

**Тергөөчү аял:** - А сиз кечирүү деп эмнени түшүнөсүз?

**Жазуучу:** - Иши кылып өч алууну эмес...

**Тергөөчү аял:** - Ал эми сүйүүнүчү?

**Жазуучу:** - Сүйүү дагы кечирүүнүн бир түрү...

**Тергөөчү аял:** - Түшүнүктүү. Айтыңызчы, күнөөкөр, сиз экинчи аялыңыз менен бактылуу болдуңуз беле?

**Жазуучу:** - Кудай адамга бир гана жолу бакыт берет. Аны колунан чыгарган кишини бактысыз деп коёт.

**Тергөөчү аял:** - Демек, сиз өзүңүздү бактысыз деп эсептейсизби?

**Жазуучу:** - Кемчиликти ондоочу учур келди...

**Тергөөчү аял:** - Менин байкашымча сиз каарманыңыздын образына киралбай атасыз... Сизге ошол гана керек эмес беле?...

**Жазуучу:** - Туура, ошол керек болгон. Бирок, мага сиз дагы кереексиз.

**Тергөөчү аял:** - Күнөөкөр, сиз сүрөтчүнүн кызы менен качан таанышкансыз?

**Жазуучу:** - Мен аны кичинесинен бери билчүмүн. Атасынын мастерскоюна көп барчу элем.

**Тергөөчү аял:** - Сиз аны сүйчү белеңиз?

**Жазуучу:** - Жок.

**Тергөөчү аял:** - Бирок, сиз аны сүйөм деп алдагансыз да, туурабы?





**Жазуучу:** - Алдаган эмесмин. Мен аны сүйүү экен деп ойлогонмун. Көрсө ал андай эмес экен.

**Тергөөчү аял:** - Андан эркек балалуу болгонуңуз бизге белгилүү. Айтыңызчы, сиз уулуңузду сүйөсүзбү?

**Жазуучу:** - Сүйөмүн. Мен аны менен мектебине барып жолугушуп турам.

**Тергөөчү аял:** - Ал да сизди сүйөбү?

**Жазуучу:** - Анысын билбейм. Бирок, ал жолугушчу күндөрү дайыма мени күтүп турат.

**Тергөөчү аял:** - Күнөөкөр, сиз кийинки аялыңыз менен ажырашкандан бери үч жыл өтүптүр. Ушул аралыктын ичинде башка аялдар менен байланышыңыз болдубу?

**Жазуучу:** - Мунун бул жерде кандай тиешеси бар?

**Тергөөчү аял:** - Сиз суроого жооп бериңиз, күнөөкөр!

**Жазуучу:** - Анын эч кандай тиешеси жок. Ошондуктан, жооп бербейм.

**Тергөөчү аял:** - Билип коюңуз, күнөөкөр, бул жерде тиешеси жок суроо берилбейт. Жашырганыңызга караганда байланышыңыз болгон. Бирок, канча аял менен?

**Жазуучу:** - Мен мындай суроолорго жооп бербеймин.

**Тергөөчү аял:** - Жооп бериңиз, күнөөкөр!

**Жазуучу:** (кыйналып) - Бирөө менен. Себеби, ал сизге куюп койгондой окшош болчу. Мен андан сизди тапкым келген. (Тергөөчү аялга бул сөз өтө таасир берет, ошондуктан, жүрөгүн кармап туруп калат). Эмне жүрөгүңүзбү?

**Тергөөчү аял:** - Азыр... азыр... (дары алып ичет).

**Жазуучу:** - Дарыланыш керек. Мындай кылууга болбойт... кызмат жерге кирсин...

**Тергөөчү аял:** (кыйналган үн менен). - Аны менен кайсы жерде таанышкансыз?

**Жазуучу:** - Ким менен?

**Тергөөчү аял:** - Жанагы аял менен.

**Жазуучу:** - Театрдан...

**Тергөөчү аял:** - Кийин ресторанга бардыңарбы?

**Жазуучу:** Биздин үйгө бардык.

**Тергөөчү аял:** - Ананчы? Андан кийин эмне болду?

**Жазуучу:** (башын шылкыйтып). - Эч нерсе болгон жок.

**Тергөөчү аял:** (катуу). - Болгон, күнөөкөр, болгон! Сиз аны зордуктагансыз!

**Жазуучу:** - Жок! Жок!

**Тергөөчү аял:** - Калп айтпаңыз, күнөөкөр!

**Жазуучу:** - Сиз аны кайдан билесиз?

**Тергөөчү аял:** - Аны сиз өзүңүз романда жазган турбайсызбы?

**Жазуучу:** - Романдын буга кандай тиешеси бар?

**Тергөөчү аял:** - Туптуура тиешеси бар! Сиз суроого жооп бериңиз.

**Жазуучу:** (күнөөлүү). - Туура, ошондой болгон. Аны тигил өзү да каалап турса керек эле.

**Тергөөчү аял:** - Сиз мас белеңиз?

**Жазуучу:** - Ооба, кызуу болчумун. Ресторандан ичкенбиз.

**Тергөөчү аял:** - Эгер ал милицияга арызданам десе, сиз эмне кылмак элеңиз?

**Жазуучу:** - Жок, антмек эмес.

**Тергөөчү аял:** - Ошентсечи?

**Жазуучу:** - Анда билбеймин.





**Тергөөчү аял:** - Сиз камалгандан коркосузбу, күнөөкөр?

**Жазуучу:** - Андан коркпогон киши барбы?

**Тергөөчү аял:** - Демек, сиз аны өлтүрмөксүз.

**Жазуучу:** (чочуп). - Жок мен андайга такыр бармак эмесмин.

**Тергөөчү аял:** - Бармаксыз, күнөөкөр! Романда жазганыңызга караганда ал сиздин колуңуздан келмек. "Адам өзү жасаган ишине жараша болот", - деп Гегель айтып кеткен.

**Жазуучу:** - Жетишет! Башкы чыдай албаймын. Сен мени кимдерге теңеп атасың? Мени өзүңдүн кылмышкерлериңдей көрөсүңбү, ыя?

**Тергөөчү аял:** - Кыйкырбаңыз, күнөөкөр, кыйкырбаңыз...

**Жазуучу:** - Мен мындай кур жалаага чыдай албаймын.

**Тергөөчү аял:** - Күнөөкөр, сиздин романыңызда да каарманыңыз келинди зордуктагандан кийин соттолуп кетүүдөн коркуп муунтуп өлтүрүп олтурат. Сиздин айтууңузга караганда ал дагы башында жакшы адам болгон. Демек, ал адам өлтүргөнгө айласыздан барган. Экөөңөрдүн ортоңордогу жалгыз гана айырма сиз зордуктаган келин милицияга кайрылам деп айткан эмес. Эгер айтса, сиз дагы өз каарманыңыздын жасаганын жасайт болчусуз. Себеби, бул өзүңүз байкабаганыңыз менен сиздин мээңизде бар болчу. Ошондуктан да сиз аны акыры жүрүп романыңызда иш жүзүнө ашырып атасыз.

**Жазуучу:** - Сиз мага жалаа жаап жатасыз.

**Тергөөчү аял:** - Эгер жаңылбасам, романдын адам өлтүргөн жерлерин өтө күчтүү жаздым деп айткансыз, туурабы?

**Жазуучу:** - Туура. Айтканмын. Эмне болуптур?

**Тергөөчү аял:** - Жазуучулар өздөрү жакшы билген турмушту гана жакшы жаза алышат. Сиз дагы адам өлтүргүчтөрдүн турмушун жакшы билесиз. Себеби, сиз өзүңүз сегизинчи класста окуп жүргөндө адам өлтүргөнсүз. Сиз дагы өлтүрмөксүз, бирок, сиздин бактыңызга жараша тигил келин милицияга кайрылам деп ооз ачкан эмес. Ал эми каарманыңыздын түрмөгө жатып калгандан кийинки жерлерин жазалбай калганыңызды да мен жакшы түшүнүп турам. Себеби, биз эч качан түрмөгө сурак берип көргөн эмеспиз. Камерага жатып, тергөөчүгө сурак берип көргөн эмеспиз. +ткөн өмүрүңүзгө ушул жерден жатып алып сын көз караш менен карап көргөн эмеспиз. Кыскасы, андай турмушту сиз билбейсиз. Ошондуктан да жазбай токтоп калгансыз!

**Жазуучу:** - Сен коркунучтуу аял экенсиң!

**Тергөөчү аял:** - Мен коркунучтуу эмес, сиз угуп аткан чындык коркунучтуу болуп атат.

**Жазуучу:** - Мен мында келип жаңылышкан экенмин...

**Тергөөчү аял:** - Жаңылыштыкты билүү - өсүүнүн белгиси.

**Жазуучу:** - Кой, кеч бололекте оюнубузду токтотолу.

**Тергөөчү аял:** - Оюн али башталалек, күнөөкөр! Чыныгы оюн эми башталат (туруп барып эшикти ачып, күзөтчүнү чакырат). Алып кетиңиз муну!

**Күзөтчү:** (кирип). - Колуңду артыңа ал! Токто!.. Артыңа ал!.. Бас!.. (күзөтчү жазуучуну түрткүлөп алып чыгып кетет, тергөөчү аял бир топко чейин жүрөгүн кармап туруп калат).

—





Арадан дагы үч күн өткөн. Камеранын ичи. "Король" менен "Философ" уктап жатышат. Жазуучунун тынчы кетип ары-бери басат да, улам эшикке келип ургулай берет.

**"Философ":** (башын көтөрүп). - Эй, болду, токтот! Алар баары бир ачпайт. Ачкан кезде да сени бул жерден кетирбейт.

**Жазуучу:** - Эмне үчүн? Эмне үчүн кетирбейт? Кандай акысы бар?

**"Философ":** - Демек, акысы бар... (туруп отурат).

**Жазуучу:** Бул эмнеси? Үч күндөн бери чакырбай койду. Бул эмне кылганы?

**"Философ":** - Аны тергөөчү аялдан сура...

**Жазуучу:** - Мен ага ишенген болчумун. Жардам берет деген болчумун. Көрсө, ушинтмек беле...

**"Философ":** - Сен эмне аны сүйөсүңбү?

**Жазуучу:** - Жок, жок. Кантип эле ошентсин. Андайга барбайт.

**"Философ":** - Аялдар өтө кекчил келет.

**"Король":** - Эй, болду, муну коркута бербей...(турат).

**"Философ":** - Мен ушул адамдарга таң каламын, "Король". Бирөө кутулуп кете албай атса, бирөө келип тутулуп олтурат. Билесиңби, эгер менин колумдан келсе эмне кылат элем?

**"Король":** - Кимди?

**"Философ":** - Адамдарды... билесиңби, эмне кылат элем?

**"Корол":** - Эмне кылат элең?

**"Философ":** - Согуш ачтырып, бирине бирин кырдыртмакмын. Аябай кырдыртмакмын. (Жазуучуга) эмне үчүн деп сурап койбойсуңбу, сен?

**Жазуучу:** - Эмне үчүн?

**"Философ":** - Мына бул таманыбызда турган жер адамзатты багалбай калды. Философиянын негиздери менен караганда ал эки жарым миллиард кишини гана багууга кудурети жетет. Азыр дүйнө жүзүндө канча адам жашайт, билесиңби? Билбейсиң. Беш жарым миллиард болуп кетти. Ошондуктан адамзаттын кызыкчылыгы үчүн анын жарымынан көбүн кырып жоготуш керек. Бул илгертен бери жасалып келаткан иш. Эмне, ата-бабаларыбыз зерикенинен согушуп жүрүптүрбү? Алар эмне кылышты билишкен.

**Жазуучу:** - Сенин ушул философияң үчүн эле жазага тартса болот экен...

**"Философ":** - Кайсы жазага? Кайдагы жазага? Жазаны колдонуштан мурда адамдардын шартын оңдоп коюш керек. Мына мени алып көрөлү. Эмне үчүн уурулук кылып жүрөм. Себеби, адамдар көп. Мен алчу нерсенин баарын алар алып алышкан. Жөн сурасам эч кимиси бербейт. Ошондуктан өзүмө тиешелүү нерсени уурдап алууга туура келип жүрөт. Эгер адамдар аз болсо мындай болмок эмес. Ар кимдин энчиси өз-өзүнө жетмек. Мен дагы уурулук кылмак эмесмин. Чындыгына келгенде сени тигил тергөөчү аялың аттырып жиберсе деле болот. Бир киши болсо да адамзаттын азайганы жакшы. Бул - философиянын негиздери...

**Жазуучу:** (кыжырданып). - Билбеген нерсени былжырабачы...

**"Философ":** - Эмне үчүн былжырабайм? Философия деген чыныгы турмуштан чыгат. А мен турмушту эң сонун





билемин. Мына, маселен, мен сага окшоп жасабаган нерсени жасадым деп эч качан бирөөгө жазып бербеймин. Себеби, акмак эмесмин, билдиңби?

**Жазуучу:** - Сен жасаганыңды деле мойнуңа албайсың.

**"Король":** - Аялдарга ишенүүгө болбойт. Сен бул жерден кетишиң керек.

**Жазуучу:** - Кантип кетемин? Үч күндөн бери эшикти ачышпайт. Эмне кылышым керек?!

**"Король":** - Билбейм, билбейм:.. (Жазуучу барып эшикти ургулай баштайт).

**Жазуучу:** (кыйкырып). - Ачкыла! Ачкыла деймин! Ачкыла!!! (Тажаганда буту менен тепкилеп кирет).

**"Философ":** - Эшиктен мурда бутуң сынып калышы мүмкүн.

**Жазуучу:** - Менби? (түшүнбөй) Каякка?

**Күзөтчү:** - Чык, чык! Тергөөгө бас, тез-тез!

**Тергөөчү аялдын кабинети. Кабинетте жаш тергөөчү олтурат. Ал өзүнө аябай тыкан, ошонусу менен мыйзамды бузбай турган киши экенин башкаларга көргөзгүсү келген актёрдук жайы бар жигит. Күзөтчү эшиктен жазуучуну айдап киргенде иш кагаздарын карап олтурган болот.**

**Жазуучу:** (Киргиси келбей). - Мен кетемин... Бүттү, бүттү!.. кереги жок!.. эч нерсенин кереги жок! Түртпөгүн, акың жок. Түртпөгүлө!

**Күзөтчү:** (түрткүлөп). - Бас, бас! Кир! Кир деймин!

**Жаш тергөөчү:** - Эмне кыйкырык? Эмне чатак?

**Күзөтчү:** - Мунун качып кеткиси бар. Араң апкелатам.

**Жаш тергөөчү:** - Макул, сиз бара бериңиз. (Күзөтчү чыгып кетет). Кана, таанышып алалы. Мен сиздин жаңы

тергөөчүңүзмүн. Бүгүнкү суракты сиз менен жөн гана таанышуу иретинде өткөрөмүн. Эч кандай протокол жүргүзүлбөйт. Айткан сөздөрүңүз делого тиркелбейт. Ошондуктан өзүңүздү эркин сезиңиз. Келиңиз, олтуруңуз.

**Жазуучу:** - Жок, мен кетемин. Болду, бүттү, тойдум. Бул жерде олтурган тергөөчү кайда?

**Жаш тергөөчү:** (шылдыңдуу). - Кайда кетесиз? Олтуруңуз!

**Жазуучу:** - Кайда кеткени кандай? Үйүмө кетемин. Оюн бүттү. Жетишет. Жанагы аял кайда? (Жаш тергөөчү унчукпайт). Бул жердеги тергөөчү кайда дейм?

**Жаш тергөөчү:** - Олтуруңуз, күнөөкөр! Бул жерде суроону мен беремин.

**Жазуучу:** (олтуруп). – Суроонду башкаларга бер. Кайда жанагы аял?

**Жаш тергөөчү:** - Сиздин ишиңизди бүгүндөн баштап мен жүргүзөмүн.

**Жазуучу:** - Эмне үчүн сен жүргүзөсүң? А өзү кайда?

**Жаш тергөөчү:** - Күнөөкөр, дагы да эскертемин. Сиз суроо берүүгө эмс, жооп берүүгө милдеттүүсүз?

**Жазуучу:** - Мен эч нерсеге милдеттүү эмесмин. Ким айтты милдеттүү деп. Эч кандай күнөөм жок. Бүттү, оюнду токтотобуз.

**Жаш тергөөчү:** - Коркунучтуу кылмышкер болгонуңуз менен тамашакөй көрүнөсүз. Мен сиздин ишиңиз менен таанышып чыктым. Баары аяктап калыптыр. Болгону сотко ашырышым керек экен.

**Жазуучу:** - Сен эмне деп атасың, ыя? Кайсы ишти ашырасың? Каякка ашырасың? Акылың жайындабы?





**Жаш тергөөчү:** - Токтотуңуз сөздү! Мойнуңузда кандай кылмыш турганын билесизби? Ан үчүн кандай жаза күтүп атканынчы? Ойлойсузбу, ушуларды?

**Жазуучу:** - Аны сен ойлонгун. Менин ойлой турган кылмышым жок. Мен сага окшогон эле эркин кишимин. Же ишенбей турасыңбы?

**Жаш тергөөчү:** - Мен ишене турган нерсе - мына! (делону көтөрүп көргөзөт). Мен ушуга ишенемин. Баары мыйзамдын негизинде түзүлгөн.

**Жазуучу:** - Сен бул иштин башында болгон эмессиң. Ошондуктан мен сени менен сүйлөшпөймүн. Жанагы аял кайда?

**Жаш тергөөчү:** - Бул жер бала бакча эмес. Сүйлөшөсүзбү, жокпу - аны сизден эч ким сурабайт.

**Жазуучу:** - Мен сенден мурдагы тергөөчү менен гана сүйлөшөмүн.

**Жаш тергөөчү:** - Мен аны сизге кайдан таап берейин?

**Жазуучу:** - Эмне үчүн жок? Таап бер! Кайда?

**Жаш тергөөчү**: - Күнөөкөр! Ал киши үч күн мурда ушул кабинетте олтуруп каза болуп калган. Жүрөгү оорукчан болчу. Кечээ бүт коллективибиз менен барып жерге коюп келдик.

**Жазуучу:** (катуу чочуп). - Эмне?.. Эмне?.. Эмне дейсиң?..

**Жаш тергөөчү:** - Ошондуктан мен аны таап бере албаймын. Каалайсызбы, каалабайсызбы мындан кийинки ишиңизди мен жүргүзөмүн. Түшүнүктүүбү?

**Жазуучу:** (ый аралаш).- Жок! Жок!

**Жаш тергөөчү:** - Бул иш менин өзүмчө алып бара турган биринчи ишим. Бирок, маркум киши муну бүтүрүүгө үлгүргөн экен.

**Жазуучу:** (көз жашын сүртүп). - Бул эмнеси, ыя? Ушундай да болобу?

**Жаш тергөөчү**: - Сиз эмне ыйлап атасызбы?

**Жазуучу:** - Баарына мен күнөөлүүмүн. Анын өлүмүнө мен гана себепкер болдум. Байкушум, ай! (Башын ургулайт). Мен акмакмын, мен акмакмын. Менин акмактыгыма жүрөгү чыдабаган тура.

**Жазуучу:** - Мен аны сүйчүмүн, билесиңби, сүйчүмүн. Байкушум ай!.. Ал менин мурдагы аялым болчу.

**Жаш тергөөчү:** - Макул, бүттү ыйыңызды токтотуңуз.

**Жазуучу:** - Мен ал жөнүндө жаман ойлоп атыптырмын. Үч күндөн бери камап салып чакырбай атса, өч алып аткан экен дептирмин. Көрсө, өлүп калган турбайбы...

**Жаш тергөөчү:** - Жетишет, күнөөкөр, жетишет. Кана айтыңызчы, сиз күнөөсүз аялдарды ушунча көп өлтүргөндөн кийин өзүңүздүн акыл-эсиңиздин ордунда экенине ишенесизби?

**Жазуучу:** - Мен эч кимди өлтүргөн эмесмин. Анын баарын өзүбүз ойлоп чыгарганбыз...

**Жаш тергөөчү:** - Күнөөкөр, бул жерде ойдон чыгарылган эч нерсе жок. Баары чындык (Делону көрсөтүп). Бул жердеги аялдарды өлтүргөн киши көптөн бери биздин издөөбүздө жүргөн.

**Жазуучу:** - Мен бул жерге өзүм келгенмин.





**Жаш тергөөчү:** - Аныңызды билемин. Ошондуктан мен сизге жардам бериш үчүн өлүм жазасын он беш жылга алмаштырууга аракет кылып көрөмүн. Бирок, бул өтө кыйын. Сиздин ишиңиз менен мындан үмүт кылбай койсо болот.

**Жазуучу:** (үрөйү учуп). Бул эмне дегениң, иним? Муну кандай түшүнсө болот, ыя? Сен ушунун баарын чын эле сүйлөп атасыңбы, же тамашаңбы?

**Жаш тергөөчү:** - Сиз кантип ойлоп атканыңызды мен билбеймин. Менин оюм боюнча тамашалаша турган экөөбүздүн эч кандай негизибиз жок. Сиз менин суроомо жооп бербей калдыңыз... Акыл-эсиңиздин жайында экенине өзүңүз ишенесизби?

**Жазуучу:** - Ордунда. Баары ордунда... Деги эле менин ден соолугум жакшы... Эч жерим оорубайт.

**Жаш тергөөчү:** - Психбольницада учётуңуз жокпу?

**Жазуучу:** Жок!.. Жок!.. Жок!...

**Жаш тергөөчү:** - Муну сурап атканымдын себеби, эгер кылмыштарыңыз ооруп турган кезиңизде жасалган болсо күнөөңүздү жеңилдетүүгө шарт түзүлмөк. Бирок, али да кеч эмес. Бул медициналык текшерүүдөн кийин белгилүү болот.

**Жазуучу:** - Бул эмнеси, ыя!? Бул эмне деген шумдук?

**Жаш тергөөчү:** Аны мурда ойлонуш керек болчу. Сиздин жасаган кылмыштарыңыздан өткөн шумдуктуу нерсе жок.

**Жазуучу:** - Мен эми эмне кылышым керек? +зүмдүн күнөөсүз экенимди кантkende далилдейм? Кантkende кутулуп чыгам, ыя?

**Жаш тергөөчү:** Менин колумдан эч нерсе келбейт. Мыйзамды бузууга акым жок. Баарын өзүңүз мойнуңузга алып жазып бериптирсиз... Магнитофонго да түшүрүлүптүр. Эми аны танып кетүүгө мүмкүн эмес.

**Жазуучу:** (жалдырап). - Иним, сен мени бошотуп жиберчи, макулбу... Суранамын... Мен эч кандай кылмыш жасаган эмесмин. Түшүнүп атасыңбы, кымындай да күнөөм жок. Мына бул делодогунун баарын өзүбүз ойлоп чыгарганбыз. Мени жок жерден күйгүзүп жибербечи, иничек. Түшүнчү мени?

**Жаш тергөөчү**: - Мен деген мыйзамды гана түшүнөмүн. Сиз мага карьера жасоого тоскоол болбоңуз. Сизди бошотуп жиберүүгө менин эч кадай акым жок. Анын үстүнө жогор жактан мени карап турган кишилер бар. Аларга эмне деп жооп беремин? Же сиздин ордуңузга мен атылып кетишим керекпи?

**Жазуучу:** - Жасалбаган кылмыш үчүн сага ким эмне демек эле?.. Анын баары асмандан алынган... Жок нерсе, угуп атасыңбы, жок нерсе... Эч нерсе жок...

**Жаш тергөөчү:** (Делону ачып барактап). - Кантип жок? Мына, баары бар! Элебесова... Ягудина... Исаева... Карабасова жана башкалар... Булардын баары турмушта болгон кишилер... Кантип жокко чыгарабыз?..

**Жазуучу:** (ыйлактап) - Мен аларды көргөн эмесмин... Билбеймин...

**Жаш тергөөчү:** - Кантип көргөн эмессиз? Кантип билбейсиз? Мына, мына бул жерде баары жазылып турат. Карабасова Наталья Исаевнаны өлтүргөн бычактан сиздин





колуңуздун издери табылган. Сиз аны өлүктүн жанына таштап кеткенсиз...

**Жазуучу:** - Жок, жок! Бул туура эмес!

**Жаш тергөөчү:** - Эмне үчүн туура эмес? Баары туура. Экспертизанын аныктамасы турат. Сиздин колуңуздан алынган отпечаткалар бирдей чыгыптыр.

**Жазуучу:** - Мен ал бычакты мурда көргөн эмесмин. Тергөөчү ушул жерден бергенинен гана колума кармаганмын. Мүмкүн ошондогу колдун изидир. Менде андай бычак эч качан болгон эмес.

**Жаш тергөөчү:** - Күнөөкөр, мындай сөздөрдү токтотуңуз. Бүтүп калган ишти кайрадан баштап убара болбойлу. Бул жерде баарын мойнуңузга алып жазып берген кагаздар турат. Бычак да өзүңүздүкү экенин танган эмессиз. Мына, угуп көрөлү (магнитофонду иштете, андан тергөөчү аялдын үнү угулат). Тергөөчү аялдын үнү: "Мына, ал бычак. Сиз мунун Карабасованы өлтүргөн жерде таштап кеткенсиз. Ал эми Карабасова болсо сиз өлтүргөн эң акыркы аял болчу... Өзүңүздүн бычакты таанып атасызбы?".

**Жазуучунун үнү**: "Таанып атам. Мен муну Карабасованы өлтүргөн учурда унутуп таштап кеткеним чын". (магнитофонду өчүрүп). Буга эмне дейсиз?

**Жазуучу:** - Мен аны туура эмес алганмын.

**Жаш тергөөчү**: (Таң калып). - Кантип? Сизге эмне күч колдонуштубу?

**Жазуучу:** - Жок...

**Жаш тергөөчү:** - Шантаж жасаштыбы?

**Жазуучу:** - Жок...

**Жаш тергөөчү:** - Анда кантип мойнуңузга туура эмес алдыңыз?

**Жазуучу:** - Билбейм, билбейм... Өзүм да билбейм...

**Жаш тергөөчү:** - Мүмкүн, ошол кезде акылыңыз жайында эмес болуп жүрбөсүн?

**Жазуучу:** - Баары жайында болчу...

**Жаш тергөөчү:** - Андай болсо сизге коюлуп жаткан күнөөнү туура эмес деп айтууга эч кандай негиз жок.

**Жазуучу:** (Ый аралаш, айласыз). – О, кудай!.. Мен каякка келип алганмын?.. Жөргөмүштүн желесине өзүм келип түшкөн турбаймынбы!.. Жок!.. Жок!.. Мен жөн эле моюн сунуп бербеймин. Менин эч кандай күнөөм жок! Мени бул жерде кармоого эч кимдин акысы жок. Мен кетишим керек! (туруп жөнөмөк болот).

**Жаш тергөөчү:** (анын алдын тосуп). Күнөөкөр! Сиз кайда? Олтуруңуз!

**Жазуучу:** - Кач жолдон! Тоспо! Акмакты тапкан экенсиң!

**Жаш тергөөчү:** - Олтуруңуз дейм! Бул жерди сиз оюнчук көрүп атасызбы? Сизге ким уруксат берди? Кайда кеткен агасыз? (Сырттан күзөтчү кирип келет). Карма муну! (Күзөтчү жазуучуну күч менен кармап олтургузат).

**Жазуучу:** - Кач ары! Кармаба! Акыңар жок! Мен үйүмө кетемин! (Олтуруп ыйлай баштайт).

**Камеранын ичи. Баягы эле "Король" менен баягы эле "Философ". "Король" ары-бери басып тынчы кетип жүрөт. "Философ" узунунан жамбаштап алып аны карап жатат.**





**"Философ":** - Эй, король бутуңду аясаңчы...

**"Король":** - Мунун эмнесин аяймын... Эгер ушул буттарым болбогондо жанагы сулууну тапмак эмесмин. Ал жок болсо бул жерге түшмөк да эмесмин.

**"Философ":** - Айтайынбы, сен кимге окшошсуң?

**"Король":** - Кимге?

**"Философ":** - Аюуга. Зоопарктагы аюуларды көрдүң беле?... Темир тордун ичинен ары-бери тынбай баса беришет... (каткырат). Кел, андан көрө олтур. Чогуу ойлонолу...

**"Король":** - Эмнени ойлонобуз?

**"Философ":** - Маселен, сеин жанагы сулуу бийкечиң жөнүндө.

**"Король":** - Аны мага эстетпегин. Кечээ айтып бердим – болду, бүттү. Ал жөнүндө башка сөз жок.

**"Философ":** - Бактысыз болгон жалгыз эле сен бекен... Сулуулардын азабынан далай эркек бактысыз болгон. Айтсаң эми, ал чын эле сулуу беле?

**"Король":** - Сулуулугу жүз сомдук акчадай болчу... Ашык-кеми жок... Жыты да ошондой эле... Өзү акчаны жакшы көрчү...

**"Философ":** - Сулуунун баары акчаны жакшы көрөт...

**"Король":** - Мен ошого акча табам деп, минтип сулууну көрсө тез эле илип кетишет. Алардын бактысыздыгы так мына ушунда (туруп боюн чиренип түзөйт).

**"Философ":** - Менде да бир сулуу болгон. Ошонун азабынан жети жыл олтуруп келгенмин.

**"Король":** - Уурулук кылыппы?

**"Философ":** - Кассаны тоногонбуз. Зонадан жаңы эле чыгып келген элем. Акча жок. курсак ач, кийим начар. Анда жаш

кезим. Ал аябай сулуу экен. Тим эле билесиңби, сайдын кызыл ташындай солкулдайт. Көчөдөн көрүп артынан ээрчип алдым.мени тоготуп койбойт.+зүмдү философия институтунун аспиранты деп айттым. Ишенбейт. Үйүнүн жанына чейин узатып бардым да кала бердим. Кийин дагы бардым. Күн сайын эртең менен барчу болдум. Акыры ал дагы ошого көнүп кетти. Бирок, такыр сүйлөшпөйт. Эгер билсең мен аны катуу сүйүп калган экем. Уурулукту таштап эл катары жашайын деп ойлогом. Бирок, чөнтөгүм бош турганда тигил мени тоготпосун түшүндүм. Түрмөдө чогуу олтурган тааныштым бар эле. Бир күнү экөөбүз ал иштеген заводдун кассасын алып кеттик. Эски акча менен туптуура жарым миллион экен.. Ушундай!..

**“Философ”:** - Барбагандачы. Барганда да кандай бардым... Колумда алтын саат, мойнумда алтын чынжыр. Туфлимдин жалтыраганын айтпа. Тим эле жарк-журк этет. Ишенесиңби, адамды адам кылган кийим экен. Тигил мени көрүп алып оозун ачып калды. Мурдун көтөргөн баягы мүнөзү жок. “Менин аспирантым, мени күтүп атасыңбы?” - десе болобу. Бир жумадан кийин Крымга эс алганы кеттик. Мына көрдүңбү, акчаны көргөн сулуулар каякка чейин гана ээрчип барбайт. Бах, чиркин, ошондогу жыргал кайра бир келсе кана. Деңиз бойлоп басканыбызда эркектер гана эмес, аялдар да анын тамшанып карап калышчу. Мен эми андай сулууну эч качан көрбөймүн.

**“Король:”** - Анан кантип кармалып калдың?

**“Философ”:** - Кимге?.. А-а, менттергеби? Оңой эле. Биз тияктан келдик. Алар мени эртеси үйдөн кармап кетишти.





Күтүп жүрүшкөн экен. Ошентип бир сулуунун айынан жети жылдык түрмөгө сатып алганмын. Экөөбүз Ялтанын бир дагы ресторанын койбой олтуруп чыктык. Ал сүйүүсүн аяган жок, мен акчаны аяганым жок. Акча болсо баары болот. Сүйүү да болот, бийлик да болот, адамгерчилик да болот. Бул дүйнөдө затты бузган да акча, оңогон да акча. Эгер дүйнө жүзү боюнча бүгүн акчаны жок кылышса, мен эртең уурулукту токтотот элем (эшик шарактап ачылып, күзөтчү жазуучуну ичкери киргизет), эшик жабылгандан кийин берки экөө анын жанына барышат).

**“Король”:** -Эмне болду? (жазуучу дудук болгондой жалдырайт ).

**“Философ”:** - Сен кайра келдиңби?

**“Король”:** - Сүйлөбөйсүңбү?

**Жазуучу:** - Мен... мен... тигил...

**“Философ”:** - Эмне?

**Жазуучу:** - Өлүм жазасына... Атууга кетмек болдум...

**“Философ”:** - Эмне дейт?

**“Король:”** - Кайсы күнөөң үчүн?

**Жазуучу:** - Келесоо болгондугум үчүн...

**“Философ”:** - Дөөрүбө. Келесоолорду өлүм жазасына бербейт. Психбольницага жаткырышат.

**Жазуучу:** - Менин мурдагы тергөөчүм өлүп калыптыр...

**“Король”:** - Мурдагы аялыңбы?

**Жазуучу:** - Ооба.

**“Король:”** - Мен айткanмын... Аялдарга ишенич жок... Аларга эч качан ишенүүгө болбойт.

**Жазуучу:** - Ал өлүп калыптыр...

**“Король”:** - Мүмкүн сенден өч алыш үчүн өлүп калгандыр...

**“Философ”:** - Сен эч нерсени мойнуңа алба. Башкадан тергөө жүргүзсүн. Бирок, өтө кыйын. Сен ага чыдабайсың. Күч колдонуп киришкенде эле бүт баарын мойнуңа алып киресиң. Ага мен дагы чыдаган эмесмин. (жазуучу бери жакка өтүп башын мыжыгып олтуруп калат). Мындай нерсе менде да болгон. Биринчи жолу мени күнөөсүз жерден соттошкон. Эгер жаш кезимде ак жерден түрмөгө камашпаганда мен азыр минтип чыныгы ууруга айланып олтурмак эмесмин. Мени ууру кылган ушулар. Булар кишилерди атайын бузушат. Биз жок болсок, булардын эч кимге кереги жок. Ошондуктан бизге окшогон кишилердин көбүрөөк болушун каалашат. Күнөөң барбы, жокпу - алар үчүн баары бир тыйын.Эх, жазуучу, жазуучу! Ишиң бүткөн тура. Эми он беш жылга кесилгенден көрө атууга кетип өлгөнүң жакшы.

**Жазуучу:** - Эмне үчүн?

**“Философ”:** - Сенин статьяң менен тыякка түшүүгө болбойт. Аялдарды зордуктаган кишилерди кордоп коюшат. Короз болуп каласың. Киши катарынан чыгарып салышат. Сени менен чогуу олтуруп эч ким тамак ичпейт...

**“Король”:** - Мен өтө таң каламын. Кудай эмне үчүн адамдарды жаратты? Эгер баарын бактылуу кылалбаса эмне үчүн жаратат? Эмне үчүн кимдир-бирөө кор болуп өтүшү керек? Буга ким күнөөлүү? Кудайбы же адамдарбы? Мына, мен жашырбаймын. Көп күнөө жасадым. Король болуп жашагым келди. Бирок, болалбадым. Кудайдын алдында да, адамдын алдында да күнөөкөрмүн. Бирок, эмне себептен күнөө жасап атканымды бирөө сурап атабы?





Сураган жок. Сурабай туруп түрмөгө салышат. А мүмкүн сурашса мен оңолуп кетермин? Мүмкүн ага мен эмес, айлана-чөйрө, бүткүл коом, мына бул заман күнөлүүдүр? Андай болсо эмне-үчүн мен кармалышым керек?

**“Философ”:** - Сен барган сайын менден өткөн философ болуп баратасың... Кадимки Аристотель...

**“Король”:** - Ал ким? Жакшы киши болгонбу?

**“Философ”:** - Кадимки Маекдонскийди тарбиялап өстүргөн.

**“Король”:** - Демек, жаман киши болгон...

**“Философ”:** - Эмне үчүн?

**“Король”:** - Согуш ачып дүйнөнү багындырган кишини тарбиялаган неме жакшы эмес.

**“Философ”:** - Таң калычтуу... Өтө таң калычтуу... Бүткүл адамзат акылман деп таанылган кишини ушинтип турганың кызык экен...

**“Король”:** - Эгер менин билимим болгондо чындап таң калмаксың. Мен мектепти толук окубай калганмын. Бирок, ошого карабай агымга каршы сүзүп кетким келет. Мүмкүн ошондуктан да өкмөттүн законун бузуп жүргөндүрмүн.

**Жазуучу:** - Мен баарын ойлондум... Баарын чечтим... Эми мага жашонун кызыкчылыгы жок... Менин кымбат кишим менин азабымдан өлүп калды... Мен ансыз жашай албасымды эми түшүндүм...

**“Король”:** - Бул дүйнө небак эле түбүнөн чирип калган. Миң жылдык чынар теректер болот. Мен аны баягы жылдары Грузияга барганда көргөнмүн. Жоондугуна он кишинин кучагы жетпейт. Сырт жагы бүт чирип калыптыр. Ошончо чоң даракты ортосундагы өзөгү гана кармап турат. Бирок, ошого карабай үстүңкү бутактары жапжашыл. Чымчыктар

уя салып учуп-конуп жүрүшөт. Шамал болгон сайын кулап түшөбү деп коркосуң. Бирок, чымчыктар аны сезбей ошол даракты көбүрөөк мекен кылышат экен... Биз дагы ошол чымчыктарга окшошпуз. Төрөлүп, өсүп, үй-жай куруп эртеңки күндөн үмүт кылып жашайбыз. Биз жашаган дарак кокус катуу добул болуп кетсе кулап түшөөрүн ойлоп да койбойбуз. Бирок, кээ бир кишилер болот, алар ошол дарак кулап кетпес үчүн ортосундагы өзөк болуп атайын кармап турушат. Эгер андай кишилер жок болсо бул дүйнө небак талкаланып калмак.

**"Философ":-** Сен мындай ойлоруң менен алыска бармак экенсиң. Мен өзүмдү бекер эле философ деп жүрүпмүн. Кана, айтчы, сен өзүң кайсы кишилердин катарына киресиң? Чириген дарактын башына уя салып аткан кишилергеби, же өзөк болуп аны кармап турган кишилергеби?

**"Король":** - Сага кантип түшүндүрсөм?.. Жаш кезимде мен тагдырым минтип калат деп ойлогон эмесмин. Ушул эле шаардын четиндеги айылда жашачубуз. Ата-энемдин көзү арактан ачылчу эмес. Мен аларды канчалык жек көрсөм да өтө аячумун. Боорум ооручу. Чоңойсом аларга окшобогон эң жакшы киши болом деп ойлочумун. Бир жолу мектептен келсем атам сырткы бөлмөдө өзүн билбей мас болуп жатыптыр. Жетинчи класста окучумун. Жанымда классташ кызым бар эле. Экөөбүз чогуу сабак даярдайлы дегенбиз. Апам ички үйдө бир киши менен дырдай жылаңач жаткан экен. Биздин киргенибизди байкашкан жок. Экөө тең өлөрчө мас. Классташ кызым башка чапкандай качып





чыкты. Менин уялганымды айтпа. Ызаланганыма чыдабай ыйлап жибердим. Эшиктен отун жарган балтаны таап келип, жанагы кишинин башын кантип жара чапканымды алигиче түшүнбөймүн, атама боорум ооруду. Бекер эле ошенткен экенмин. Көрсө, ал ошонун баарын билген экен. Билмек турсун шарт түзүп берип жүрүптүр... мына ушундай!.. А сен болсо мени кайсы кишилердин катарына киресиң дейсиң. Эгер мен жанагы даракка өзөк болсом, анда анын жалбырактары жашыл эмес, кызарган эле кан болуп калмак. Себеби, менин бүткөн боюм кичине кезимден бери эле канга боёлуп калган. Ошондуктан мага тийген нерсенин баары булганып калышы мүмкүн.

**Жазуучу:** (туруп өзү менен өзү сүйлөшкөндөй). Мен баарын түшүндүм... Бирок, бир гана нерсени түшүнө албайм. Эмне үчүн ал жанагы бычактагы колдун отпечаткасын меники кылып экспертизадан өткөрүп койгон? Ошончолукка кантип барды? Эмне үчүн?

**"Философ":** - Эй жазуучу, эмне үчүн ошенткенин сен дагы эле түшүнө элексиңби?

**Жазуучу:** - Менин түшүнгүм келет. Эмне үчүн оешнтти? Же чын эле менден өч алгысы келдиби?

**"Философ":** - Анан эмне дейсиң! Ал сени жайлап кетиптир. Алды менен колдоруңдун отпечаткасын алып... Ар бир кылмышты мойнуңа коюп жаздырып... Анан кайдагы бир өлүктүн жанынан табылган бычакты колуңа берип карматып... Сөздөрүңдү магнитофонго түшүрүп... Өч алыш үчүн ошенткен. Буйтап кетүүгө жылчык калтырбай койгон тура.

**Жазуучу:** - Менин күнөөсүз экениме жок дегенде силер ишенип атасыңарбы?

**"Король":** - Биз ишенебиз. Бирок, андан эмне пайда? Буга тигилер ишенбейт. Ишенип турса да атайын ишенгиси келбейт. Себеби, ачылбай жаткан кылмышты кимдир-бирөөнүн мойнуна коюш керек.

**"Философ":** - Эч нерсе эмес, кайгырба. Тагдыр сага ушуну буйруган. Мындан качып кутулалбайсың. Кокус атууга кетсең бизди тигил дүйнөдөн тосуп алгын. А эгер сот сага ырайым кылып он беш жыл берчү болсо, биз сени зонадан күтүп алабыз. Сүйлөштүкпү? Кой, эми жатып уктайлы (өтүп ордуна жатат).

**Жазуучу:** - Билесиңби, ал мага эмне деген?.. Камерада жатып өткөн өмүрүңө көз жүгүртө элексиң деген...

**"Философ":** - Анан эмне болду? Көз жүгүртүп атасыңбы?

**Жазуучу**: - Өзүмдүн жаңылыштыгымды көрдүм.

**"Король":** - Жаңылыштыкты бардык жерден көрсөң болот... Сен жатасыңбы?

**Жазуучу:** - Жок.

**"Король":** - Анда мен жатайын (жатат).

**Жазуучу:** - Чындыгында аны таштап кетип чоң күнөө жасаган экенмин. Болгон ишти айтууга кудуретим жетпептир. Эми минтип анын өлүмүнө себепкер болуп олтурамын (аяк жакка олтуруп, башын мыкчып кайгыра баштайт).

**Тергөөчүнүн кабинети. Жаш тергөөчү кагаздарын иреттеп олтурганда телефон шыңгырайт**.

**Жаш тергөөчү**: (трубкага). - Угуп атам. А, сизби? Ооба... мен мыйзам боюнча иш жүргүзүп атам... Эмне дейсиз?.. Макул,





макул... И-и, азырынча билбейт... Жок, жок... Макул... Сиз келгенчеби?.. Жарайт, жарайт... Үйдөн чыгып атасызбы? Макул... (трубканы коюп ойлонуп калат, күзөтчү сырттан чачы аппак болуп кеткен жазуучуну айдап кирет).

**Күзөтчү:** - Караңызчы, чачы бир түндө агарып кетиптир...

**Жаш тергөөчү:** (таң калып). Эмне болду?

**Жазуучу:** Эртең менен беркилер айтпаса өзүм билмек эмесмин...

**Жаш тергөөчү:** - Олтуруңуз (күзөтчүгө) сиз бара бериңиз (күзөтчү кетет).

**Жазуучу:** - Бир түндүн ичинде миң жылдык өмүрдү жашагандай болдум...

**Жаш тергөөчү:** (дагы таң калып). Аябай агарып кетиптир... Эч жериңиз ооруган жокпу?

**Жазуучу:** - Жок.

**Жаш тергөөчү:** - Мындай болорун биринчи жолу көрүп атам... Чын эле ооруган жоксузбу?

**Жазуучу:** - Жок, жок. Ооруган жок.

**Жаш тергөөчү:** - Мен минтип кетээрин билген эмесмин...

**Жазуучу:** - Азыр менде жаман ойлор болуп атат...

**Жаш тергөөчү:** - Болду, ойлонбоңуз. Биз сизди бошоткону атабыз.

**Жазуучу:** (чочуп). - Ыя?! Эмне үчүн?

**Жаш тергөөчү:** - Сиздин эч кандай күнөөңүз жок экен.

**Жазуучу:** - Кантип күнөөм жок?

**Жаш тергөөчү:** - Ооба. Мына бул делодогулардын баары ойдон чыгарылган нерселер экен...

**Жазуучу:** - Токто!.. Токточу!.. Мен такыр түшүнбөй калдым.

**Жаш тергөөчү:** - Эмнесин түшүнбөйсүз? Сизди күнөөлөгөнгө биздин эч кандай акыбыз жок.

**Жазуучу:** - Эмне үчүн жок! Тигил аялдарчы?

**Жаш тергөөчү:** - Аларды башка бирөөлөр өлтүргөн.

**Жазуучу:** - Жок! Жок! Сен андай дебегин. Сен туура эмес айтып атасың!

**Жаш тергөөчү:** - Наарazы болгонуңуз кандай? Кубангандын ордуна бул эмнеңиз?

**Жазуучу:** - Мен буга чачым агарып кеткиче ойлонуп, өзүмдүн кылмышкер экениме эми гана ишене баштаганда эмне деп турасың, ыя? Мен аялдарды өлтүргөн маньякмын.

**Жаш тергөөчү:** - Жинди болдуңузбу?!

**Жазуучу:** - Мен эми тирүү жашай албаймын. Аялымды күнөөсүз таштап кетип акырында өлтүрүп тындым, өзүмдүн ким экенимди түшүнгөн кезде сенин минткениң жарабайт. Эми менин өлүмгө кеткеним оң.

**Жаш тергөөчү:** - Бул менин колумдан келбейт. Бирөөлөрдүн жасаган кылмышын сизге кантип жүктөймүн? Билесизби, бул үчүн эмне кылат?

**Жазуучу:** - Мен өзүм мойнума алып жатпаймынбы. Аны ким териштирет? Сен дагы чоң ишти бүтүрөсүң. Жогор жактан алкыш аласың. Ачылбай аткан кылмыш жабылат да калат.

**Жаш тергөөчү:** - Эч качан жабылбайт.чыныгы кылмышкер колго түшмөй сайын кылмыш улана берет. Мен мындай ишти жасай албаймын.

**Жазуучу:** - Мен сенден ишти улантууңду талап кыламын. Мына мен кылмышкермин. Алдыңа кылмышкер өзү келип





турса минтүүгө эч кандай акың жок. Керек болсо үстүңдөн арызданамын.

**Жаш тергөөчү:** - Сиз өтө кызык киши экенсиз...

**Жазуучу:** (жалдырап). - Сенден суранамын. Түшүнчү мени. Жок дегенде өзүңдүн коллегаңа боор ооручу. Менин азабымдан өлүп калды го? Эми менин дагы өлгүм келип атат.

**Жаш тергөөчү:** - +лсөңүз башка жактан өлүңүз. Бул жер сага касапкана эмес. Болду, бүттү! Андан көрө мен сизге бир сөз айтайынбы?

**Жазуучу:** - Сөзүңдүн мага кереги жок. Андан көрө мен уккун. Сен эмнени жоготосуң, ыя? Чоң кылмышкердин бетин ачканың үчүн жакшы атак аласың. Кызматыңдан чоңойосуң. Жаманбы? Сен үчүн мындай мүмкүнчүлүк башка болбойт.

**Жаш тергөөчү:** - Мени укпайсызбы, эми. Бир сөз айтайын... Сиз үчүн өтө кубанычтуу...

**Жазуучу:** - Эми мени эч нерсе кубандыра албайт...

**Жаш тергөөчү:** - Өтө жаңылышасыз... Сизди бирөө аябай сүйөт экен...

**Жазуучу:** - Мага эми эч кандай сүйүүнүн кереги жок...

**Жаш тергөөчү:** - Ал мага телефон чалды. Азыр өзү келип калат.

**Жазуучу:** (чочуп). - Ким келет? Каякка келет?

**Жаш тергөөчү:** - Сизди сүйгөн киши... Ушул жерге келет...

**Жазуучу:** - Менин экинчи аялымбы? Ал менин биякта экенимди каяктан билиптир? Сен аны тааныйсыңбы? Кереги жок! Мен аны көрөйүн деген көзүм жок. Жанагы инженери менен жашай берсин.

**Жаш тергөөчү**: (Таң калып). – Сиз кимди айтып жатасыз?

**Жазуучу:** - Менин экинчи аялымды... Ушул жерге келет деп атпайсыңбы...

**Жаш тергөөчү**: - Мен сизге ал жөнүндө эч нерсе дегеним жок... Аныңызды таанабайм дагы...

**Жазуучу:** - Анда ким келет?

**Жаш тергөөчү**: - Бир аял келет... Жакшынакай аял... Жашы сиз менен тең...

**Жазуучу:** - Табышмак кылбай айтпайсыңбы!.. Аселби?.. Менин кошунамбы?

**Жаш тергөөчү:** (күлүп жиберет). – Демек кошунаңыз менен да соо эмес экенсиз да...

**Жазуучу:** - Сен күлбөгүн. Ортобузда эч нерсе жок. Болгону эле ал байкуш мага турмушка чыгам деп аракет кылып жүрөт.

**Жаш тергөөчү:** (күлкүсүн тыялбай). А сизчи? Үйлөнөйүн дейсизби?

**Жазуучу:** - Мен өмүрүмдө бир гана кишини сүйгөнмүн жана да ошону сүйө беремин. Башканын кереги жок.

**Жаш тергөөчү:** - Калп айтпаңыз... Сырыңыз ачылып калды...

**Жазуучу:** - Ал сыр эмес. Элдин баары билет. Айтпайсыңбы эми, ким келет?

**Жаш тергөөчү:** - Айтпаймын. Аны келгенде көрөсүз. Эгер билгиңиз келсе сизди ошол аял куткарып калып олтурат. Мен сизди аттырып жиберишим мүмкүн эле.

**Жазуучу:** - Анан эмнеге айнып калдың? Ошент деп мен сенден жанатан бери суранып жатпаймынбы?





**Жаш тергөөчү:** - Жанагы аял токтотуп калды. Эми колумдан келбейт. Эч кандай күнөөңүз жок болуп жатат.

**Жазуучу:** - Жанагы өлгөн он беш аялчы? Алдында делом жатпайбы?

**Жаш тергөөчү:** - Мунун баары жетишсиз. Көчөдөгү кишини эле соттотуп ийе алаймын. Фактылар аз. Мойнуңузга койчу буюмдук далил да жок.

**Жазуучу:** - Бычакчы, бычак?! Бычакты унутуп калдыңбы?

**Жаш тергөөчү:** - Кайсы бычак?

**Жазуучу:** - Карабасованын жанынан табылган бычакчы? Анда менин колумдун отпечаткасы бар. Мен аны ошол жерге унутуп таштап кеткемин.

**Жаш тергөөчү:** (Каткырып күлүп). – Ой, мына бул бычакты айтасызбы? (столдун суурмасынан алып чыгат). Бул биздин дарбыз союп жеп жүргөн бычагыбыз. Кайдагы Карабасованы айтасыз? Ой, аксакал ай, аксакал! Эми менен сүйлөңүзчү! Бул бычак ушул кабинеттен башка жакка чыга элек.

**Жазуучу:** (кызандап). - Түшүнсөм буйрубасын... Мен айнып баратат окшойм... Сен мени эмнеге жинди кылып атасың, ыя?

**Жаш тергөөчү:** (күлкү аралаш). - Мен сизди жинди кылганым жок, байкеси. Эгер билсем чоң жардам берип жатам. Туура түшүнүңүз. (бычакты берип). Меңиз алыңыз. Эстелик болот (күлкүсүн тыялбайт).

**Жазуучу:** (бычакты коргусу келбей бери таштап). Анда экспертизадан колумдун отпечаткасын эмне дейсиң?

**Жаш тергөөчү:** - Ал атайын жасалган нерсе экен. Сизди ишендириш үчүн... Түшүндүңүзбү?..

**Жазуучу:** - ОШону билип туруп анда эмне үчүн мени кечээ кайра камап салдың, ыя? Эмне үчүн мени кыйнадың? Күнөөң жок экен деп дароо эле бошотуп жибербейсиң?

**Жаш тергөөчү:** - Эже өлүп баратып ошент деген болчу...

**Жазуучу:** - Сен анын жанында болдуң беле?

**Жаш тергөөчү:** - Ооба. Жанында болгонмун. Эже минтип айтты: "Мен өлүп баратамын. Сен менин ишимди аягына чыгарып, ага жардам берип кой. Ал мага ишенип келген болчу", - деген. Мен эженин айтканындай кылдым.

**Жазуучу:** (көзү жашылданып). - Байкушум ай!.. Мен жөнүндө кам көрүп кеткен тура. А мен болсо аны билбей жаман ойду да ойлодум... Дагы башка сөз айттыбы?

**Жаш тергөөчү**. - Айтты.

**Жазуучу:** - Эмне деди?

**Жаш тергөөчү:** - Өмүр бою сизди сүйүп өткөнүн айтты. Кайрадан келер бекен деп күтүп жүрдүм деди. Бирок, келбей койгонуңузду айтып арман кылды.

**Жазуучу:** - Кандай гана акмакмын... Кандай гана акмакмын... Мага аёо жок... Бүттү, бүттү! Менин жашоого кымындай да акым жок. Кайсы абийирим менен жер бетинде басып жүрөмүн? Кантип чыдаймын? Мен өлүшүм керек! Сен мага жардам бер?!

**Жаш тергөөчү:** - Ансыз дагы жардам берип атамын. Баарын эженин айтканындай жасадым. Же нааразысызбы?

**Жазуучу:** - Ишти чала бүтүрүп атасың. Биротоло аягына чыгар.

**Жаш тергөөчү:** - Жок, болбойт. Акым жок.





**Жазуучу:** - Тигил он беш аялдын ичинен кантип төрт-бешөөн мойнума коё албайсың? Ошончолук эле кыйынбы?

**Жаш тергөөчү:** - Сиз өзү тергөөчүлөрдү ким деп ойлойсуз? Биз эмне ошондой киши бекенбиз? Анан кандай аялдарды айтып атасыз? Эч кандай аялдар жок.

**Жазуучу:** - Жанагы зордукталып өлтүрүлгөн аялдарчы?

**Жаш тергөөчү:** - Сиз кызык киши экенсиз. Аларды өлтүргөн кишилер небак камалып кетишкен. Ушуну кантип түшүнбөйсүз? Мен мындан аркысын жасай албаймын.

**Жазуучу:** (нес боло түшүп). - Демек, ушунун баары жок нерсе турбайбы?

**Жаш тергөөчү:** - Анан эмне дейсиз? Эже сизди ишендириш үчүн ушинтиптир. Антпегенде сиз кылмышкерлердин психологиясын түшүнө алмак эмессиз. Мына өзүңүздү накта кылмышкер сезип олтурасыз.

**Жазуучу:** (бычакты колуна алып). - Эгер күнөө таба албай турган болсоң, анда мен азыр аны жасаймын. Мен сени өлтүрөмүн. Анан сот кылбаганын көрүп алайын. (Эңкейип жакадан муунтуп бычак такай баштайт). Мен эми өзүмдү да аябаймын, башканы да аябаймын.

**Жаш тергөөчү:** (кырылдап) - Колду тартыңыз! Сиз эмне жинди болдуңузбу?

**Жазуучу:** - Өлтүрөмүн! Сенден башкасын да өлтүрөмүн! Баарын өлтүрөмүн! Мага өлүм жазасын бергиче өлтүрө беремин.

**Жаш тергөөчү:** - Бошотуңуз дейм! Жинди болбоңуз!! Күзөтчү!!!

(Сырттан тергөөчү аял кирип келет).

**Тергөөчү аял:** (сүрдүү) Эмне болуп атат?! Ким тополоң кылып жатат. Бул эмне дегендик?!

**Жазуучу:** (Үндү угуп катуу чочуп кетет). - Ыя? Сенсиңби? Сен кайдан? (Беркини муунткан бойдон түшүнө албай делдейип калат).

**Тергөөчү аял:** - Тарт колуңду! Бул эмне кылганың? Өлтүргүң келдиби?

**Жазуучу:** (колун бошотуп, кекечтенип). - М... м...ен... се...ен... бул... (токтоно албай ыйлап жиберет).

**Жаш тергөөчү:** (мойнун кармалап). - Аз болгондо өлтүрүп коймок. Чыныгы кылмышкер кылып алган турбайсызбы. Ачуусу жаман экен.

**Тергөөчү аял:** - Эмнеге ыйлап атасың?

**Жазуучу:** - Бул сени өлүп калды деген...

**Тергөөчү аял:** - Мен өлүп калсам сен муну өлтүрүшүң керекпи, ыя? Мунун ага кандай күнөөсү бар? Чачың агарып кетиптир го?

**Жазуучу:** - Кайгыдан ушинттим. Бул мени жинди кылыптыр. Мен муну баары бир өлтүрөмүн. Бул мени шылдыңдап ойноптур! (бычак менен жаш тергөөчүгө умталат, берки тергөөчү аялды айлана качат).

**Тергөөчү аял:** - Токтот! Бычакты бер бери! (алып столго катат).

**Жазуучу:** - Сени өлүп калды деп мени эмне үчүн алдайт?

**Тергөөчү аял:** - Аны буга мен үйрөткөнмүн. Эгер минтпегенде сен эч качан кылмышкердин психологиясына кире алмак эмессиң. Ошону түшүнүп мен ушуну ойлоп табууга мажбур болдум.





**Жаш тергөөчү:** - Ооба, сиз мага бекер ачууланып атасыз.

**Жазуучу:** (жактырбай). - Сен артист болсоң болмок экен. Талантыңды бекер эле өлтүрүп атасың, Смоктуновский!..

**Жаш тергөөчү:** (күлүп) - Ансыз деле министрликтин драмкружогуна катышып жүрөм. Менин башка керегим жокпу эже?

**Тергөөчү аял:** - Макул, ыракмат. Бара бер. (Жаш тергөөчү чыгып кетет. Тыным, сөздү араң баштап) - И-и, сүйлө. Кылмышкердин өлүм алдындагы психологиясы кандай болот экен?

**Жазуучу:** - Сен мени мазактабачы... (экөө тез оңтойсуз калыпта турат, үндөрү күнөөлүдөй жумшак).

**Тергөөчү аял:** - Мен мазактаганым жок.

**Жазуучу:** - Мен сенсиз жашай албайт экенмин. Муну мурда эле билчүмүн. Бирок, кечээтен бери катуу ишенип калдым. Жашабагыр бала мени оңдурбай салды. Сен ушуга ишенесиңби?

**Тергөөчү аял:** - Ишенемин... Чачың да агарып кетиптир... Мен сенин мынчалык кайгырарыңды билбептирмин.

**Жазуучу:** - Мен сени албай сүйөмүн...

**Тергөөчү аял:** - Эми буга да ишенемин.

**Жазуучу:** -Чын элеби? (Экөө бир-бирине бурулуп кол кармашып калышат) Сенсиз өткөн өмүрүм азап болду. Мен сенсиз жашай албайт экенмин.

**Тергөөчү аял:** - Мен дагы сенсиз кыйналып бүттүм. Бирок, ушунча жылдан бери үмүт үзгөнүм жок. Кайрылып келериңе ишенгенмин.

**Жазуучу:** - Эмне ыйлап атасыңбы?

**Тергөөчү аял:** - Жок, ыйлаганым жок.

**Жазуучу:** - Көзүңдөн жаш агып атат... (сүртөт).

**Тергөөчү аял:** - Бул ыйлагандан эмес. Бул кубангандан. Сеникинен да жаш агып жатат.

**Жазуучу:** - Мен кубанып атамын. Бирок, көп жылдарды бекер өткөрүп жибергенге өкүнөмүн.

**Тергөөчү аял:** - Бактылуу болуш үчүн эч качан эрте-кечи жок. Жүр кеттик! (Колдон жетелейт). Курсагың ачка болсо керек. Мен үйдө тамак койгонмун. Барып романыңды жаз.

**Жазуучу:** - Жок, жок. Мен эми аны жазбаймын. Мен ушул жерден өзүмдүн башымдан өткөргөн окуяны жазамын. Сен мага көптөн бери издеп жүргөн сюжет таап бердиң. Көрөсүң, бул роман эң жакшы чыгарма болот (чыгып кетишет).

**(Көшөгө).**

**Тергөөчү аял:** - Саргая күтсөң, кызара бөртөсүң дейт. Ийгилик дайыма кеч келет. Демек, бакыттын келиши бизге эч качан кеч эмес! Туура айтамбы? (Жазуучуга мээримдүү карайт). Анан аны колдон жетелеп) жүрү кеттик! Курсагың да ачкандыр, мен сага даамдуу тамак даярдап койгом.

**Аягы.**





## АЛА ДӨБӨТТҮН СҮЙҮҮСҮ

### IV БӨЛҮМ

Ошол түнү дөбөт өзүнүн ордунда эркек менен аял жаткан боз үйдөн көзүн албай таң атканча олтурду.

Өзүн бактылуу сезген Салима жерге жарык түшөрү менен Касымбектин кучагынан жылаңач денесин суурул чыгып кийинди да, кой короо жакка жөнөдү. Таңкы салкында жайылган койлор жакшы тоёт. Ошондуктан аларды берки бетти көздөй короодон чыгарып айдап жибермек болду. Салиманы көргөн койлор топурап ордуларынан турушуп, кашаа ачылары менен куйрук улаш чубап көк чөпкө чуркап жөнөштү. Түнү менен дөңдө олтурган сур канчык да өзүнүн бар экенин билдиргиси келип Салиманын жанына жетип барды. Буга дөбөттүн ачуусу келип, моюн жүндөрүн түктүйтүп алыстан карап турду. Ургачынын жасаган күнөөсү ургачыга жеңил сезилерин ал билген жок. Өзүнүн дөбөттүк сезими менен экөөн тең жек көрүп, канткен күндө тигил аялды жазалоонун жолун таппай кыйналып атты. Чуркап барып жарып салуу колунан келет, бирок антүүгө болбойт. Аны эч ким албай турган кылып жазалаш керек. Жазалаганда да Касымбектин көз алдында жазалаганды туура көрдү. Экөө тең өз күнөөлөрүн сезгендей болушу керек. Бирок кантип? Ал үчүн эмне кылуу керек?

Дөбөттүн Баялыга болгон эркектик тилектештиги улам күчөй берди. Мына, түнү бою жанында шыйпаңдап жүргөн сур канчык да эми жакын жолобой оттоп жүргөн койлордун четинде жүрүп алды. Дөбөт жөнүндө такыр эле унутуп салган сыяктанат. Бул эмнеси? Же иттин

канчыгы да аялдарга окшош болобу? Ким жакшы мамиле жасаса ошого моюндашып, ошого куйругун шыйпандатыпошого жароокерленип кете береби?

Дөбөттүн акылы жетпей турду. Ал турмуштун өзгөргөнүн да, ага кошулуп адамдын адам гана эмес, бүткүл жан жаныбардын, жаратылыш өзгөрүлүп баратканын билбеди. Өзүнүн карышкыр экенине карабай, өзү адам баласындай ой жоруп, ошондой сезим күтүп, сүйүп кайгырып, жек көрүп турганын сезе албады. Ал эми адам баласы тескерисинче бири бирине карышкырдай мамиле жасап, бири биринин көзүнө чөп салып, кордоп өзүнүн керт башынын кызыкчылыгы үчүн керек болсо өлтүрүп, адамдын адам экенин унуткарып итке айландырып, бири бирине жок жерден жалаа жаап, бирин бири алдап жүргөнүнө акылы жетпеди. Өзүн үйүрдөн кууп жиберген жапайы иттер менен карышкырдын келгин дөбөтүнө окшогон немелер бул дүйнөдө башка экенин, болсо да өтө сейрек кездешерин, ал эми баланы итке айландырган киши менен узун бойлуу тергөөчүгө окшогондор адамдардын арасында толтура жүргөнүн, аларды башкалардан айрып билүү өтө кыйындыгын күлүп сүйлөп жакшы мамиле жасап, сыр бербей, көпчүлүктүн арасында жүрө берерин ойлой албады. Адамдардын акылы бул дүйнөдөгү толгон-токой сырлардын башын ачканы менен өзүн өзү али ача электигин, ачууга кудрети да жетпестигин адам өзүнүн акылынан да бийик ошондой эле кол жетпес экендигин байкуш татаал карышкырдын дөбөтү кайдан түшүнсүн. Өзүнүн төрөлүп өскөн үйүрүн кырып салганына карабай адамдарды боорукер, акылдуу бири бирине кыянатчылык кылбаган өзгөчө жандар





катары ойлоп жүргөн. Баякыда жапайы иттер менен келгин дөбөт талап өлтүрөрдө аларды аралай качып ажалдан кутулуп кеткен эмес беле...

Дөбөт ушуларды эстеп отурду. Ал Баялынын тууганына окшоп кыямат кайымдын жакындап калганын билген жок.

Сур канчык тээ төмөндө кой четинде жүрдү.

Күндүн нуру ары жактагы аска-зоонун башын жалап чыгып келе жатты.

Боз үйгө кирип кеткен Салима бир аздан кийин кайра чыкты да, очокко казан асып суу жылыта баштады. Көп өтпөй турса-майкечен болгон Касымбек артынан чыгып анын жанында карап турду. Дөбөттүн кыжыры кайнай баштады. Салима менен Касымбек жылыган сууну казандан чакага куюп, боз үйдүн өйдө жагындагы көң жайылган жерге алып барышты. Анан экөө тең жыпжылаңач болуп чечиништи. Бири бирине чөмүчтөп суу куюнуп жууна баштаашты. Денеси менен жасалган күнөөнү суу менен жууп салгысы келишти. Таза аба менен күндүн алгачкы нуру аралашкан ээн жайлоонун койнунда жылаңач денелерин бири бирине көрсөтүүдөн тартынышпай, өздөрүнүн ушул кылыктары өздөрүнө жагып бири биринен чөмүч талашып суу чачышып, ошол суу чачышкан сайын каткырып күлүп өз күлкүлөрүнө өздөрү машырланып жыргап атышты.

Салиманын денеси аябай сулуу эле. Үч бала төрөгөнүнө карабай кыз сымбаты сакталуу бойдон экен. Эмчектери тисирейип типтик, бели кымча келип, түптүз буттары менен жумуру балтыры менен сандары ашык-

кеми жок куюп койгондой жарашыктуу болуп турат. Керилген кара кашы бакырайган көздөрүнө жарашып, оймоктой бойтойгон оозу кызыл жүздүү бети ар кандай эркектин сугун арттырат. Эки өрүп жүрчү олоң чачы жазылып жылаңач жонунан ылдый куюлуп, күндүн көзүн көрбөгөн ап-аппак денесине жабышып улам ары бери булактайт. Ал өзүнүн ушул сулуулугуна мактангандай кериле басып ары жакта илинүү турган сүлгүнү алып боз үйгө кирип кетти. Анын артынан турса-майкесин колуна көтөргөн Касымбек жылаңач бойдон андан-мындан бир аттап эңкейип чуркап кетти.

Дөбөт ушунун баарын көрүп турду. Ачуусуна чыдабай ордунан тура калып ошолорду көздөй чуркамакчы болуп комдонуп, бирок өзүн өзү тыйып кайра чокчоюп отура кетип не кыларын билбей атты. Тигилер боз үйдүн ичине кирип кеткенден кийин өзүн такыр кармана албай калды. Болду болбоду ичкериден дагы бир жамандык жасалат деп ойлогон дөбөт ошол жакка чуркамак болуп комдоно баштады. Себеби дөбөт карышкырдын Салимага кол салчу убагы бышып жетилип калган эле. Карышкыр боз үйдүн ичине кирип келгенде Салима кийинип алып чай коюу үчүн эшикке чыгып бараткан. Бет маңдайдан качырып сала берген дөбөттү кутуруп кеткен ит экен деп ойлоого араң жарады. Өчүккөн көк жал арткы эки бутуна типтик тура калып анын мурдунун учу менен бир жак бетин тиштеп үзүп алды да, тездик менен көздөн кайым болуп кетти. Төр жакта турган Касымбек эмне болуп кеткенин түшүнүүгө үлгүрбөй калды. Салима катуу чаңырып канга боелгон бойдон эстен танып жыгылып түштү.





Ойношу келип караганда анын мурдунун учу менен бетинин эти карышкырдын оозунда кетиптир. Касымбектин көзүнө төрдө илинип турган кош ооз мылтык урунду. Жетип барып мылтыкты октоду да кутурган итти атып салуу үчүн эшикке чуркап чыкты. Ал жерге житип кеткенсип эч жерден көрүнбөдү. Ары бери издеп таппай койгондон кийин кайра ичкери кирип эс учун билбей жаткан Салиманын жаратын таңууга киришти.

Карышкыр кырдын ары жагы менен тынбай чуркап отуруп жогор жактагы тоонун этегине жеткенде оңго бурулду да, желип жортуп кайра өзүнүн кароол дөбөсүнө келип азыркы барып келген боз үй жакты карап олтуруп калды. Оозунда бир нерсе тиштеп жүргөнүн эми гана байкап жерге таштап жиберди эле Салиманын мурдунун учу менен бетинин шапалактай болгон эти экен. Денеси жыйрыла түштү, кан болгон тумшугун көк чөпкө жанып-жанып тазалап жиберди.

Аңгычакты мылтык көтөрүп өзүн издеп ары-бери чуркаган Касымбекти көрдү. Анын ушинтип издерин күн мурунтан билген болчу. Ошондуктан ага көрүнбөй башка жак менен качып келип олтурат.

Күтүүсүз кырсык убакыттын кандай өткөнүн сездирбеди. Антип минткиче күн шашкеден ооп Салима эсине келип сүйлөгө араң жарады.

Баялы жайлоого түштөн кийин келди. Бети башы таңылып жаткан аялын көрүп катуу кайгырды. Касымбек ага өзүнүн жаңы эле келгендигин, келсе Салима минтип канга боёлуп жаткандыгын айтып шек алдырбады.

- Карабайсызбы, - деди ага оозу мурду кыйшайбай, - өз убагында келген экемин. Жогор жактагы жайлоого

бараткан элем. Кудай жалгап быяка бурула калганымды айтпайсызбы. Антпесем жеңемден айрылып калмак экенбиз.

Аялына кол салган баягы дөңдө жүрчү карышкырдын дөбөтү экенин дароо билди. Аны ошондо.эле атып салбаганына катуу өкүнүп алды. Аны эртеби кечпи минтип кырсык алып келери оюнда жок болчу. Карышкырлар эч качан адам баласына жакшылык кылбасын эсине жара чыгып унутуп калганын карачы. Койлорду сактап калганына алданып калганын көрбөйсүңбү.

Дөбөт ошону менен эле токтоп калган жок. Баялы Салиманы жакадагы доктурга алып бараткaнда кайрадан кол салууга аракет кылып, жол бою ээрчип шаштысын кетирди. Эгерде тили болсо бүт баарын Баялыга төкпөй-чачпай айтып бермек. Тили жок болгондуктан ага ушундай аракети менен түшүндүргүсү келди. Аны адам баласы түшүнбөдү. Мылтыгын үйдөн асына чыккан эле, ошону улам-улам атып жүрүп олтуруп бир топ жерге чейин жакын жолотподу. Бирок огунун азайып баратканын көрүп аз аздан колдоно баштады. Алар машина жүрчү чоң жолго жеткенде жалгыз огу калыптыр. Карышкыр да сезгендей улам жакындап кайра алыстап аттын үстүндө келе жаткан Салимадан көзүн албай ырылдап коркунуч туудура баштады.

Баялы жалгыз калган огун аяганы менен карышкыр аянган жок. Алар сайды бойлоп өйдө көтөрүлгөндө карышкыр чуркап жетип Салимага асылмак болду. Чочуп кеткен ат тебинип ийди эле ойлогон ою ишке ашпай калган дөбөт карышкыр буйтап барып аркы бетке өтүп





кетти. Жар боорлоп кетип бараткан карышкырды тизелеп отура калып атып жиберди. Ок дөбөттүн бутуна тийгенде каңк этип мүдүрүлүп кетти. Карышкыр Баялыга нараазы болгондой бир карап алып, каңшылаган бойдон аксаңдап качып жөнөдү. Ал Салимадан Баялы үчүн өч алгысы келген болчу, бирок адам баласы ага жол берген жок. Карышкырдын оюн түшүнмөк турсун кайра минтип жарадар кылып салды. Аксаңдап качып бараткан карышкыр Баялыга таарынып баратты. Жаны сыздап каңшылап ыйлап баратты.

Дөбөт ошол күнү ийнине эптеп жетти да баш көтөрбөй бир жума бою ооруп жатты. Экинчи жумага караганда гана акырын жылып жакын арадан кара курсактын камын көрө баштады. Сур канчыкка барган жок, аны көргүсү келбей турду. Бирок бир күнү кечинде сур канчык аны өзү издеп келди. Келди да таарынган немедей алыстан көзүнүн үстү менен карап туруп калды. Дөбөт чыдаган жок. Акырын басып жанына барды. Анан экөө дароо эле табышып кетти. Бирин бири чапчып ойноп, ооналактап жата калышып ичиндеги болгон сагынчын айтышкансып кыңшылай башташты.

Баялы ошол бойдон карышкыр эмнеге аялына кол салганы жөнүндө билбей кала берди. Аны өлтүрүш үчүн издеп көрдү. Бирок дөбөт ошол күндөн кийин өзүнүн баякы кароол дөбөсүнө такыр жолобой койду. Ал сур канчык менен башка жактан кезигүүнү адат кылып алган эле...

## МАЗМУНУ

Эң зор сүйүү Мекенин............................................ 5
Менин жерим............................................ 6
Улуу тоолор............................................ 7
Айлымды сагындым............................................ 7
Ата-энени сыйлайлы............................................ 8
Ата энем менин жүрөгүм............................................ 9
Кечир апа!............................................ 10
Жаштык............................................ 11
Доско............................................ 11
Кышкы ай............................................ 12
Көздүү адам керемет............................................ 13
Сокурдун ыры............................................ 14
Түшүмө кирериңе ишенемин............................................ 15
*Махабат саптары*............................................ 16
Сага............................................ 17
Сени сүйүү............................................ 18
Сезим күчү............................................ 19
Экөө............................................ 20
Кош дей албай............................................ 21
Тун сүйүүнү эскерүү............................................ 21
Өмүр дайра............................................ 22
Калп атактан сактагын............................................ 23
Мен жөнүндө............................................ 24
Небереме............................................ 24
Досторум бар............................................ 25
Сагынуу............................................ 27
Кыргыз кайда............................................ 27





Паракорлор............................................ 29
Ыйлап чыкты калем сабым............................................ 30
Астана............................................ 31
Көл боюнда............................................ 32
Сенсиң менин сагынарым............................................ 32
Көл этюду............................................ 33
Өмүрдү таза жашап өтүү керек............................................ 34
Замана............................................ 37
Өз жериңдин тарыхын билесиңби?............................................ 40
Уламышка айланган чындык............................................ 42
Карымбай бай тууралуу уламыш............................................ 46
Өлчөп койгон кудайым............................................ 49
Билип кой............................................ 49
Аяз ата сагындырбай бачым келчи............................................ 50
Бирок............................................ 51
Жаштык-мастык............................................ 52
Сени ойлоп отурам............................................ 55
Жалган дүйнө............................................ 57
Жашоо керемет............................................ 58
Кызганбачы............................................ 58
Афоризмдер............................................ 61
Чертилбей калган комуз............................................ 69
Асыл мурас............................................ 73
Бир бүркүм............................................ 74
Тагдыр трагедиясы............................................ 75
Эки ашыктын акыркы түнү............................................ 81
Сагынган жаз кайра келди............................................ 93
Кеч келген жаз жамгыры............................................ 96
Үч күндүк тозок............................................ 126
Ала дөбөттүн сүйүүсү............................................ 191

Мураталы Турдубаев

ЧЕРТИЛБЕЙ КАЛГАН КОМУЗ

Редактору *Б. Жумагулов*
Калыптоочу *Ү. Иманкулов*

Басууга 18.11.2024-ж. кол коюлду.
Форматы А4. Нускасы 300.

Кырсекон БИ басылды.
Бишкек ш.. Кен-Суу к., 78.



КРнын Улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү, жазуучу журналист, КРнын журналисттер союзунун мүчөсү, "Мыкты калемгер", "Журналисттер Союзунун лауреаты" кыргыз тил коомунун төш белгилери жана КРнын Акыйкатчысынын Ардак грамотасы менен сыйланган.